**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

УДК: 902.6 (575.2) (043.3)

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович**

# ОРУСИЯЛЫК АРХЕОЛОГ Ю. С. ХУДЯКОВДУН КЫРГЫЗ ТААНУУГА КОШКОН САЛЫМЫ

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши**

Илимий жетекчиси: тарых илимдеринин доктору, профессор
Чороев Тынчтыкбек Кадырмамбетович

**Бишкек – 2022**

## МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ**………………………....……………………......................3

**I БАП. Ю.С. ХУДЯКОВДУН КЫРГЫЗ ТААНУУ ИЛИМИ БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХНААМАСЫ**

1.1. Ю.С. Худяковдун илимий, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарых наамасы.......................................................................................................10

1.2. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый этностук, маданий жалпылыктарынын тарыхнаамасы ............................................................23

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети ...................................34

2.2. Профессор Ю.С.Худяковдун өмүр таржымакалын жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган булактар.....................................................39

2.3. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору......................................42

**III БАП. ПРОФЕССОР Ю.С. ХУДЯКОВ КЫРГЫЗ ТААНУУЧУ**

3.1. Профессор Ю.С. Худяков илимпоз, педагог, устат.............................48

3.2. Ю.С. Худяковдун орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын талаш маселелерине көз карашы...........................................................................71

3.3. Ю.С.Худяков кыргыздардын согуш өнөрүн жана курал-жарактарын изилдөөнүн чебери.......................................................................................116

**КОРУТУНДУ** ...........................................................................................141

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**..................................................................................................149

**ТИРКЕМЕ** ...................................................................................

Глоссарий (сөздүк) ......................................................................................178

Сүрөттөр......................................................................................................180

## КИРИШҮҮ

**Иштин актуалдуулугу**.

Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкен соң, жана мурдагыдай бир гана партиянын идеологиялык үстөмдүгү жана расмий цензурасы биротоло жоюлгандан кийин Кыргызстандын бардык тарыхый баскычтарын калыс бейтарап изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн арасында кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына чоң салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн жаралган шарттар да бар.

Дал ушул жаңы кырдаалда постсоветтик кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча алгылыктуу илимий изилдөөлөр аткарылып жатат. Ошентсе дагы кыргыз тарыхындагы айрым маселелер боюнча айырмалуу көз караштар, талаш-тартыштар дагы эле улантылып жатат. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер өзөктүү талаш-тартыш чордонун түзүп келет.

Байыркы жана орто кылымдардагы тарыхый баскычтарды алганда, маселен, кыргыз улутунун тарыхынын байыркы башаттарынын кайсы доорго жана кылымдарга барып такалгандыгы жөнүндөгү суроо да олуттуу коюлууда. Маселен, кытайлык профессор Ю Тайшандын эң соңку ачылыштарына ылайык [223, Б. 1-5], “кыргыз” этнониминин жана кыргыздардын тарыхый жазмаларда эске алынышы б.з.ч. X кылымга, Батыш Чжоу династиясынын доорунда бийлик кылган Му-ван деген падышанын дооруна байланыштырылып, тарыхчы Сыма Цян тарабынан эскерилген б.з.ч. 201-жылдан дагы 800 жылдай байыркы болуп сунушталды.

Бул ири ачылышка чейин эле байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын жалпы Ички Азия, Түштүк Сибир (Энесай) жана Теңир-Тоодо байырлагандыгы тууралуу ар кыл илимий гипотезалар кызуу талкууга алынып келген.

Энесайдагы кыргыздар менен Теңир-Тоодогу кыргыздардын тарыхый жалпылыгына, “кыргыз” этнониминин келип чыгышы маселелерине, Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу жана аларга чектеш аймактардагы кыргыздардын этностук-маданий, мамлекеттик-саясий, аскердик тарыхына байланыштуу маселелерди, археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келген, чыгаан инсан — орусиялык археолог жана тарыхчы, Орусия Федерациясынын Илимдер академиясынын Сибир бөлүмүнүн Археология жана этнография институтунун жетектөөчү илимий адиси, Новосибирск мамлекеттик университетинин Гуманитардык факультетинин Археология жана этнография кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков (08.12.1947 – 24.12.2021) болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С. Худяковдун XX кылымдын 70-жылдарынын ортосунан бери жүргүзгөн археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын комплекстүү иликтөөдө профессор Ю.С. Худяков археологиялык, жазма, этнографиялык, географиялык, тилдик маалыматтар менен бирге кыргыздардын фольклордук материалдарын дагы колдонгон.

Н.А. Аристов, академик В.В. Бартольд, С.Е. Малов, А.Н. Бернштам, С.В. Киселев, В.Я. Бутанаев ж.б. сыяктуу эле Ю.С. Худяков кыргыз таануу илимине чоң салым кошкон окумуштууларды толуктайт. Анын Улуу Кыргыз каганатынын тарыхын орто кылымдардагы кыргыздардын тарыхындагы “жылдызга кол сермеген сааты” (“звездный час”) катары баалоосу азыркы

тапта Кыргызстандын бардык тарых окуу китептеринде хрестоматиялык деңгээлде шилтеме жасалып колдонулуп келет.

Илимпоз Ю.С.Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди жаңыча тактоо да — заманбап кыргыз тарыхнаамасы үчүн актуалдуу зарылчылык болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Кыргызстандын тарыхы кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсетелет.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери:** Диссертациялык иштин негизги максаты — профессор Ю. С. Худяковдун өмүр жолунун урунттуу учурларын жана чыгармачыл ишмердүүлүгүн изилдеп, анын заманбап кыргыз таанууга кошкон салымын тактап көрсөтүү.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илими боюнча ишмердүүлүгүнүн тарых наамасын иликтөө;
- Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн изилдөө методдорун аныктап алуу;
- профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун баскычтарын жана чыгармачыл ишмердигин ар кыл өңүттө чагылдырган булактарды изилдөө;
- Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон ар тараптуу салымдарын илимий тактоо;
- Ю.С. Худяковдун өмүрүнө жана анын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети катары жалпылап чагылдыруу;
- Окумуштуу Ю.С. Худяковдун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык өмүрүнүн баскычтарын тактоо;
- профессор Ю.С. Худяковдун Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы жаатындагы эмгектерин

иликтеп, анын кыргыз тарыхынын талаш маселелерине көз караштарын иликтөө;

– профессор Ю.С.Худяковдун Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү көз карашын иликтөө;

– профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана “кыргыз” этноniминин келип чыгышын жана чечмеленишин талдоого арналган эмгектерине сереп жасоо;

– профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана аларга коңшу элдердин байыркы жана орто кылымдардагы аскер иши жана курал жарактарын изилдөөлөрүнө сереп жасоо ж.б.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы**:

- окумуштуу, археолог, кыргыз таануучу, профессор Ю.С. Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары жана илимий ишмердиги заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилденди;
- Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды.
- Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук, маданий жана башка тарыхый жалпылыктары Ю.С.Худяковдун эмгектерин талдоо аркылуу изилденди;
- “Кыргыз” этнонимин тарыхый-этнографиялык, археологиялык, лингивистикалык изилдөөлөрдүн учурдагы акыбалына илимий анализге алынды;
- Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы доордогу жана орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө кошкон салымына салыштырмалуу илимий талдоонун

негизинде алгачкы ирет диссертациялык деңгээлде жалпыланып баа берилди.

**Илимий-практикалык мааниси**: Диссертациянын илимий жыйынтыктары байыркы доордогу жана орто кылымдардагы кыргыз мамлекетинин этносаясий тарыхын, Теңир-Тоо жана Энесай кыргыздарынын этностук тарыхынын, маданиятынын, аскер ишинин, ж.б.у.с. маселелерин иликтөөгө аракет жасалды. Бул эмгектеги Теңир-Тоо, Энесай, Борбордук жана Ички Азия кыргыздардын этностук, этномаданий жана саясий байланыштарын иликтөө — кыргыз улутунун жана кыргыздарга тектеш башка түрк тилдүү калктардын жалпы тарыхын, археологиясын, этнологиясын жана этнографиясын үйрөнүү үчүн керек. Ошондой эле, изилдөөдөн келип чыккан тыянактар профессор Ю.С. Худяковдун кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү ордун жана ролун, ошондой эле, жалпы Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын тарыхын изилдөөгө кошкон бараандуу салымын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Энесай чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, заманбап окуу китептерин даярдоого көмөк берет. Ошондой эле, диссертациянын маалыматтары Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнамасы курстарын окутууда баалуу окуу материалы катары колдонсо болот. Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана чыгармачылыгын калыс жана ар тараптуу иликтөөнүн материалдары Кыргызстандагы инсан таануу тармагында да омоктуу мааниге ээ, анткени анын өрнөктүү өмүр жолу жана кеңири багыттагы чыгармачылыгы илимпоздордун улам жаңы муундарына мээнеткеч, так, калыс изилдөөлөр жүргүзүүлөрү үчүн баалуу турмуштук сабак боло алат.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Профессор Ю.С.Худяковдун мыкты окумуштуу – кыргыз таануучу болуп калыптанышына илимий мектептен сырткары ата-тегинин, үй-бүлөсүнүн таасири тийген.

2. Байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча айтылган Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары илимий негиздүү;

3. Ю.С.Худяков "кыргыз" этноними жаатындагы өз бүтүмдөрү жана орто кылымдардагы Энесай тарыхы үчүн "хакас" этноиминин профессор Л.Р.Кызласов тарабынан "байыркы этноним" катары бир беткей көз карашты таңууланышын ыраттуу сынга алуусу аркылуу "кыргыз" этноними жаатындагы орус тилдүү илимий чөйрөдөгү талкууда объективдүү турумду калыптандырууга зор салым кошкон;

4. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгын профессор Ю.С.Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелөөгө жетишкен.

5. Кыргыздардын жана башка көчмөн этностордун аскер өнөрүн, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю.С.Худяковдун саамалыктары Евразия тарыхын заманбап изилдөөдөгү, асыресе, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды иликтөөдөгү ар тараптуу мамиле болуп саналат.

6. Профессор Ю.С.Худяков Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, аскердик өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча археологиялык жана этнологиялык маалыматтарга негизделген илимий жоболорду калыптандырып, илимий мектепти (анын ичинде анын Кыргызстандагы бөлүмүн) түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**: Диссертациялык иш – байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз таануунун өзгөчө проблемалуу болгон Теңир-

Тоо жана Энесай кыргыздарынын этносаясий, этномаданий, социалдык-экономикалык ж.б. тарыхы боюнча маселелери, профессор Ю.С.Худяковдун илимий изилдөөлөрүнүнө сереп салуунун алкагында иликтөөгө алынды. Илимий иште инсан таануу багытындагы иликтөө аталган чыгаан илимпоздун жекече өмүр таржымакалынын урунттуу учурларын атайын изилдөө аркылуу жүзөгө ашырылган. Бул изилдөө заманбап кыргыз таануудагы худяков таануу багытын ачып берген башаттык салым болуп эсептелет. Демек, бул диссертациялык эмгекте Евразиянын кеңири аймактарындагы кыргыздардын жана аларга жуурулушкан же алардан жиктелип чыккан топтордун этностук тарыхы алгачкы жолу худяков таануу өңүтүнө ылайык ар тараптуу изилдөөгө алынды.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы**. Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий тыянактары, пикирлер алтыдан ашуун эл аралык илимий конференцияларда жана илимий журналдар менен жыйнактарда (Орусия, Украина, Кытай, Казакстан), бир катар республикалык илимий жыйындарда, семинарларда жана коомдук жолугушууларда апробацияланды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү**. Диссертациялык илимий иштин негизги мазмуну Кыргыз Республикасынын УАКы сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик илимий басылмаларда жана эл аралык, республикалык илимий конференциялардын жыйнактарында жарыяланган илимий макалаларда кеңири камтылды. Жалпысынан диссертациянын темасы боюнча 22 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү** коюлган милдет, максат жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн логикалык ырааттуулугу менен шартталган. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана сүрөттөр, карталар, глоссарий, видео камтылган тиркемеден турат.

# I БАП. Ю.С. ХУДЯКОВДУН КЫРГЫЗ ТААНУУ ИЛИМИ БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

## 1.1. Ю.С. Худяковдун илимий, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы

Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин кыргыз элинин жана Кыргызстандын тарыхын окуп-үйрөнүү жана изилдөө маселелери жаңы нукка бурулуп, окумуштуулардын тарыхты изилдөөгө болгон шыктануусун жаратты. Тоталитардык доордун демократиячыл багыттагы доорго алмашуусу кыргызстандык тарыхчыларга расмий цензура жок шартта Ата мекендик жана дүйнөлүк тарыхты кеңири алкакта, кылдат жана калыс, объективдүү изилдөө милдеттерин койду. Мурда чабал иликтенип келген тарыхый баскычтарды өзгөчө изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Кыргыз элинин тарыхын кайра таразалап кароодо буга чейинки тарыхнаамада калыптанып калган айрым илимий-методологиялык калыптардан баш тартып, методологиялык усулдарды кайрадан талдап чыгуу, жаңы жана мурдагы усулдарды салыштырма изилдөө да талап кылынууда.

Кыргызстандын жана Евразиядагы көчмөн жана отурукташкан калктардын цивилизациялык салымдарын жаңыча таразалап, аларга туура жана объективдүү баа берип, тарыхый окуяларды жана кубулуштарды далилдүү булактардын негизинде улам жаңыча изилдеп чыгуу зарылчылыгы күн тартибинде турат.

Мына ушундай жаңы жагдайда буга чейин кыргыз элинин жана Кыргызстандын тарыхын жана Теңир-Тоо, Энесай, Ички жана Борбордук Азия тарыхын изилдеген көрүнүктүү тарыхчылардын эмгектерине кайрылуу жана алардын изилдөөлөрүнө азыркы көз караштан талдоо, баа берүү зарыл болуп турат. Бул маселеге кайрылуу менен кыргыз таануу жаатында эмгектенген тарыхчы, этнолог, археолог окумуштуулардын бул комплекстүү

тармактагы кошкон салымдары, алардын эмгектеринин кыргыз тарыхнаамасындагы орду улам такталууга тийиш.

Постсоветтик Кыргызстанда жеке инсандардын кыргыз элинин жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү кошкон салымдары жөнүндөгү маселе заманбап тарыхнаамабызда чоң көйгөйлөрдүн бирине айланды.

Кыргызстан мамлекеттик өз алдынчалыгына жетишкенден бери кыргыз таануута чоң салым кошкон бир катар тарыхчы, археолог, булак таануучу, этнограф ж.б. илимпоздордун кыргыз тарыхын, этнографиясын ж.б. изилдөөгө кошкон салымдары тууралуу илимий эмгектер жарыяланып, айрымдары тууралуу доктордук жана кандидаттык диссертациялар корголду жана коргоого даярдалып жатат, айрымдары тууралуу китептер, жыйнактар жана салыштырма изилдөөчү макалалар жарык көрдү.

Илимпоздордун эмгектерин тарыхнааманын изилдөө объектисине айландырып, жаш тарыхчылар кызуу изилдөөлөрдү жүргүзүшүүдө. Ушуга байланыштуу алардын эмгектеринин илимий маани-маңызына, кыргыз тарыхын ар кыл маселелерин чечүүдөгү көз караштарына сереп салуу менен талдап чыгуу, максаттуу илимий маселелерге айланды.

Ошондой эле, кыргыз таануу багыты боюнча изилдеген жеке инсандардын кыргыз тарыхнаамасында орду жана ролу тууралуу бир катар изилдөөлөр жүргүзүлдү. Алсак, белгилүү окумуштуу, этнограф С.М. Абрамзондун кыргыздардын этногенездик жана башка элдер менен тарыхый-маданий байланыштарын изилдеп, Кыргызстандын территориясында тарыхый картинаны түзгөн, илимий мурастары жөнүндө Ж.Ж. Пиримбаева изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Изилдөөчү Ж.Ж. Пиримбаеванын диссертациясы С.М. Абрамзондун эмгектери боюнча биринчи тарыхый-этнографиялык комплекстүү изилдөө болуп саналат [232]. Изилдөөчү диссертациясында С.М. Абрамзондун эмгектерине талдоо жүргүзүп, өзгөчө кыргыз этнографиясынын маселелерин чечүүдөгү илимпоздун кошкон салымы жөнүндө тийиштүү тыянактарды чыгарган. Изилдөөчү Ж.Ж. Пиримбаева С.М. Абрамзондун маалыматтарына таянып,

кыргыз элинин этногенез жана этностук тарыхы боюнча айрым маселелерге токтолуп, уламыштартарга таянып, кыргыздардын уруулук курамын талдап чыккан. Илимий иште илимпоздун эмгектери аркылуу кыргыз коомундагы үй-бүлө, нике мамилелери, чарбасы, маданиятынын өзгөчөлүктөрү иликтенген.

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин тарыхын изилдеген белгилүү окумуштуу, саякатчы Ч.Ч. Валихановдун эмгектерин талдоого алган диссертациялык эмгекти Ч. Турдалиева жазган [235]. Ч. Турдалиева Ч.Ч. Валихановдун кыргыздар тууралуу жазылган этнографиялык маалыматтарынын илимий маанилүүлүгүн баса көрсөтүп белгилеген.

Кыргыз элинин этногенезин комплекстүү изилдеген окумушту Н.А. Аристовдун илимий ишмердүүлүгү дагы четте калган жок. Окумуштуунун кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү алган орду тууралуу диссертациялык ишти Р.А. Зайниев жазды. Р.А. Зайниев илимий ишинде Н.А. Аристовдун кыргыз элинин этногенезин коплекстүү изилдеген эмгектерин иликтеп чыгып, аларды ушул маселелерге тиешелүү бүгүнкү Кыргызстандын тарыхы боюнча изилдөөлөргө салыштыруу жүргүзгөн [228].

Академик Бегимаалы Жамгырчинов тууралуу иликтөөлөр эгемендик доорунда гана акырындап жанданууда [201]. Залкар илимпоздун өмүр жолун иликтөө ишинин башатында турган окумуштуу – Игорь Николаевич Грандин Изилдөөчү көрүнүктүү окумуштуу Б.Ж. Жамгырчиновдун илимий-педагогикалык жана коомдук ишмердиги жөнүндө илимий ишин коргогон [225]. И.Н. Грандин кыргыз тарыхнаамасында инсан таануу маселесине көңүл бурулбай келгендигин белгилеп, академик Б. Жамгырчиновдун илимий-педагогикалык жана коомдук ишмердигине токтолгон.

Тарыхчы-окумуштуу инсандардын илимий чыгармачылык ишмердигине кайрылуу, тарых илиминини учурдагы маанилүү маселелерине айлануу менен ага байланыштуу изилдөөлөрдү Г.Ө. Эсеналиева уланткан. Г.Ө. Эсеналиева Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер,

тарых илимдеринин доктору, профессор Өмүркул Караевдин илимий-чыгармачылык мурастарына кайрылып, окумуштуунун кыргыз жана Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхына карата айткан көз караштарынын, ой-жүгүртүүлөрүнүн айланасында изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Изилдөөчү окумуштуу Ө. Караевдин араб-перс булактарынын негизинде кыргыздардын жана Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхы боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн илимий таанып билүүчүлүк маанисин ачып берди. Ошондой илимий иште Ата Мекендик тарыхнаамадагы Ө. Караевдин моңгол доорундагы Кыргызстандагы мамлекеттик түзүлүштөрдүн тарыхы жана кыргыздардын саясый-этникалык өнүгүшү, кыргыз элинин этногенезине арналган изилдөөлөрүнүн, илимий тыянактарынын баалуу илимий-практикалык жана таанып билүүчүлүк мааниси ачып берилди [239].

Окумуштуу К.Үсөнбаевдин Ата мекендик тарых наамага кошкон салымына серепсалып, Кыргызстандын тарых илиминин калыптанышына жана өнүгүшүнө К.Үсөнбаевдин кошкон салымы тууралуу Ж.А. Дүйшеев диссертациялык эмгегин коргогон [226].

Кыргыз тарыхынын тарыхнаамасынын калыптанышына жана өнүгүшүнө чоң салым кошкон окумуштуулардын бири академик Сатар Ильясович Ильясов саналат. Академик С.И. Ильясовдун Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө кошкон салымын изилдеп, Р.Ж. Усенова кандидаттык диссертациясын жактаган [236].

Ал эми изилдөөчү К.Р. Жаныбекова хакас элинин залкар этнографы жана тарыхчысы, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, тарых илимдеринин доктору, профессор Виктор Яковлевич Бутанаев жана анын энесайлык кыргыздардын тарыхын иликтөөдөгү орчун салымдары тууралуу кандидаттык диссертациясын коргоду. Илимий иште профессор В.Я. Бутанаевдин көп жылдык изилдөөлөрүнүн негизинде енисей кыргыздарынын (Кыргыз каганатынын) саясий тарыхына, мамлекеттик түзүлүшүнө, этностук-маданий, каада-салт, үрп-адаттарына, социалдык алакаларына, экономикалык абалына, чарбалыксына анализ жүргүзүү менен,

Теңир-Тоолук кыргыздар менен тектик жалпылыктары изилденди. Изилдөөчү окумуштуунун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык тарыхын жазып, енисей кыргыздарына байланыштуу жарык көргөн эмгектеринин тарыхнаамасына саресеп салды. Кыргыз таанууда енисей кыргыздарынын VI-XVIII кк. этносаясий тарыхы, Кыргыз каганатынын калыптанышы, ээлеген географиялык алкагы, кыргыздардын локалдашуусу, байыркы тили, Кыргыз каганатындагы династиялык башкаруу системасы ж.б. илимий маселелер В.Я. Бутанаевдин илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды. Хакастардын тарыхый эс-тутумунда сакталып келген жана хакас тарыхый фольклорунда эскерилген кыргыздарга, "кыргыз" этнонимине тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр жүргүзүлдү; енисей кыргыздары менен Теңир-Тоолук кыргыздардын этномаданий, тарыхый жалпылыктары изилденди; кыргыздардын монголдордун Юань династиясынын тушундагы [1271-1368] Түмөн Кыргыз өзгөчө аймактык бирдиги иликтенди; енисей кыргыздарынын Жунгарияга көчүрүлүшү жана Енисейдеги Кыргыз мамлекетинин жашоосун токтотуусу эки тараптуу (жунгар-орус) сүйлөшүүлөрдөн соң ишке ашкандыгы изилденди [227].

Мындан сырткары чет элдик тарыхнаамаларда дагы тарых илимине салым кошкон окумуштуулардын илимий ишине иликтөөлөр жүргүзүлүп келүүдө. Алсак, тажикстандык тарыхчы С.С. Шарофуддинов академик В.В. Бартольддун IX-XV кк. тажик элинин тарыхын жана маданиятын изилдөөгө кошкон салымына арналган эмгегин диссертациялык деңгээлде изилдеген [238].

Казакстандык белгилүү тарыхчы М.К.Козыбаевдин коомдук-илимий ишмердигин иликтеген диссертациялык эмгек жазылган [234]. Ошондой эле тажикстандык академик А.М. Муктаровго [231] ж.б. тарыхчы окумуштууларга арналган эмгектер жарык көргөн.

Ал эми кыргыз тарыхнаамасында дагы да болсо тарыхчы-илимпоздордун Ата мекендик тарыхына, кыргыз таануугa кошкон изилдөөлөрү боюнча иликтөөлөр жүрүп жатат.

Көрүнүктүү окумуштуу, профессор Ж.С. Бактыгулов кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын тарыхнаамалык багытта изилдей баштаган, алгачкы окумуштуу. Ал байыркы доордон 1917-жылга чейинки Кыргызстан тарыхы боюнча маселелерди изилдеген. Илимпоз кыргыз-совет тарыхчыларынын эмгектерине талдоо жүргүзүп, алардын изилдеген маселелерине кыскача токтолгон [45]. Ал эми XIX к. экинчи жарымы XX кылымдын башындагы Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамалык маселелери боюнча окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына илимпоз Ж. Жакыпбеков талдоо жүргүзгөн [84].

Тарыхый инсандарды изилдөө, кыскача, инсан таануу багытында тарых илимдеринин доктору, профессор Токторбек Наматбекович Өмүрбеков (1955—2019) жазган докторлук диссертация 2004-жылы Бишкекте ийгиликтүү корголгон, ага чейин жана андан кийин да профессор Т.Н. Өмүрбеков бир катар баалуу илимий монографияларды жарыялап [144], ар кыл кандидаттык диссертацияларга жетекчилик кылып, өз илимий мектеби аркылуу инсан таануу тармагын жаңы негизде түптөй алган.

Тарыхый инсандардын ичинен илимге чоң салымы бар тарыхчы-окумуштуулардын өмүр жолуна жана илимий-чыгармачыл ишмердигине сереп жасоо, — Кыргызстандагы тарых илиминин учурдагы маанилүү маселелерине айлануу менен бирге, — инсан таанууга гана түрткү болуп чектелбестен, ошол эле учурда тиешелүү окумуштуулар изилдеген тарыхнаамалык көйгөйлөрдү жаңыча таразалап-баалоого да өбөлгө түзүп берүүдө.

Ал эми кыргыз тарыхнаамасында дагы да болсо тарыхчы-илимпоздордун Ата мекендик тарыхына, кыргыз таанууга кошкон изилдөөлөрү боюнча иликтөөлөр жүрүп жатат.

Чыгаан тарыхчы, археолог, кыргыз таануучу Ю.С. Худяковдун өмүр жолу, илимий, педагогикалык ишмердүүлүгү жана кыргыз таанууга кошкон салымы боюнча атайын илимий эмгектер жарык көргөн.

Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымына арналган илимий макалалардын басымдуу бөлүгү Ю.С. Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнакта жарыяланган. Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин карап жатып, илимий эмгектердин мазмунуна карап, тарыхнаамасын эки топко бөлүп кароо керек: Ю.С. Худяковдун өмүр жолу, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы жана Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон салымынын тарыхнаамасы.

Ю.С. Худяковдун өмүр жолу, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы. Кыргыз окумуштууларынын ичинен Т.К. Чороев (Чоротегин) [206] Ю.С. Худяковдун өмүр жолу, ата-теги тууралуу изилдөөлөрүн жүргүзүп бир катар илимий, публицистикалык макалаларын жарыялаган. Т.К. Чороев (Чоротегин) Юлий Сергеевич Худяковдун ата-тегин сурамжылап, баалуу маалыматтарды жарыялаган. Ал Ю.С. Худяковдун энеси Ирма Геккер-Худякова АКШдан Советтер Биримдигине ыктыяры менен келген профессор Юлий Геккердин кызы экенин тактап жазган. Ошол эле учурда окумуштуунун таятасы Юлий Геккер менен энеси Ирма Юльевнанын тагдыры тууралуу маалыматтарды кенен чагылдырган.

Ю.С. Худяковдун окумуштуу болуп калыптанышы, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча Ж. Абдиева [3], З. Ажыматов [12], А.Ю. Борисенко [62], Ж.Дүйшеев [80], К. Жусупов [88], М.Жусупова [89], К. Коңкобаев [114], М. Мамбетакун [138], Ж. Өмүрова [157], Чарлз Карлсон [218] ж.б. окумуштуулар илимий макалаларын жазышкан.

РИАнын Сибирь бөлүмүнүн Археология жана этнография институнун Омск филиалынын директору, тарых илимдеринин доктору, профессор Николой Аркадьевич Томилов Ю.С. Худяковдун Түндүк, Борбордук жана Чыгыш Азиянын калктарынын тарыхын жана археологиясын изилдөөдөгү илимий жетишкендиктерине көңүл бурат [253]. Ал Ю.С. Худяков энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын жана башка байыркы жана орто

кылымдарда Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын түрк жана монгол көчмөн элдеринин этномаданий тарыхын жана аскердик ишин изилдөөгө чоң салым кошконун баса белгилейт. Н.А. Томилов [176] Ю.С. Худяковдун жогорку билим берүү системасына кошкон салымына дагы жогорку баа берген. Ю.С. Худяков Новосибирск мамлекеттик университетиндеги окутуучулук ишмердүүлүгүнөн сырткары, ар кайсы жылдарда Россиянын башка университеттеринде – Бурят, Тоолуу-Алтай жана Хакас мамлекеттик университеттеринде, Чита мамлекеттик педагогикалык институтунда, ошондой эле чет өлкөлөрдө – Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде, С.Торайгыров атындагы Павлодар мамлекеттик университетинде археологиялык темалар боюнча лекцияларды окугандыгын көрсөтөт.

Ю.С. Худяковдун археолог окумуштууларды жана курал-жарак таануучуларды даярдоодогу салымы тууралуу Л.А. Бобров, В.В. Горбунов, А.А. Тишкин [60], О.А. Солтобаев [172], К.Ш. Табалдыев [173], Г.Ө. Эсеналиева [212] ж.б. тарыхчы, археологдор эмгектеринде белгилешет. Ю.С. Худяков Сибирде жана Борбордук Азияда анын ичинде Кыргызстанда курал-жарак мектебинин негиздөөчүсү жана жетекчиси болуп саналат. Бул илимий мектептин өкүлдөрүнүн изилдөөлөрүнүн өзгөчөлүгү Ю.С. Худяков иштеп чыккан көчмөн этникалык топтордун жана маданияттардын аскердик иштерин изилдөөнүн комплекстүү аналитикалык моделин жана ушул моделге ылайыктуу курал буюмдарын классификациялоонун принциптерин пайдалангандыгы эсептелет.

К.Ш. Табалдиев устаты Ю.С. Худяков 1989-жылы Кыргызстан жаш тарыхчылар [251] жамаатынын сентябрь айындагы биринчи экспедициясына Ю.С.Худяковдун келип, ошондон тартып устат-шакирт болуп калгандыгына токтолот. Алар энесайдагы кыргыздардын маданиятын изилдеген окумуштуунун тажрыйбасын пайдаланууну ниети менен бир канча археологиялык экспедицияларды уюштурушкан. Энесай кыргыздарынын археологиясын жакшы билген окумуштуунун – Юлий Сергеевичтин Теңир-

Тоого келип көз кырын салышы ошол мезгилдин муктаждыгы болгон. К.Ш. Табалдиевдин чет элдик окумуштуу менен иш алып барууну туура тандап алышкандыгын, кийинки Ю.С. Худяков менен бирге жүргүзгөн изилдөөлөрүндө көптөгөн археологиялык туура чечимдер кабыл алынгандыгын белгилейт [173].

Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон салымынын тарыхнаамасы.

Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын орто кылымдардагы тарыхы боюнча алдыңкы адистерден бири Өмүркул Караев, белгилүү окумуштуу, археолог Юлий Сергеевич Худяковдун эмгектерине татыктуу баа бере алган. Бул окумуштуулардын илимий көз караштарын Борбордук Азия элдеринин орто кылымдардагы тарыхы бириктирип турат. Кыргыздын туңгуч араб таануучусу Өмүркул Караев эмгектеринде мусулман булактарынын кыргыздар тууралуу бай маалыматтарын атайын булак таануу жана тарыхнаама өңүтүнөн иликтеп берсе, Юлий Худяковдун илимий изилдөөлөрү энесайлык кыргыздардын археологиясына жана тарыхнаамасына арналган объективдүү жана ар тараптуу, жаңычыл иликтөө болуп эсептелет. [38] Өмүркул Караев совет мезгилинде алгачкылардан болуп Ю. С. Худяковдун эмгектерин анализдеп, жарыялаган.

Ю. С. Худяковдун илимий ишмердигинде жеке көз карашын калыптандырып, илимий каршылаштары менен курч сын пикирди жараткан - бул “кыргыз” этнониминин келип чыгышы жөнүндөгү маселе болуп саналат. Аталган маселеге байланыштуу, Ю. С. Худяковго чейин жүргүзүлгөн тарыхый жана археологиялык-этнографиялык маалыматтардын негизинде, баалуу тыянактар чыгарылган. Бирок, ошондой болсо да эң алды менен бул маселесин изилдөө багытында булактык базаны кеңейтүүнүн зарылдыгы турган. Ю. С. Худяков өзүнүн эмгектеринде ушул маселеге кенен токтолуп, иликтөөлөрүнүн бүтүмүн чыгарган.

Айталы, окумуштуунун "Энесайдагы кыргыздар" аттуу эмгегинде, аталган даректерге талдоо жүргүзүп, “кыргыз” этнонимине байланышкан

маалыматтарды илимий коомчулукка сунуш кылган. Бул даректерди иликтөө менен Ю. С. Худяков орто кылымдардагы кыргыз тарыхын жана археологиясын изилдөөнүн булактык базасын кеңейткен жана маселени дагы терең изилдөөнүн зарылдыгын белгилеген. Юлий Сергеевичтин бул эмгегине окумуштуу Ө. Караев талдоо жүргүзүп, кыргыз элинин тарыхын изилдөөчүлөргө, тарыхты сүйүүчүлөргө жана кыргыз таанууга кызыккан жалпы окурмандар үчүн абдан баалуу эмгек катары эң жогору баалаган [96].

Тарыхчы, окумуштуу Т.Н. Өмүрбеков Ю.С. Худяковдун дээрлик 40 жылда кылган ак эмгегине атайлап сереп салып, анда анын кыргыз элинин байыркы жана орто кылымдардагы өзгөчө бай тарыхын илимий изилдөөгө өтө зор салым кошконун белгилеп, анын жасаган айрым эрдиктерине токтолгон. Биринчи эрдиги, Ю.С. Худяков көп кырдуу тарыхий булактарга таянып, хакас деген ат кытайча хяргас же “харгас” (кыргыз ) этнонимин туура эмес которуунун айынан келип чыккан жасалма ат экенин далилдегени. Экинчи эрдиги, Байыркы кыргыздардын замандаш башка тектеш элдердей эле эртелеп көчмөндөр цивилизациясын: өздөрүнө мүнөздүү өндүрүштүк чарбасын, коомдук мамилелерин, саясий системасын, материалдык жана руханий маданиятын, жазуусун, адат-нарктары менен каада-салттарын калыптандырууга кудурети жеткен эл экендигин далилдегени. Үчүнчү эрдиги, Ю.С. Худяков гана биринчилерден болуп байыркы кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн башаттарын, негизги этаптарын илимий өңүттө тактап бере алды. Төртүнчү эрдиги, башкалардан кескин айырмаланып,эрки темирдей бекем илимпоз илимий изилдөөлөрүндө кыргыздардын көз каранды эместик үчүн күрөштөрүнө, эл башы чыгаан инсандардын ролуна, элдик дипломатиясына, элчилик өнөрүнө көбүрөөк көңүл бөлөөрү белгилүү. Бешинчи эрдиги, кыргыз тарыхнаамасындагы талаш–тартыштуу татаал маселелердин бири - кыргыздардын эзелки мекени тууралуу маселеге Ю.С. Худяков өзгөчөлөнгөн көз карашын айта алды. Ал жазуу жүзүндөгү тарыхый булактардын жана археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде кыргыздардын эң эзелки мекени Чыгыш

Теңир Тоонун этегинде: Боро-Хоро тоо кыркасы менен Дзосотын-элисун чөлүнүн аралыгындагы кеңири мейкиндикте, Манас өрөөнүндө орун алган деген оюн айткан. Алтынчы эрдиги, адистешкен археолог катары байыркы кыргыздарга таандык археологиялык маданияттарды аныктоо, материалдык маданияттын эстеликтерин: курал-жарактарын, эмгек куралдарын, ар кандай буюм-тайымдарын, эмеректерин, тургун жайларын табуу-иликтөө боюнча алигиче алдына киши сала элек [154].

Тарыхчылар А. Асанканов, В.Я. Бутанаев, Т. Кененсариев Ю.С. Худяковду энесайлык жана алтайлык кыргыздардын, түрктөрдүн дегеле Борбордук Азиянын элдеринин орто кылымдагы курал-жарактарынын комплекси, аскердик иши, аскердик искусствосу, аскердин образы ж.б.у.с. маселелерди археологиялык казуулардын негизинде терең жана ар тараптан изилдеген окумуштуу катары терең сыпатташат. В.Я. Бутанаев 1975-жылдан бери Ю.С. Худяков кыргыздардын аскер өнөрүнө арналган бир катар эмгектерди жарыялагандыгына көрсөткөн [68]. Белгилүү тарыхчы, этнограф А. Асанканов Ю.С. Худяков аскердик жана согуш куралдарын изилдөө аркылуу Борбордук Азиянын элдеринин ортосундагы саясий, маданий жана социалдык-экономикалык байланыштарды көрсөткөндүгүн белгилейт [43].

Ал эми тарыхчы Т. Кененсариев Ю.С. Худяковдун энесайлык кыргыздардын курал-жарактарына берген мүнөздөмөлөрүн карап чыгып, орто кылымдардагы кыргыздардын курал-жарактарынын көпчүлүгү “Манас” эпосунда берилген жоо-жарактарына туура келет деп белгилеген. Анын пикиринде Ю.С. Худяков кийинки изилдөөлөрүндө эпостогу маалыматтарга маани бере баштаган жана көптөгөн параллелдерди келтирген. Ю.С. Худяковдун энесайлык кыргыздардын курал-жарактары менен “Манас” эпосундагы маалыматтарды салыштыруусуна көңүл буруп карай турган болсок, Ю.С. Худяковдун изилдөөлөрү кыргыз элинин негизги фольклордук булагы “Манас” эпосунда негиз табат. Эпостогу маалыматтардын негизинде, Ю.С. Худяковдун тарыхый изилдөөлөрүнө таянып, кыргыз жоокеринин курал-жарагын так сүрөттөөгө болот. «Манаста» кыргыз жоокерлеринин

курал-жарактары көркөм түрдө кеңири сүрөттөлүп, согушта колдонулушу, жасалуу процесси чагылдырылган. Ал эми фольклордук бул маалыматтар көрүнүктүү кыргыз окумуштуусу Ю.С.Худяковдун изилдөөлөрүнүн илимий ишенимдүүлүгүн дагы бир жолу тастыктайт [103].

Кыргыз этносунун этникалык тарыхын изилдөө багытында айрыкча олутту салым кошкон окумуштуулардын көч башында профессор Ю.С. Худяков турат. Айрыкча, анын түйүндүү пролемаларды изилдөөдө археологиялык материалдарды колдонушу, кыргыз тарыхынын талаш маселелерин чечүү мүмкүнчүлүгүн айгинелейт. Ю.С. Худяковдун кыргыз этносунун этногенез маселесине арналган иликтөөлөрүнө М.Ч. Кожобеков [112], Т.К. Чороев (Чоротегин) [207], Ж.О. Өмүрова [157] ж.б. окумуштуулар баа беришкен.

М.Ч. Кожобеков профессор Ю.С. Худяковдун кыргыз этносунун этникалык тарыхын изилдөө багытында жүргүзгөн изилдөөлөрү – жазма булак менен археология илимдерин айкалыштырган жана ал маалыматтарды комплекстүү караган жаңы методологиялык нук экендигин белгилейт. Ю.С. Худяковдун кыргыз этносунун адагендеги мекенин тактоо маселесинде, алардын адегендеги локализациясын Чыгыш Түркстан аймагына жайгаштырып, ал көз карашын жактап эле эмес, аны археологиялык материалдар менен аныктоого аракет жасап келет. Ю.С. Худяков айрым окумуштуулардын кыргыз мекенин Батыш Монголиядагы Хяргяс-Нор көлүнүн аймагына жайгаштыруусуна кошулбастан альтернативдүү көз карашын сунуш кылып келет. Монголиянын Түндүк-Батыш аймагында археологиялык иликтөөлөрдү жүргүзгөн новосибирскилик археолог Ю.С. Худяков да бул аймакта кыргыздардын эрте доорго тиешелүү эстеликтери табылбагандыгын белгилеген. Балким, Хяргяс-Нор көлүнүн Кыргыз аталышын алышы, кыргыздардын орто кылымдын орто чениндеги Борбордук Азияга үстөмдүк алган мезгилине дал келиши да мүмкүн. Ошондуктан лингвистикалык

уйкаштыкка таянып алыска кетчү жоромол жасоого тарыхый фактылар жетишсиз экендигин белгилей кетиш абзел [112].

Кыскача корутундуласак, Ю.С.Худяковдун эмгектерин изилдөө тарыхы анын аз убакытта көп тарамдуу археология, курал-жарак таануу, кыргыз таануу, түркология, монгол таануу, сибир таануу жана башка адистиктери үчүн баалуу болгон арбын эмгек жараткан окумуштуу экендигин тастыктайт.

Жалпысынан, ал советтик археолог жана түркологдордун мыкты мектебин өздөштүрүп, постсоветтик доордо өз алдынча илимий мектеп курууга жетишкен ири окумуштуу катары иштиктүү эмгектенгендиги, анын эмгектерине карата колдоо жана сын пикирлер камтылган ири адабият аркылуу айгинеленет.

Ошентип, өткөндүн тарыхын жана маданиятын изилдеген окумуштуунун өмүр жолун жана чыгармачыл мурасын, учурдагы изилдөө — Кыргызстандын тарых илиминин багыттарынын бири болуп калды.

Ошондуктан чыгаан кыргыз тарыхчылары Осмонаалы Кыдык уулу Сыдыков, Белек Солтоноев, кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтур, кытайлык кыргыз таануучусу Мамбеттурду Мамбетакун, башкыр кыргыз таануучулары Ахмед Зеки Велиди Тоган, Равил Кузеев, өзбек чыгыш таануучусу Бөрү Ахмедов, француз кыргыз таануучусу Реми Дор, немис манас таануучусу Карл Райхл, кытай кыргыз таануучулары Мухаммед Ху Чжэнхуа, Ю Тайшан, казакстандык кыпчак таануучу Булат Көмеков (Кумеков) ж.б. жөнүндө инсан таануу багытында изилдөөлөр Кыргызстанда да улантылышы керек.

## 1.2. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый этностук, маданий жалпылыктарынын тарыхнаамасы

Чыгаан кыргыз таануучу, археолог, профессор Юлий Сергеевич Худяков илимий эмгектери аркылуу Орусия Федерациясына жана Кыргызстанга гана таанымал окумуштуу эмес, аны дүйнө жүзүндө илим чөйрөсүндөгү адистер көөнөргүс эмгектеринен улам жакшы билип, таанышат. Профессор Ю. С. Худяков 45 жылдан берки илимий ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында 1500дөн ашык илимий эмгектерди (анын ичинен 30дан ашык монографияны) орус, кыргыз, англис, немис жана башка тилдерде жарыялап келди.

Анын илимий эмгектеринин мазмуну байыркы Теңир-Тоонун байыркы доордогу этностук тарыхына, Түштүк Сибирдин, Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхына, курал-жарактарына, маданиятына, диний ишенимдерине ж.б. тыгыз байланышкан.

Профессор Ю.С. Худяковдун кыргыз тарыхына жана кыргыз таанууга кошкон салымдары атактуу тарыхчылар, кыргыз таануучулар Василий Владимирович Бартольд, Василий Васильевич Радлов, Александр Натанович Бернштам, Өмүркул Караев ж.б. сыяктуу илимпоздордун иштерин андан ары уланткан баалуу баскыч болуп калды. Илимпоз Түштүк Сибирдин, Борбордук жана Ички Азиянын калкынын этностук тарыхын, курал-жарактарын, аскер ишин, маданиятын ж.б. изилдеген окумуштуулардын катарын өз шакирттери менен да толуктап келет.

Кыргыз таануучу, археолог, профессор Ю.С.Худяковдун изилдеген маселелерине анализ кылууда, алгач бул маселелерди андан мурда изилдеген башка окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн тарыхнаамасына токтолуп кетүү зарыл.

Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый этностук, маданий жалпылыктары боюнча маселелердин тарыхнаамасын изилдөөдө, XVIII

биринчи чейрегинен тартып, азыркы учурга чейинки кыргыз таануу жаатындагы илимий изилдөө иштерин талдап чыгуу керек.

Негизинен Түштүк Сибир, Ички жана Борбордук Азияда жашаган калктар, ал аймактарда табылган тарыхый эстеликтер, Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый-этностук жалпылыгы, маданий байланыштары изилдөөчүлөрдү XVIII кылымдан бери кызыктырып келет. Түштүк Сибирдин калктары боюнча алгачкы материалдарды Даниель Готлиб Мессершмидт [142], кийинчерээк академиялык II Сибирь экспедициясынын катышуучулары Герхард Фридрих Миллер [143], Иоганн Георг Гмелин [73], Иоганн Эбергард Фишер [179] жана Якоб Иоганн (Яков Иванович) Линденау [130] ж.б. топтошкон.

Орус империясынын историографы, академик Г.Ф. Миллер 1739-жылы Минусинск өрөөнүнө уюшулган экспедицияда XVII кылымга - XVIII кылымдын башындагы энесайлык кыргыздардын тарыхына таандык документтердин кеңири фондун чогулткан. Г.Ф. Миллер “Сибирдин тарыхы” эмгегинде, кыргыздардын келип чыгышы тууралуу маселеге кайрылган. Ал биринчилерден болуп, кыргыздар Теңир-Тоого Энесайдын жогору жагынан көчүп келген деген көз карашты айткан [17, Б. 86].

Г. Гмелин өзүнүн байкоолоруна жана жергиликтүү элдин айтып бергендерине таянып, кыргыз маданиятына тийешелүү болгон көрүстөн эстеликтери бар көрүстөн эстеликтерди классификациялоо сунушун берген [65, Б. 9]. И.Е. Фишер жана И.Г. Георги Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын жалпылыгы тууралуу маселени көтөрүшкөн [65, Б. 10].

XIX кылымдын башында энесайлык кыргыздардын Чыгыш Түркстанга көчүшү жана алардын теңир-тоолук кыргыздар менен байланышы тууралуу маселен Юлиус Клапрот жана Карл Риттердин эмгектеринде козголгон. Ю.М. Клапрот XVIII кылымда Обь жана Енисейдин аймагында жашаган кыргыздардар Чыгыш Түркстанга көчүп келишкен деп эсептейт [72, Б. 8].

Н.Я. Бичурин Теңир-Тоо жана Чыгыш Түркстан кыргыздардын байыркы мекени, алар эч жактан көчүп келбестен мурдатан ушул аймактарда

жашаган деген көз карашын билдирген [56, Б. 28]. Белгилүү казак окумуштуусу Чокан Валиханов кыргыздардын көчүп келиши жөнүндө маселеге токтолуп, кыргыздар XVIII кылымга чейин эле Тенир-Тоодо жашаган деген пикирин билдирген. Анын ою боюнча кыргыздардын бир бөлүгү IX же XIII кылымдарда Теңир-Тоого келишкен [70, Б. 54-65].

XIX кылымдын ортосунда байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар жөнүндөгү кытай булактарындагы маалыматтарды Вильгельм Шотт жалпылап чыккан [220]. Андан сырткары Борбордук Азия жана Түштүк Сибирь калктарынын тарыхы, анын ичинде жазма тарыхы, руна сымал жазманы В. Томсенден [177] кийин андан ары чечмелей алган, “уйгур жазмасы” аталып калган чыгыш түрк алфавит жазмасындагы эстеликтерди да иликтеген, “Манас” эпосунун оригиналдуу бөлүктөрүн Батыш Европага тааныткан академик В.В. Радловдун изилдөөлөрүндө [162] чагылдырылган.

Чыгыш таануучу, түркolog жана этнограф В.В. Радлов 860-жылдары Алтай, Энесай жана Чулымдагы орто кылымдардагы эстеликтерди изилдеген. Ал Түштүк Сибирдеги байыркы жана орто кылымдарга тийешелүү эстеликтерди мезгилдерге бөлгөн. В.В. Радлов биринчилерден болуп айрым казылган объекттерди кыргыз маданиятына салыштырып караган [163, Б. 58-62]. Ал Теңир-Тоодо изилдөөлөрүн жүргүзүп, кыргыздар монгол дооруна чейин же монгол доорунда көчүп келген деген бир катар гипотезаларын билдирген [164, Б. 20].

Көрүнүктүү орус окумуштуусу Николай Александрович Аристов жазган кыргыз элинин этногенези, этномаданий мамилелери тууралуу иликтөөлөр советтик тарыхнаамада “буржуазиячыл тарыхчынын эмгеги” катары бир беткей баа алып, Кыргызстанда эгемендик доорубузда гана калыс баалана баштады. Ал Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоолук кыргыздардын байланышы тууралуу оригиналдуу көз карашын билдирген. Анын оюнча, усундар да байыркы кыргыздардын бир бөлүгү болуп саналган [41, Б. 8-12]. Н.А. Аристов этнографиялык жана этникалык материалдарды анализдеп, байыркы кыргыздар усундардын жана энесайлык кыргыздардын

ата теги деген жыйынтык чыгарган. Усундар энесайлык кыргыздардан б.з.ч. III к. бөлүнүп чыккан жана Монголия жана Чыгыш Теңир-Тоонун ортосундагы аймактарда жашашкан. Б.з.ч. II к. ортосунда усундар хунндардын кысымынан улам Батыш Теңир-Тоого көчүшөт жана алардын союзу кулап, түрк кагандыгынын курамына кирип кеткен. Н.А. Аристов усундардын чыныгы аты “кыргыз” деп эсептеген [133, Б. 25].

1920-жылдары Сибирь жана Орто Азия элдеринде улуттук мамлекеттердин түзүлүшү менен алардын тарыхына болгон кызыгуулар күч алат.

1925-жылы Н.Н. Козьмин Минусинск аймагынын жергиликтүү калкынын “хакас” деп аталышын, орто кылымдардагы “көчмөн кыргыздарды” жана “жер иштеткен хакастарды” бири-бирине каршы коюп, чечмелегенге аракет жасаган [113, Б. 11].

1926-жылы Г.Е. Грумм-Гржимайло Борбордук Азия боюнча жазуу булактарын жалпылап чыккан. Ал кыргыздардын келип чыгышын европеоддик раса менен байланыштырат [76, Б. 395, 397].

Чыгаан тарыхчы, чыгыш таануучу, булак таануучу, түркolog, кыргыз таануучу, академик В.В. Бартольд кытай, араб, перс жана байыркы түрк булактарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды жалпылаган. Изилдөөчү 1927-жылы жарык көргөн эмгегинде [50], кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого журт которуусу жөнүндө маселени караган. Өзүнүн жалпылама эмгегинде IX-X кк. кыргыздардын Чыгыш Түркстанды басып алышы убактылуу гана болгон, ал эми кыргыздардын толук көчүшү XV кылымга таандык деген көз карашын билдирген [48, Б. 41].

1929-жылы С.А. Теплоухов Минусинск аймагындагы маданияттарды классификациялап, орто кылымдарга таандык доорго тийешелүү эстеликтер бөлүнүп алынды. Алардын арасында чаа-тас – кыргыз көрүстөндөрү, “алтайлык түрк” көрүстөндөрү, монгол дооруна чейинки жана монгол доорунун көрүстөндөрү бөлүнүп көрсөтүлгөн. [174, Б. 58].

С.В. Киселев кыргыз коомунун социалдык-экономикалык маселелерине өзгөчө көңүл бурган [106]. Ал Л.А. Евтюхова менен биргеликте IX кылымда кыргыздар аты менен кошуп көмүү салтына өткөндүгү тууралуу гипотезаны сунушташкан [81, Б. 60-67].

Кыргызстандын археологиялык эстеликтерин көп жылдар бою изилдеген тарыхчы-археолог А.Н.Бернштам кыргыздардын Энесайдан Теөир-Тоого байыркы доордон орто кылымдарга чейин көп баскыч менен көчүп барган деген көз карашын билдирген. С.В. Киселев жана Л.А. Евтюхованын кыргыздардын аты менен көмүү салтына өтүүсү боюнча көз карашын кабыл алып, А.Н. Бернштам Аламышыктагы көрүстөндү энесайлык кыргыздардын көрүстөнүнө окшоштурган [53, Б. 88].

1953-1955-жылдары Кыргызстанда кыргыздардын этногенезин жана культурогенезин изилдөө максатында Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясы иш алып барган. 1956-жылы кыргыз элинин этногенезине арналган илимий жыйын өткөрүлгөн. Жыйынга катышкан антрополог, археолог, этнограф, чыгыш таануучу, тарыхчы окумуштуулар кыргыз элинин келип чыгышы тууралуу ар кандай көз караштарын билдиришкен. Талкуунун жыйынтыгында, кыргыз эли жана анын маданияты жергиликтүү ортоазиялык жана көчүп келген борбордук азиялык ар түркүн компоненттерден калыптанган.

Археологиялык топтордун бирин жетектеп, Ак-Бешим төрткүлүн казып-изилдөөгө катышкан Л.Р. Кызласов энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этномаданий жактан бир уңгудан чыкканын көрсөткөн эч кандай белги табылган жок деп ырастады [123, Б. 104-116]. Бул археологиялык экспедициянын жыйынтыгы боюнча Энесайда кыргыздар эч качан болгон эмес, аны «байыркы хакастар» гана байырлап келген деп деген пикирин билдирген. Бул маселе боюнча В.П. Алексеев болсо антропологиялык маалыматтарды талдап келип, энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын түпкү теги бир деген божомолду колдоду [16, Б. 114-115].

Этнограф С.М. Абрамзон кыргыз урууларынын курамында түрк, кыдан жана моңгол тегиндеги этностук тайпалар бар экенин аныктады [7, Б. 31-48].

1960-жылдарда кыргыздардын этногенези боюнча изилдөөлөр дагы жигердүү уланган. К.И. Петровдун ою боюнча, б.з. I миң жылдыгынын аягынан баштап Объ дарыясынын жогорку агымын тургундап, кийин Чыңгыз тукумдарынын ич ара араздашкан чабыштарынын маалында моңголдордун кысымына кабылып, XII – XV кк. Теңир-Тоого жер оодарып кетишкен кымак-кыргыз (кыпчак-кыргыз) уруулары азыркы кыргыздардын ата-теги болгон экен. [160, Б. 47-95, 130-145] Муну менен К.И. Петров энесайлык кыргыздарды теңир-тоолук кыргыздардын түздөн-түз ата-теги катары эсептебесе да, теңир-тоолук кыргыздардын түпкү аталары Энесай кыргыздары менен этногенетикалык жагынан кандайдыр бир кыйыр байланышта болгонун жокко чыгарбайт [160 Б. 50, 122].

Кыргыз элинин түпкү теги жөнүндө Л.Р. Кызласов Л.Р. Кызласов энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын эч кандай этностук байланышы жок, эки башка эл деген идеяны активдүү колдогон [125, Б. 466-467]. Анын ою боюнча Энесайда кыргыз аттуу эл эзели болгон эмес, байыркы хакастар гана жашаган. Ал эми «кыргыз» деген ат бар болгону ошол хакастардын «башкаруучу ак сөөк уруусун билдирет». Азыркы кыргыздар «борбордук азиялык кыргыздар» деп аталган уруулардан, кезинде түрк жана уйгур кагандыгына кирген ар кошкон элдерден, алтайлык, чыгыш казакстандык уруулар менен тек-жаатчылыгы бар түрк тилдүү топтордон тараган эл болгон. [121, Б. 60].

Ө. Караевдин 1963-жылы илимий жыйнакка киргизилген “IX-XII кылымдардагы араб-перс булактары жана алардагы кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндөгү маалыматтар” деген макаласында, [140, Б. 98-118] кыргыз этногенезине байланышкан жаңы маалыматтарды илимий коомчулукка сунуш кылган. Автор ушул маалыматтардын негизинде, Чыгыш Тянь-Шань аймактары I миң жылдыктын аягы жана II жылдыктын

башталышында эле, кыргыздардын ата конушу болуп калгандыгын ырастаган пикирин айткан.

Ө. Караев б.а. IX-XII кк. кыргыздардын байыр алган жерлери, алардын уйгур, карлук, чигил, йагма, кымак уруулары, «мусулмандар» менен коңшулаш турушканы, маданиятындагы айрым өзгөчөлүктөрү тууралуу кабарлаган бир катар маалыматтар Теңир-Тоонун чыгыш тарабында кыргыздардын бир жамматы эзелтен байырлап келишкенин кашкайта ырастайт деп баса көрсөттү [92, Б. 30-93].

1961-жылы К.И. Петров монгол доорунда “кыргыз” этнонимин кабыл алган Алтайдын кыпчак уруулары Теңир-Тоого көчкөн деген көз карашын билдирген [158, Б. 17].

Бул гипотеза этнограф, тарых илимдеринин доктору С.М. Абрамзондун каршылыгын туудурган.

Кыргыз элинин этногенези маселесине Ө.К. Караев 1960 – жылдардын экинчи жарымынан – 1990 – жылдардын аягына чейин өзүнүн айрым изилдөөлөрүн арнаган. Ал К.И. Петровдун гипотезасын сынга алуу менен кыргыз элинин калыптануу процесси XI – XV к. аралыгында болуп өткөндүгү тууралуу оюн сунуштаган [97]. Окумуштуунун көз карашы боюнча енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү IX к. Чыгыш Теңир – Тоо аймактарына келген жана азыркы кыргыз элинин түзүлүшүнүн негизин түзгөн [98].

Ө.К. Караев IX – XIII к. Теңир – Тоо аймагындагы этномаданий жана саясий процесстерге енисейлик кыргыздардын катышы бар деген пикирин М. Кожобеков менен биргелешип жазган макаласында да билдирген [99].

С.В. Бахрушин [51], А. Арзыматов [39, Б. 66-68], А. Абдыкалыков [5, Б. 129], Л.П. Потаповдордун [161, Б. 11-69] эмгектеринде XVII кылымдагы энесайлык кыргыздардын тарыхы кенен анализденген.

1971-жылы С.М. Абрамзон Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук тарыхын мүнөздөгөн, этнографилык материалдарды жалпылап китеп кылып чыгарган. С.М. Абрамзон бул эмгегинде Енисей жана Тянь-Шань

кыргыздарынын жалпылыгы жок экени эбак эле белгилүү болсо дагы, археологиянын, тарыхтын, тилдин жана этнографиянын маалыматтарын тыкыр изилдегенде ачыкка чыккан алардын ортосундагы кээ бир этногенетикалык байланыштарды толук четке кагуу негизсиз экенин белгилеген [8, Б. 22].

Окумуштуу Д.Г. Савинов археологиялык табылгалардын мисалында (мисалы, Ак-Бешим шаарчасы, Или дарыясынындагы Текели шаарындагы көрүстөндөрү, Кызы-Кайнар жана Айла-Булак көрүстөндөрү ж.б.) энесайлык кыргыздардын менен Теңир-Тоодо жашаган элдердин маданиятындагы окшоштуктарды көрсөткөнгө аракет жасаган. Ошол эле учурда Л.Р. Кызласовдун Теңир-Тоодо энесайдыкына окшош эстеликтер табылган жок деген оюна кошулат. Д.Г. Савинов энесайдыкына окшош археологиялык эстеликтердин жок болушу, IX кылымдын ортосунда кыргыздардын Теңир-Тоого келген деген көз караш туура эмес деген божомолун айткан. Бирок ошол эле учурда Саян-Алтай жана Теңир-Тоонун калкынын башка байланыштары болушу ыктымалдуулугун четке какпайт [72, Б. 80].

1970-жылдардын ортосунан Түштүк Сибирдеги кыргыздардын эстеликтерин Россия илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүнүн археологдору ишке ашырып баштаган. 1975-жылдан баштап Ю.С. Худяков Минусинск аймагындагы кыргыздардын эстеликтерин изилдейт [182], [183], [193]. 1982-жылдан тартып кыргыз маданиятынын кеч орто кылымдардагы эстеликтерин С.Г. Скобелев [44], Энесайдагы эстеликтерин жана Ус дарыясынын өрөөнүндөгү кыргыздардын эстеликтерин О.А. Митько [145] изилдешкен.

Кыргыз ССРи тарыхынын академиялык басылышынын I томунда азыркы кыргыздардын этностук теги, орто кылымдардагы кыргыздар менен бирге болгондугу тууралуу илимий пикир жаңылыш көз караш катары бааланган [91, Б.49]. Анда К.И. Петровдун гипотезасынын базасында жаңы илимий көз караш түзүлүп, сунушталган.

Бул көз караш боюнча К.И. Петров белгилеген Енисей – Иртыш боюндагы кимак – кыргыз уруулары деген тезис жокко чыгарылып, Енисей боюндагы кыргыз уруулары Иртыш боюндагы кимактардын чөйрөсүнө келгенден кийин, алардын курамына толук сиңип кеткендигин айтылган [91, Б. 423-426]. Анда азыркы кыргыз эли – Алтай, Иртыш өрөөндөрүнөн чыккан кимак – кыпчак урууларынын базасында куралып, енисейлик кыргыздар менен этногенетикалык байланыштары болгон эмес деген божомолду көтөрүп чыгышкан [91, Б.423-430]. Алардын ою боюнча Теңир – Тоолук кыргыздардын “кыргыз” деген аталышы алтайлык кыпчактардын саясий этнониминен (политоним) улам пайда болгон.

Мындай пикирди 1988 - жылы болуп өткөн түркологдордун V конференциясында С.Г. Кляшторный, А.М. Мокеев, В.П. Мокрынин билдиришкен [108]. А.М. Мокеев бул ой – пикирин, өзүнүн башка изилдөөлөрүндө да уланткан [146], [147].

Түштүк Сибирдеги эң ири кыргыз таануучу этнограф катары өз илимий мектебин негиздеп келген окумуштуу, этнограф Виктор Яковлевич (Астайбек) Бутанаев [20] кыргыздардын Энесайга келиши боюнча маалымат берген этнографиялык жана фольклордук булактарды анализдеген [66, Б. 66-77].

Новосибирскилик археолог Ю.С. Худяков 1980 – жылдары енисейлик кыргыздардын тарыхын изилдөө иштерин колго алган. Ал жаңы археологиялык табылгаларды тарыхый булактардагы маалыматтарга салыштырып изилдеп, монографиялык эмгектеринде кыргыз тарыхына байланышкан ойлорун айткан.

Ю. С. Худяковдун 1980-жылы жарык көргөн [182] эмгегинде, Сибир археологиясы жана кыргыз таануу жаатында кенен иликтөөлөрүн жүргүзгөн. Ю.С. Худяков бул эмгегинде, азиялык көчмөн калктардын аскердик өнөрү жетишсиз иликтенип келгендигин белгилеп, дал ушул өңүттөн алганда Борбордук Азиянын согуштук жана саясий тарыхында көрүнүктүү ролду ойногон энесайлык кыргыздардын VI-XII кк. аскердик өнөрүн иликтөө

жалпы эле Азия көчмөндөрүнүн орто кылымдардагы аскердик өнөрүнүн тарыхын калыбына келтирүүдө олуттуу орунга ээ экендигин эскертет. Ю.С. Худяковдун бул эмгеги энесайлык кыргыздардын археологиясына жана тарыхнаамасына арналган объективдүү жана ар тараптуу болгон жаңыча иликтеген эмгек болуп саналат.

Ю.С. Худяков "Табат өрөөнүндөгү кыргыздар" деген аталышта монографиясын 1982-жылы жарыялаган. Бул эмгегинде Ю.С. Худяков IX–X кк. Кыргыз кагандыгынын мезгилин жалпы эле «кыргыз тарыхынын жылдызга колу жеткен сааты» катары эң жогору баалаган [193]. Ю.С. Худяков IX–X кк. окуялар, бүтүндөй Борбордук Азиядагы этностук тарыхтын салттык багытын өзгөртүп салды, уйгурларды кеңири аймакка чачыратты, кимак-кыпчак бирикмесинин консолидациясына жагымдуу шарт түздү, кыргыздарга Теңир-Тоо тарапка жол ачып берди, моңгол тилдүү көчмөндөрдүн дүйнөлүк аренага чыгуусунун алдыңкы доору - прелюдиясы болуп калган деген пикирин билдирген.

Ю. С. Худяков "Энесайдагы кыргыздар" [188] аттуу эмгегинде, “кыргыз” этнонимине байланышкан маалыматтарды илимий коомчулукка сунуш кылган. Бул даректерди иликтөө менен Ю. С. Худяков орто кылымдардагы кыргыз тарыхын жана археологиясын изилдөөнүн булактык базасын кеңейткен жана маселени дагы терең изилдөөнүн зарылдыгын белгилеген.

Ошондой эле Ю.С. Худяковдун В.Я. Бутанаев менен биргелешип жазылган “Енисей кыргыздарынын тарыхы” [65] монографиясы кыргыз таануу жаатында чыккан эң бир баалуу илимий эмгек катары кабыл алынды. Ю.С. Худяков илимий эмгектеринде кыргыз этносу Энесайдан Теңир-Тоого эки баскычта көчкөн деген пикирди колдогон. Биринчиси, IX-X кк. Энесайдан Чыгыш Туркестанга жана Монгол Алтайына көчүшү, II миң жылдыкта кыргыздардын энесайлык жана чыгыш түркстандык болуп эки этноско ажырашы. Экинчи баскычы XV к. чыгыш түркстандыктардын Теңир-Тоого көчүп келиши [65, Б.143].

Ю.С. Худяков, Ө.К. Караевдин көз карашын колдоп, кыргыздардын бир бөлүгү Енисей боюнан IX – X к. Моңгол Алтайы менен Чыгыш Теңир – Тоо аймактарына жер которуп келгендиги жана ушул мезгилден тартып алар енисейлик жана тянь – шандык кыргыздар болуп экиге бөлүнүп кеткендигин жазган [65].

Кыргыз элинин этногенези боюнча түздөн – түз изилдөөлөрдү жүргүзбөсө дагы, бул маселеге карата М.Б. Жамгерчинов [78], Ж.С. Бактыгулов [46] жана Т.К. Чороев [202] айрым макалаларды жарыялашкан. Соңку мезгилдерде кыргыз элинин этногенезин изилдөө багытында бир катар иштер жасалган. Бул жагдайда О.К. Каратаев бир нече илимий эмгектерин жарыкка чыгарган [100],[101]. Р.Ж. Жолдошев [86] жана россиялык изилдөөчү Р.А. Абдуманапов [6] кыргыз элинин этногенези боюнча илимий иштерди коргоп, макалаларды жарыялашкан. Акыркы мезгилде аталган проблема боюнча Т. Акеровдун [14] жана россиялык изилдөөчү В.В. Ушницкийдин [178] эмгектери жарык көргөн.

Азыркы мезгилде байыркы жана орто кылымдарда кыргыздардардын маданияты тараган аймактарды тактоо жана кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого жер которуу жолундагы кыргыз эстеликтерин табуу учурдун актуалдуу маселеси болуп калды. Бул үчүн археологиялык табылгалардан сырткары, этнографиялык, лингвистикалык, фольклордук булактарды изилдөө зарыл. Кыргыз таануу жаатындагы актуалдуу маселелерди изилдөө кыргызстандык окумуштуулардын жана кыргыз тарыхы жана маданияты боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн башка өлкөлөрдүн илимий борборлорунун күчтүү аракети менен ишке ашырылуусу шарт.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети

Кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, энесайлык кыргыздар менен теңир-тоолук кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы тууралуу изилдөөлөрдүн башатында турган же анын азыркы өнүгүүсүн камсыз кылган бир катар чыгаан орус окумуштууларынын катарында профессор Юлий Сергеевич Худяков дагы татыктуу орунда турат. Чыгаан окумуштуу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун археологиялык, кыргыз таануу, курал-жарак таануу, этнология, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган жалпы илимий эмгектери - и**лимий изилдөөнүн объектиси** болуп саналат.

Сунушталып жаткан диссертациялык изилдөөдө профессор Ю.С. Худяковдундун кыргыз таанууга кошкон салымын аныктоо үчүн— кыргыз таануу, кыргыз археологиясы, кыргыз этностук тарыхы башка сибирь таануу, түркология, Евразия көчмөндөр цивилизациясы маселелерине чиеленишип изилденген худяковдук көп тарамдуу илимий эмгектерине анализ жасап, таразалап чыгуу зарыл болду.

Диссертациялык **изилдөөнүн предмети:** профессор Ю.С.Худяковдун үй-бүлөлүк санжырасын, өмүр жолундагы жана билим алуусундагы баскычтарды, ошондой эле археолог, кыргыз таануучу, курал-жарак таануучу жана башка өңүттөрдөгү көп тарамдуу ишмердигин изилдөө жана анын кыргыз таануу илимине кошкон салымын ар тараптуу талдоо.

Ошондуктан алардын ар бирин өз алдынча сыпаттоого аракеттенелик.

Биринчиден, Ю.С.Худяковдун өмүр таржымакалын изилдөө жаатындагы мүдөөнүн предмети катары мындайча жагдайларды айрыкча көрсөтүү зарыл:

Эң алгач профессор Юлий Худяковдун атасынын теги боюнча санжыралык маалыматтарды иргейбиз. Анын ичинде окумуштуунун атасы

тарабындагы бабалары Орусиянын европалык бөлүгүндө байырлаган орус калкынан чыккандыгы жөнүндөгү биографиялык маалыматтар иргелет.

Андан соң бул бабалардын өкүлү кантип Сибирге келип орун-очок алгандыгы жөнүндөгү маалымат таразаланууга тийиш.

Сибирдеги Худяковдордун үй-бүлөсү СССРдеги кеңеш өкмөтү орногон соң, жаңы экономика саясатынын тушунда кандайча жашагандыгы, андан соң, колхоздоштуруу жана кулакка тартуу доорунда миллиондогон сибирдиктер сыяктуу эле ар кыл тагдырларга кириптер болушкандыгы жөнүндөгү маалымат иликтенүүгө тийиш.

Дал ошол доордо тагдырдын ар кыл бурулуштарына байланыштуу, Сергей Худяков ГУЛаг аталган сталиндик жазалоо лагерлер системасына кириптер болгон [221] кезеңге таандык маалыматтар изилдөөнүн предметине таандык орчун суроолордун бирине жатат.

Ал эми Юлий Худяковдун тайлары жаатындагы санжыралык маалыматтар – изилдөө предметинин башка бир өңүтүн ээлейт.

Анын таятасы Юлий Геккер өз илимий диссертациясын АКШда ийгиликтүү жактаган окумуштуу инсан болгон жана анын Биринчи дүйнөлүк согуш маалындагы жана 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин социалисттик реформаларга жан тарткан саясат жүргүзгөн бурулуш мезгилге байланыштуу биографиялык маалыматтар өзгөчөэ талданууга арзыйт.

Ю.С.Худяковдун таятасы Юлий Геккердин өз үй-бүлөсүн [246] Советтик Орусияга көчүрүп келиши, мындагы анын талаш-тартыштуу диниятчылык жана агартуучулук ишмердиги да атайын иликтөө предметинин бөлүгү болуп саналат.

Акыры, 1930-жылдардагы сталиндик репрессиялар таятасы Юлий Геккердин өзүнүн гана эмес, жубайынын жана кыздарынын башына түшкөн оор кайгылардын доору болгону да иликтөө предметинен болуп саналат.

Профессор Юлий Геккердин кызы Ирма 1941-жылы сентябрда жазыксыз жерден эч соту жок эле ГУЛагга камалып кетет да, анын сталиндик

тоталитардык жазалоо машинасы өлүм бүрккөн лагерде жашоосу иликтөөнүн кезектеги өңүтүн түзөт.

Немис тектүү сүрөтчү айым Ирма Юльевна Геккер абакта жүрүп Сергей Худяков менен баш кошуп, андан ары кыйынчылыктарды жеңип, түтүн булатып кетишкени, алардын уулдарынын бири Юлий Сергеевич Худяковдун 1947-жылы лагерде жарык дүйнөгө келгени жана башка маалыматтар да өзгөчө иликтөө өңүтү болуп саналат.

Диссертацияда археолог жана кыргыз таануучу Юлий Худяковдун өзүнүн турмушундагы бурулуш учурлар, анын ичинде илимий жетекчиге туш келиши, “кыргыз археологиясы” темасынын курал-жарактар жана аскердик өнөр багытын тандашы, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды коргошу, Кыргызстанда айтылуу археолог Ысман Кожомбердиевдин чакыруусу менен алгачкы сапарда болушу, андан кийинки Кыргызстан сапарлары, “Кыргызстан жаш тарыхчылар жамааты” (1989), “Кыргызстан тарыхчылар коому” (1995), азыркы таптагы “Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси (2012-жылдан) сыяктуу чыгармачыл уюмдар менен үзүрдүү кызматташтыгы, өз илимий салымдарынын эл аралык коомчулук тарабынан жылуу бааланышы, 70 жылдык маарекесинин Кыргызстанда расмий белгилениши сыяктуу биографиялык маалыматтар да иликтөө предметинин тиешелүү өңүттөрү болуп саналат.

Экинчиден, профессор Юлий Сергеевич Худяков археолог, курал-жарак таануучу, кыргыз таануучу, этнолог, сибир таануучу катары көп тарамдуу илимий ишмердикти жүзөгө ашырып келе жаткан илимпоз инсан болгондуктан, анын чыгармачыл дүйнөсүнө ар тараптуу үңүлүү жана сереп салуу мүдөөсү да көп тарамдуу предметтен турат:

Оболу, анын чыгармачыл ишмердигине тиешелүү булактарды жана тарыхнаамалык көйгөйлөрдү айрыкча изилдөө өңүтү күтүп турат.

Профессор Юлий Худяковдун Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук тарыхын айкалыштырып изилдөөсү да өзүнчө предметтик өңүт болуп саналат. Бул маселени чечүүдө, албетте, айрым конкреттүү талаш-

тартыш жараткан жагдайлар (байыркы кыргыздардын ата-журту Теңир-Тоонун чыгышында болду беле, же Энесайда болду беле? Деген суроо да камтылган маселелер) өзгөчө талдоого алынууга тийиш.

Албетте, совет доорунда жалпы эле түркологияга, анын ичинде кыргыз таанууга жана Түштүк Сибирдин тарыхын чагылдырууга таңууланган, илимий жоромол катары басымдуу көпчүлүк тарыхчылар тарабынан ишенимдүү түрдө четке кагылган өңүт — бул теги хакас болгон москвалык профессор Леонид Романович Кызласовдун “байыркы доорлордон тартып эле хакас эли болгон, ал эми кыргыздар алардын ак сөөк уруусу гана болчу” деген жобону профессор Ю.С.Худяковдун ырааттуу четке каккан илимий концепциясын кылдат иликтөө өңүтү болуп саналат. Бул маселе С.Яхонтов, Н.Сердобов, Ө.Караев, хакас В.Бутанаев, И.Молдобаев, Т.Чоротегин, Т.Өмүрбеков, М.Кожобеков, О.Каратаев сыяктуу башка окумуштуулардын да концепциясына салыштырып изилдөөнү талап кылаары бышык.

Профессор Ю.С.Худяковдун Евразиядагы түрк тилдүү жана башка көчмөндөр курган цивилизациянын орчун көрүнүштөрүнүн бири — курал-жарак жасоо салттары, өзгөчөлүктөрү, аскердик өнөрдү жайылтуудагы ролдору тууралуу жүздөгөн эмгектерге чачыраган материалдарын иликтөө — диссертациянын предметтик өңүтүнө жатат.

Бул милдетти конкреттүү жүзөгө ашыруу үчүн, албетте, диссертант профессор Юлий Худяковдун Энесай Кыргыз каганаты жана Улуу Кыргыз каганаты доорлорундагы кыргыздардын курал-жарактары жана аскердик өнөрүнүн эволюциясы жаатындагы археологиялык табылгалар жана жазма булак маалыматтары мол камтылган бай материалдарын салыштырып изилдеши кажет.

Бул өңүт, албетте, профессор Ю.С.Худяковдун Теңир-Тоодогу кыргыздардын аскердик өнөрү, көчмөн маданияты, диний ишенимдери, журт которуулары, Евразиядагы башка калктар менен алакалары сыяктуу предметтик өңүттөрдү удаалаш изилдөө зарылдыгын көңүл чордонуна коёт.

Албетте, профессор Юлий Сергеевич Худяков – кыргыз таанууч гана болуп чектелбестен, Сибирдин, Ички жана Борбордук Азиянын жана Ыраакы Чыгыштын археологиясы жаатында да үзүрдүү эмгектенген адис. Анын башка археологиялык тармактардагы изилдөөлөрү жана археология тармагындагы жалпылама усулдук-педагогдук эмгектери бул диссертациялык эмгекте атайын предметтик өңүт болуп кабыл алынбаса да, худяков таануунун болочокку өңүттөрү дал ушул багытты да камтуусу зарылдыгын кошумча белгилей кеткенибиз жөндүү.

Жалпылап айтканда, диссертациянын жалпы предмети жогорудагы өңүттөр камтылган санжыралык, биографиялык, библиографиялык, тарыхнаамалык милдеттерди комплекстүү жүзөгө ашыруудан турат.

**Диссертациялык иштин хронологиялык алкагы**, биринчиден, кыргыз таануу жаатында, б.з.ч. I миң жылдыктан — б.з. XVIII кк. чейинки мезгилди камтыйт, б.а. байыркы доордо жана орто кылымдардагы тарыхта белгилүү болгон Кыргыз мамлекеттеринин бардык доорлорун кучагына алат.

Ал эми инсан таануу багытын алсак, экинчиден, XIX кылымдын соңунан — XXI к. башына чейинки мезгилдеги Юлий Сергеевич Худяковдун өмүр жолунун жана чыгармачыл ишмердигинин урунттуу окуяларын кучагына алган убакытты камтыйт.

## 2.2. Профессор Ю.С.Худяковдун өмүр таржымакалын жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган булактар

Белгилүү окумуштуу Ю.С. Худяковдун өмүр жолуна жана илимий иштерине арналган тарыхый булактар маалыматтык сактоо өзгөчөлүгүнө карата бир нече топко бөлүнүп, аларга талдоо жүргүзүлдү. Изилдөөнүн негизги булактары катары профессор Ю.С. Худяковдун өздүк архиви, анын кесиптештери менен аңгемелешүүлөр жана сурамжылоолор, жазган илимий эмгектери, илимпоздун ишмердиги боюнча маалыматтык жана башка кабарлар пайдаланылды.

Изилдөөнүн тарыхый булактары төрт топко бөлүндү.

*Биринчи топко* Кыргыз таануунун ар кыл маселелерин чагылдырган Ю.С. Худяковдун эмгектери киргизилди: Вооружение енисейских кыргызов VI - XII вв. (1980), Кыргызы на Табате (1982), Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии (1986), Кыргызы на Енисее (1986), Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии (1991), Археология Южной Сибири II в. до. н. э. – V в. н. э. (1993), Кыргызы на просторах Азии (1995), Военное дело древних кочевников Южной Сибири и Центральной Азии (1995), Военное дело Кореи в эпоху раннего средневековья (1996), Вооружение кочевников Южной Сибири и Центральной Азии в эпоху развитого (1997) ж.б. эмгектери жана көлөмдүү макалалары. Аталган булактардан булак таануучулук баалуулугу, биринчиден, илимпоздун эмгектеринде кыргыз таануу багытындагы кыргыздардын этногенези, энесайлык жана Теңир-Тоолук кыргыздардын этностук, маданий жалпылыгы, кыргыздардын маданияты, аскер өнөрү, курал-жарактары тууралуу маалыматтар кенен чагылдырылат. Ал эми экинчиден окумуштуу кайсы фактыларга таянып илимий жыйынтыктарды чыгаргандыгын ачып берүүгө кенен өбөлгө түзүлдү.

*Экинчи топко* Ю.С. Худяковдун өмүр жолу тууралуу жеке архивдик документтери, кинофотодокументтер киргизилди. Бул топтогу тарыхый булактар объективдүү маалыматтардын негизинде, илимпоздун өмүр жолун,

илимий ишмердүүлүгүн чагылдырып бере алат. Мындай маанилүү булактарды Ю.С. Худяковдун жекелиги тууралуу документтери, археологиялык казуулар, чалгындоолор, илимий конференциялар ж.б. учурлардагы жашоо сүртүмдөрүн баяндаган сүрөттөрү, археологдун экспедиция учурунда тапкан табылгалары жана ошондой эле анын жеке колу менен тарткан сүрөттөрү камтылды. Бул булактар окумуштуунун өмүр таржымакалын, илимий ишмердүүлүгүн сүрөттөп көрсөтөт.

*Үчүнчү топ.* Иштин дагы бир негизги булагы катары байыркы жана орто кылымдардагы кытай жыл баяндарындагы, араб-фарсы булактарындагы жана кыргыз жазма эстеликтериндеги маалыматтар, Абул-Гази Бахадур-хан, Н.Я.Бичурин ж.б. авторлордун чыгармалары. Ошондой эле Г.Ф.Миллер, И.Е.Фишер, Н.Н.Козьмин, В.В.Бартольд, В.В.Радлов, Л.П.Потапов, С.М.Абрамзон, В.В. Бутанаев, А.Абдыкалыков, Э.Ж.Маанаев, А.Арзыматов, И.Б.Молдобаев, Т.К.Чороев, А.М.Кылычев, М.Ч.Кожобеков, Эсен уулу Кылыч ж.б. илимпоздордун эмгектери пайдаланылды. Кыргыз таануу маселелерин кароодо, тигил же бул окуяларды, кубулуштарды чагылдырган же конкреттүү тараптар аркылуу аларга баа берген булактар гана эмес, жалпылаган поэтикалык жана фольклордук чыгармалар дагы булак катары пайдаланылды. Тактап айтканда, Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу боюнча айрым изилдөөлөрү, кытайлык кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын вариантындагы “Манас” эпосундагы маалыматтар менен салыштырылды.

*Төртүнчү топтогу* булактарга Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана кыргыз таанууга кошкон салымын чагылдырган Кыргызстан менен Россиянын мезгилдүү басылмаларынын жана массалык маалымат каражаттарынын, интернет ресурстарынын жана атайын чыгарылган илимий жыйнактардын материалдары топтолду. Бул багытта “Учитель Кыргызстана” газетасына Ө. Караевдин “Ценное учебное пособие”, “Кутбилим” газетасына “Кыргыздарга кымбат тарыхчы”, “Эркин Тоо” газетасына И.С. Болджурова жана Т. Рыскуловдун “Слово о замечательном ученом”, “Кутбилим” газетасына Т.К. Чороевдин “Теги башка, дили орток аалым”, “Вечерний

Бишкек” газетасына А. Касыбековдун “Аксакал по прозвищу Капай” ж.б. профессор Ю.С. Худяковдун өмүр жолуна жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган материалдар изилдөөнүн фактылык негизин байытып берүүгө өбөлгө түзөт. Илимпоздун илимий-чыгармачылык ишмердүүлүгү, илимий көз караштарын чагылдырган, гезит беттеринде берилген маектешүүлөрү: “Кыргызстан маданияты” газетасында “Жер тамырынан эл тамыры көп”, “Заман Кыргызстан” газетасында “Тарыхтан татаал чыйырын издеп”, “Вечерний Бишкек” газетасында “Нации сильны своей индивидуальностью”, “Кут Билим” газетасына “Кыргыз журту шыктандырып турат” изилдөө жүргүзүүдө өтө маанилүү. Ю.С. Худяковдун үй-бүлөсү, ата-теги, илимий иштери тууралуу интернет ресурстарында Т.К. Чоротегиндин (Чороев) жарык көргөн материалдары илимий иштин абдан керектүү булагы болуп саналат [24]. Бирок айтылган тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүдө алардан башка тарыхый булактардан айырмаланып субъективдүүлүк көбүрөөк экенин эске алышыбыз керек. Мезгилдүү басма сөздөр менен интернет ресурстарын илимий айлампага киргизүүдө негизги көңүлдү ар бир тарыхый булактын авторлорунун коомдогу ээлеген ордун, кесибин жана билимин, материалдардын кандай тарыхый шартта же кандайдыр бир окуяга байланыштуу пайда болгонун эске алуу менен, андагы маалыматтардын илимий баалуулугун аныктоо зарыл.

Жалпысынан илимий иште коюлган милдеттерди жүзөгө ашырууда тарыхый булактар ар түрдүү мүнөзгө ээ болду. Ю.С. Худяковдун кыргыз таануга кошкон салымын ар тараптуу чагылдырган, бири-бири менен өз ара байланыштуу жана бири-бирин толуктаган тарыхый булактардын комплекси колдонулду. Аларды изилдөө үчүн дифференциялык ыкманы колдонууну менен, терең булактаануучулук анализ жасоо талап кылынды.

## 2.3. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору

Бүгүнкү күндө тарыхый изилдөөдө өзүм билемдик жана саясий конъюнктуралык менен өткөндү кайра куруудан качкан, реалдуу тарыхты чагылдырууга мүмкүндүк берген жаңы ыкмалар керек. Мындай ыкмалар биринчи кезекте тигил же бул коомдун цивилизациялык өнүгүшүнүн деңгээлин эсепке алуу менен калыс тарыхыйлуулук принцибине негизделүүгө тийиш.[214, Б. 7] Профессор Ю.С. Худяковдун өмүр таржымакалын жана кыргыз таанууга кошкон ар тараптуу илимий салымын изилдөөгө багытталган диссертациялык эмгектин башкы методологиялык негизи — тарыхыйлуулук принциби болуп саналат.

Дал ушул принцип тарыхый окуяларды, кубулуштарды жана тарыхый инсандардын ролун, тарыхый чындыкты объективдүү чагылдыруу үчүн багыттоочу кызматты аткарат.

Совет доорундагы кыргыз тарыхнаамасындагы жогортодон таңууланган айрым методологиялык принциптер (маселен, таптык көз карашка, дүйнө тарыхын беш формацияга жиктөөгө негизделген жоболор) азыркы тапта пост-советтик кыргыз тарыхчыларынын басымдуу көпчүлүгү тарабынан четке кагылгандыгын да белгилөө зарыл [208, Б. 3-8]. Биз да диссертациялык эмгегибизде марксисттик таптык көз караштан баш тарттык.

Диссертациялык иликтөөнүн методологиялык негизин дүйнөлүк жана мурдагы советтик түркология, тарых, этнография илимдеринде жетишилген жоболор, биографиялык, салттуу пикирлер, калыптанган тарыхый-салыштырма, структуралык-функционалдык анализди колдонуунун теориялык анализи, хронологиялык, салыштырма, тарыхый-этнографиялык, статистикалык усулдар түзөт.

Ошондой эле, изилдөө объектисинин өзгөчөлүгү жана коюлган максат төмөнкү ыкмаларды: социологиялык (интервью алуу); аксиологиялык жана прогноз жүргүзүү ыкмасын колдонуу зарылдыгын шарттады.

Диссертациядагы маселелерди ачып берүүдө тарыхты окуп үйрөнүүнүн жана изилдөөнүн методдору ырааттуу колдонулду.

Чыгаан окумуштуу, археолог Ю.С. Худяковдун ата-тегин, өмүр жолун, анын окумуштуу катары калыптанышын изилдөөдө, тарых илиминдеги *биографиялык ыкма* кеңири колдонулду. Окумуштуу Н.И. Смоленский *биографиялык ыкманын* зарылдыгын мыкты ачып берген. Ал: «Улуу инсандардын чыгышы бул кокустукпу же доорго, коомдогу, чөйрөдөгү шарттарга байланыштуубу?» деген суроону койгон. Анын ою боюнча, тарыхый инсандын аракеттери жана анын коомдогу орду, тарыхый шарттардын мүнөзүнө жараша болот. Ошондой эле, тарыхый инсандын калыптанышына ал жеке өзүнүн тырышчаактыгы, эрки, таланты гана болбостон, анын өз чөйрөсү дагы негизги роль ойнойт. [171, Б. 229]

Ошондой эле, Ю.С. Худяковдун ата-тегин, тай журтунун тарыхын изилдөөдө *үй-бүлөнүн тарыхын калыптандыруу ыкмасы* колдонулду. Бул ыкма XX к. ортосунда Францияда тарыхый демография жана анын ыкмасы - reconstitution des families  (үй-бүлөнүн тарыхын калыптандыруу) деген аталышта пайда болгон. Бул согуштан кийинки мезгилде эң жаңычыл дисциплинага айланган. А. Перену үй-бүлөнүн тарыхын калыптандыруу адам жөнүндөгү жаңы тарыхтын өзгөчөлүктөрүн аныктайт деген пикирин айткан. [224, Б. 24]. Үй-бүлөнүн тарыхын калыптандыруу ыкмасын колдонуу, Ю.С. Худяковдун ички адамдык демографиялык феноменинин маңызын ачып көрсөтүүдө, биринчи кезекте, адамдык иш-аракеттерин аткарууга болгон шыктануусун аныктоодо эң негизги милдетти аткарды.

Диссертациялык ишти жазууда негизги ыкмалардын бири *тарыхый-салыштырма ыкмасы* болду. И.Д. Ковальченко айткандай, тарыхый изилдөөлөрдө тарыхый-салыштырма ыкмасы мурунтан колдонулуп келет. Жалпысынан алганда салыштырма ыкмасы – илимий таанып билүүдө абдан кеңири тараган ыкма [109, Б. 126]. Илимде бир дагы илимий изилдөөлөр *салыштырмалуу талдоосуз* ишке ашышы мүмкүн эмес. Салыштыруу процессинде изилдөөгө алынган маселенин маңызы ачылып, каралып жаткан фактыларды түшүндүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Илимий иште

Ю.С. Худяковдун илимий изилдөөлөрүн, көз караштарын, пикирлерин изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуулук ыкмасы чоң роль ойноду.

*Тарыхый-салыштырма* ыкмасы аркылуу Теңир-Тоо жана Түштүк Сибир кыргыздарынын этностук, маданий жалпылыгы, “кыргыз” этнониминин келип чыгышы, кыргыз элинин аскер өнөрү, курал-жарактары жана башка орчундуу маселелерди изилдеген Ю.С. Худяковдун изилдөөлөрүн, ушул маселелер боюнча изилдеген окумуштуулардын илимий эмгектериндеги келтирилген тарыхый фактыларга салыштырып талдоого мүмкүнчүлүк болду. Тарыхый-салыштырма ыкмасынын негизинде Борбордук Азия жана Түштүк Сибир кыргыздарынын этномаданий алакалары, жалпылыктары аныкталды.

Диссертацияда жалпы маселелерге, иште каралган тарыхнаамалык изилдөөдө колдонулган айрым нускоочу ыкмаларга карата *хронологиялык* ыкма колдонулду. Каралып жаткан доорлордун хронологиялык баскычтарын так жана даана берүү үчүн, ошол доордо болгон тарыхый окуялардын, процесстердин байланышын, катышын үзбөй кароо үчүн *мезгилдештирүү* ыкмасы көмөкчү болду.

Илимий иште каралган маселенин тарыхнаамалык багытын жазууда *ретроспективдүү* ыкмага таяндык. Аталган ыкма Енисей кыргыздарынын жана теңир-тоолук кыргыздардын этностук, аскердик тарыхы жана башка маселелер боюнча изилдеген Ю.С.Худяковдун жана башка окумуштуулардын көз караштарынын, концепцияларынын, илимий изилдөө багыттарынын, ар түрдүү илимий мектептердин ортосундагы байланыштарын ачып көрсөтүүдө жана илимий эмгектердин теоретикалык, методологиялык, концептуалдык жактарын белгилөөдө колдонулду. “Кыргыз” этнониминин келип чыгышы тууралуу көз караштардын негизги маселелерин бөлүп көрсөтүүдө *проблемалык ыкма*ны жетекчилике алдык. Изилденип жаткан маселедеги алдыда дагы изилдөөгө муктаж болгон жагдайларын ачып көрсөтүүдө, *перспективдүү ыкмасы* колдонулду.

Тарыхтын тигил же бул маселелерин талдап сереп салуу тарых менен чектешкен илимдер философиянын, социологиянын, культурологиянын усулдарын-ыкмаларын колдонуу менен гана ишке аша тургандыгын мезгил көргөзүүдө. Мындай жагдай илимий изилдөөлөрдү жүзөгө ашырууда ыңгайлуу ички коммуникацияны камсыз кылаары белгилүү болду [166, Б. 58].

Тарых илиминин ыкмалары, тарыхты окуп үйрөнүүнүн жана изилдөөнүн методологиясынын актуалдуу маселелери тууралуу жарык көргөн фундаменталдуу илимий эмгектер мындан аркы изилдөөлөргө кеңири жол ачты десек жаңылышпайбыз [47].

*Структуралык-функционалдык* ыкма кээ бир окумуштуулар тарабынан сынга кабылып, айрым окумуштуулар тарабынан колдоого алынган. Себеби бул ыкма тарых илимин европалык эмес маданиятты кабыл албоо дымагынан же "жөнөкөй", "начар өнүккөн" маданият катары кабыл алуу түшүнүгүнөн арылууга жол ачкан [83, Б. 56]. Мындай мамиле байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын тийешелүү археологиялык эстеликтердин баасын төмөндөтпөй, аларды ошол доордун баалуулугу катары кабыл алууга түрткү берди.

*Тарыхый-типологиялык ыкма* байыркы доордон жаңы доорго чейинки кыргыздардын курал-жарактарын типтерге бөлүп кароодо негизги усул катары каралат.

Илимде өткөндүн тарыхый-маданий процесстерин окуп үйрөнүү үчүн *этнологияга* жана анын *ыкмаларына* кайрылабыз. Илимий изилдөөлөрдө дүйнөтаанымдын ар түрдүү концепциялары эске алынып, ар кандай маданий чөйрөдө жашаган социалдык турмуш эске алынды.

Ата мекендик гуманитардык билимдеги *структуралисттик ыкма* этнологдордун эмгектеринде белгиленген (1983-ж. чейин совет илиминде четке кагылган Клод Леви-Стросстун "Структурная антропология" эмгеги орус тилинде басылып чыккан). Бул илимий окуунун негизги өзөгү, изилдөөнүн ыкмасы катары *"этностун маданиятынын категориясы"*

эсептелинет. Натыйжада тарыхый процессте этностордун ортосунда, белгилүү бир аймакта маданий диалог [175, Б. 108] жүрөт.

Белгиленген ыкмалар тарыхый изилдөөлөрдө бирден-бир атайын колдонулган жана кеңири жайылган жалпы илимий ыкмалар болуп эсептелинет. Баарынан мурда белгилөөчү *бул системалуу ыкма* болуп саналат. Бул ыкма  илимий ишти изилдөөдө аны бирдиктүү өнүккөн система катары карап, маселеге арналган илимий көз-караштардын өнүгүүсүн, ар тараптуулугун ажыратууга мүмкүнчүлүк берди. Илимий иште борбордук азиялык жана енисейлик кыргыздар жалпы бир этномаданий теориялык картинага бириктирилди.

Аталган ыкма менен түздөн-түз органикалык түрдө байланышкан – *анализдөө ыкмасы* болуп эсептелет. Бул ыкманы пайдаланып илимий маселе – динамикалык татаал тарыхый процесстердин, өнүгүү этаптарынын, ар дайым мезгилде жана мейкиндикте өзгөрүп турган кубулуштардын, мүнөзү жана табийгаты жагынан ар кандай тенденциялардын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн системасын изилдедик.

Калктын жайгашкан аймактарынын, изилденип жаткан аймактардын тарыхый эстеликтеринин  локалдашуусун тарыхый-географиялык өңүттөн изилдөөдө *баяндап жазуу* ыкмасы колдонулду.

Белгилүү кыргыз саясат таануучусу жана тарыхчысы, профессор Аалыбек Акунов: “Соцреализмден, формасы жагынан улуттук, мазмуну жагынан социалисттик калыбынан баш тарткандар үчүн эгемендиктин алгачкы жылдарында жаңы калып даярдалган эмес, тактап айтканда модерн жана постмодернге карай даңгыр жол ылдам эле чабылган жок”, — деп айтып, андан тышкары жаңы усулдарды ылгоодо дагы эле мажүрөөлүк, ыкшоолук орун алып жатканын калыс сынга алат. — “Азыр деле кайсы бир окуянын тарыхын жазууда бихевиоризм, моделдештирүү, салыштырмалуу системалык ыкма сыяктуу заманбап технологияларды пайдалануу окумуштуулардын арасында кеңири тарабагандыктан, тигил же бул маанилүү окуя тууралуу жазганда бир жактуулук байкалып, же атайын эле

бир саясий топтун кызыкчылыгын канааттандыруу максатында коомчулуктун көңүлүн чындыкка дал келбеген маалыматтарга бурган учурлар көп кездешет”. [15, Б. 12]

Биздин баамыбызда, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун Орусия ИАсынын Сибирдеги бөлүмүндө — Новосибирск шаарында иштеп калуусу да сибирдик гуманитардык багыттагы окумуштуулардын Москвадагы кесиптештерине салыштырмалуу идеологиялык цензорлордон кыйла четтерээк байырлашынын артыкчылыктарына анын өзүнүн да ээ болушуна алып келген. Ошондуктан анын чыгармачылыгын жана өмүр жолун иликтөөдө дал ушул жагдайды салыштырма методологиялык усул менен талдоо ылайык.

Диссертациялык изилдөөдө мультимедиалык чагылдыруу ыкмасы да кеңири колдонулуп, маселен, тиркемеде берилген видео жана фото материалдар аркылуу заманбап даректик маалымат сунушталды.

Мурдатан келген салттык усулдук жетишкендиктерди заманбап технолдогиялык жана башка методдор менен айкалыштыруу аркылуу диссертацияда коюлган комплекстүү изилдөө максатын жана милдеттерин натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн олуттуу мүмкүнчүлүктөр жаралды.

# III БАП. ПРОФЕССОР Ю.С. ХУДЯКОВ КЫРГЫЗ ТААНУУЧУ

## 3.1. Профессор Ю.С. Худяков илимпоз, педагог, устат

Ар кандай тарыхый инсандын, ар кандай окумуштуунун өмүр таржымакалын үйрөнүүдөн оболу, анын таалим-тарбия пайдубалын, ал өсүп чыккан кыртышты иликтөө абзел экендиги түшүнүктүү.

Маселен, кыргыз элинин салтында өз элинин санжырасын билүү, бери дегенде жети атасына чейин сөзсүз үйрөнүү сыяктуу талаптар муундан муунга өткөн тажрыйбаны сактоо зарылдыгынын бир туюндусу болуп калган.

Диссертацияда атайын иликтенип жаткан залкар илимпоз, археолог жана кыргыз таануучу Юлий Сергеевич Худяковдун ата-тегин иликтөө анын кулк-мүнөзү, башынан кечирген турмуштук сыноолор, айлана-чөйрөгө мамилеси, коомдогу макамына карата мамилеси, умтулуулары сыяктуу маселелерди ачып берүүгө өбөлгө түзөт. Дал ошондуктан биз анын ата-теги жаатындагы маалыматтарды өзгөчө иликтөөгө аракеттендик.

Юлий Сергеевич Худяковдун чоң атасы Алексей Анисимович Худяков Орусиянын Европа бөлүгүндөгү Вятка жергесинде туулган, теги жагынан орус улутунан. Алексей Анисимович Худяковдун жубайы Дарья Тимофеевна дагы теги жагынан орустардан. Ал Чернигов облусунан болгон [210]. Алексей жана Дарья Худяковдор XX кылымдын башында падышалык Орусияда столыпиндик жер реформасы жүргүзүлүп жаткан мезгилде, Вятка жергесинен Сибирге көчүп келип отурукташып калышкан. Алар Сергей жана Валентин аттуу эки уулдуу болушат.

1930-жылдардын соңунда, Сергей Худяков (1919–1984), СССРде сталиндик жазалоолор күчөп жаткан маалда, ал тентектигинин айынан абакка түшүп калат. Сергей Алексеевич Худяков саясий эмес себептен улам ГУЛагга узак мөөнөткө кабылат. Бул жерден ал 1942-жылы келечектеги жубайы – саясий себеп менен камалган Ирма Геккер менен жолугат. [258]

Ирма Юльевна Геккер (1916-1994) (1-сүрөт) АКШдан Орусияга көчүп келген немис тектүү профессордун кызы болгон. Ирма Юльевнанын (башка вариантта – Юрьевна) толук ысымы - Ирмгардт Амалия. Анын атасы Юлий Фёдорович (Теодорович) Геккер (1881-1938) (2-сүрөт) жана апасы Елизавета Павловна Геккер (Элизабет-Шарлотте Юнкер(1888-1962) [248] ) болгон.

Юлий Геккердин ата-бабасы Пётр Биринчинин доорунда Орусияга чакырылган немис жана голланд кеме куруучу адистер менен Петербургга чогуу келген. [242]. Юлий Геккер орус жана америкалык философ, социолог жана теолог болгон. Ал 1915-жылы АКШнын Колумбия университетинде орусиялык социология тууралуу докторлук диссертациясын коргоп, философия доктору даражасын алган (илимий жетекчиси – профессор Франклин Генри Гиддингс) [206, Б. 3-30].

Философия илимдеринин профессору Юлий Геккер Советтик Россияга окутуучу катары коммунисттик билим берүү системасын өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн. Ошол эле тапта СССРде христиан илим чөйрөсүн реформалоону колдогон. [258] Анын философиялык көз караштарынын ачык сынчысы диний ойчул, марксизмдин мурдагы тарапташы, орус экзистенциализм жана персонализминин өкүлү Николай Александрович Бердяев (1874-1948) болгон. Ал Ю. Геккерди христианчылыктын руханий жана мистикалык жактарын түшүнбөйт жана көрбөйт деп мүнөздөгөн. [243] 1934-1935-жылдар аралыгында Ю. Геккер Улуу Британияга жана АКШга илимий сапарга чыгып келген. 1935-жылдын февраль айынын башында Юлий Геккер Москвага кайтып келет. Ал кайтып келгенде Москва мамлекеттик университетинин философия институту мурдагы кызматташуу жөнүндөгү келишимден баш тартат. Ал үчүн “Интуристте” гана жумуш табылат. 1937-1938-жылдары Ю. Геккердин АКШга баруусуна тыюу салынат. [245] 1937-38-жылдары профессор Юлий Геккерге жана анын үй-бүлөсүнө азаптарды алып келген. Юлий Геккер 1938-жылы 16-февралда “эл душманы”, “америкалык имперализмдин тыңчысы” катары камакка алынган. [249] “Ассошиейтед Пресс” агенттигинин маалымдашынча, ошол эле жылы 28-апрелде атылган.

Кыйноолордон жана башка психологиялык коркутуулардан улам ал өзү “АКШнын пайдасына тыңчылык кылганмын” деп “өз кылмышын мойнуна алууга” аргасыз болгону кийин билинген [240].

Анын жубайы Елизавета-Шарлотта Павловна да «мекен чыккынчысынын үй-бүлө мүчөсү” катары ГУЛагга кабылып, узак жылдар бою ГУЛагда жапа чеккен соң, акыры абактан акталып чыккан [241]. Юлий менен Елизавета-Шарлотта Геккердин беш кызынын (3-сүрөт) ичинен үчөө – улуусу Алиса, ортончусу Ирма жана эң кенжеси Вера – “эл душманынын” жана “тынчынын” кыздары болгондугу жана этностук келип чыгышы боюнча немис улутунан болгондугу үчүн 1941-жылы сентябрда сталиндик абактарга бейкүнөө кесилишкен [257], [244]. Ирма Сибирде айтылуу Мариинск абагында кармалган [247]. Мариинскидеги дал ушул абакта Сергей менен Ирма баш кошушкан [257] (9-сүрөт). 1944-жылы алар Вера аттуу тун кыздуу болушту.

Ирма Геккер менен Сергей Худяковдун ортончу уулу Юлий – энеси лагерден Кемерово облусуна караштуу Медвежка кыштагындагы дал ушул сүргүн жайга чыгарылганда, 8-декабрда 1947-жылы төрөлгөн.

Сергей менен Ирма эркек балдарынын улуусун “Юлий” деп таятасы профессор Юлий Геккердин атынан коюшкан.

Сергей жана Ирманын кичүү баласы Сергей 1950-жылы жарык дүйнөгө келген [28]. 1951-жылы “Чүрпө менен” деген бойок сүрөтүндө Ирма өздөрүнүн кенже уулу Сергейди тарткан. (5-сүрөт).

Ирма Геккер-Худякова Иосиф Сталин өлгөндөн кийин гана, 1950-жылдардын экинчи жарымында, Н.С. Хрущевдун мезгилиндеги Сталиндин керт башына сыйынууга каршы өнөктүк маалында толук акталган. [206, Б.18-20]

Боштондукка чыккандан кийин Ирманын күйөөсү Сергей Худяков көбүнесе геолог кызматын аркалагандыктан (ал геологиялык чалгын тобунун башчысынын орун басары болгон), Ирма жана балдары аны менен чогуу

Сибирдин улам башка аймактарында көчүп-конуп жүрдү. Алар Бурятияда да жашашты.

Сергей Алексеевич жана Ирма Юрьевна эки уулуна жана бир кызына татыктуу тарбия берип, эмгекчил кылып чоңойтушту. Вяткадан чыккан орус тектүү Худяковдор менен АКШдан келген немис тектүү профессор Геккердин урпагы катары профессор Юлий Сергеевич Худяков ар дайым чыдамкайлыгын, тырышчаактыгын, тактыгын, мээримдүүлүгүн, жөнөкөйлүгүн жана башка адамгерчилик сапаттарын айгинелетип келет. Анын мыкты сапаттарына өз ата-теги болгон эки элдин тең өкүлдөрүнүн болгондугу жана ата-энесинин башынан кечирген окуяларынын таасири тийген.

Худяковдордун үй-бүлөсүндө бала тарбиялоодо Ирма Юрьевнанын ролу абдан чоң экенин Юлий Худяков ар дайым баса белгилейт. [211]. Алардын энеси сүрөттү мыкты тарткан жана колунан көөрү төгүлгөн уз аял болгон. (4-сүрөт) Ирма өз чыгармалары аркылуу да балдарын шыктандырган. Маселен, анын “Жаш археолог”(6-сүрөт) деген 1972-жылкы боёк чыгармасы уулу Юлийге арналган жана анда өз уулунун бейнесин сүймөнчүлүк менен чагылдырган. [258]. Айрым археологдор өз схемаларын жана сүрөттөрүн тарттыруу үчүн атайын сүрөтчүлөрдү жалдоого аргасыз. Ал эми тубаса шыктуу Юлий болсо бала чагынан эле сүрөт жандуу өсүп, кийинчерээк, археологиялык табылгаларын кагазга түшүрүүдө өзүн-өзү камсыз кылып жүрдү.

Ю.С. Худяков энесинен мурасталган сүрөт тартуу өнөрүн өмүр бою өз ишинде ийгиликтүү колдонуп келген. Бир жолу Юлий Худяков Кытайда эл аралык экспедицияда жүрүп, Чыгыш Түркстандын аймагындагы Шинжаң-Уйгур автоном районунундагы музейлерде фотоаппарат менен кирүүгө уруксаат болбогондуктан, кытайлык музейлердеги кыргыздарга тийешелүү экспонаттардын сүрөттөрүн колу менен баракка тартып алганга жетишкен [102]. Ошондогу энесинен үйрөнгөн өнөрү абдан чоң жардам бергенин Ю.С. Худяков кийин дагы сыймыктануу менен айтып жүрдү.

Юлий дээрлик 8 жашка чыкканга чейин анын энеси улам ГУЛагдын бийликтерине катталып, текшерүүдөн өтүп турган. Демек, Юлий, эжеси Вера жана иниси Сергей бала чагында ГУЛагдагы эрксиз үй-бүлөнүн балдарынын ачуу турмушунун даамын кыйла эле сезишкен [62].

Ошол эле учурда, Юлий Сибирдеги чакан этностордун катаал тагдырын башкалардан алда канча көбүрөөк аңдаган десек да болот. Демек, аларга карата жасалган текеберлик мамилени ал "эл душманы" болгон энесинин уулу катары өз керт башынан кечирген.

Атасы геолог болуп, Байкалдын ар кыл тараптарын, Саян тоолорун көп кыдыргандыктан, Юлий да Түштүк Сибирдин ар башка жактарын жаштайынан кезген.

Юлий бала-чагынан тартып эле байыркы тарыхка жана маданиятка кызыга баштаган. Жаш чагынан абдан жакшы сүрөт тарткан жана аскер өнөрүнө кызыккан. Өзүнөн кичүү бир тууганы Сергей экөө байыркы аскерлердин сүрөттөрүн тартып, тарыхый салгылаштарды туурап ойношчу.

Юлийдин археологияга болгон кызыгуусу алтынчы класстан башталды. Ошол мезгилде мектеп китепканасынан ал Жакынкы Чыгыш жана Орто Азия өлкөлөрүнүн археологиясы жөнүндө К. Керамдын, А. Амальриктин, А. Монгайттын жана башка авторлордун илимий-популярдуу китептерин окуп чыккан. Бул китептерде окумуштууларга байыркы Египеттин, Месопотамиянын жана Орто Азиянын тарыхындагы ак тактарды толтурууда археологиялык казуулардын жардам бергендиги тууралуу кызыктуу маалыматтар айтылган [149, Б. 6-14].

Белгилүү археологиялык ачылыштардын ичинен Кара Деңиз боюндагы жана Алтайдагы скифтердин көрүстөндөрү эскерилген. Ошондой эле жазуучу В. Яндын тарыхый повесттерин жана романдарын окушу жана сүрөтчү-баталисттер В. Васнецовдун жана В. Верещагиндин тарыхый темадагы сүрөттөрү менен жана П. Билибиндин балдар үчүн китептерди кооздогон иллюстрациялары менен таанышышы өткөн окуяларга кызыгуунун жаралышына түрткү болгон [63, Б. 26-41].

Мектепте окуп жүргөн мезгилинде Юлий мектеп музейинде иштечү. Археологияга болгон кызыгуусунун артышына атасынын геология адиси болгондугу, анын экспедициялары жана Сибирдин ар кандай кызыктуу жерлерин кыдыруу дагы чоң рол ойногон [149, Б. 6-14].

1965-жылы Ю.С. Худяков Бурятиянын Тункин өрөөнүндөгү Кирен (Кырен) кыштагында кечки орто мектепти аяктаган [206, Б. 20]. Бурятча "Хэрэн" деп аталган бул кыштак азыркы тапта Бурятия Республикасынын Тунки н районунун акимдик башкаруу борбору болуп саналат. Мында азыр болжол менен 5 миңден ашуун тургуну бар. Падышалык Орусиянын доорунда мында Тункин өрөөнүндөгү буряттардын бутпарастык чордону жайгашкан.

Орто мектепти аяктаган соң, Юлий Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ю.С. Худяков Хабаровскта Ыраакы чыгыш аскердик аба күчтөрүндө кызмат өтөгөн. Бир кезде ГУЛагда болгон ата-эненин уулу үчүн советтик куралдуу күчтөрдө кызмат кылуу да символдук мааниге ээ болсо керек.

Аскердик кызматын өтөп келип, 1969-жылы ал Новосибирск шаарында орун алган Новосибирск мамлекеттик университетинине (НМУ) окууга тапшырган. [204, Б. 3-4].

Юлий жаш кезинен эле өзүнүн каникулун талаа жергесинде өткөзчү, бул болсо эч нерсе жок талаада, чаңда иштөө дегендик эле. Ошентип, Юлий акырындап археологияга кызыга баштагандыктан, Новосибирск университетинин Гуманитардык факультетиндеги тарых адистигин тандаган [102].

Новосибирски шаарынын "Академиялык шаарча" («Академ городок») аттуу булуңунда жайгашкан окуу жайында мурдагы СССР Илимдер академиясынын (азыркы Орусиянын Илимдер академиясынын) Сибирь бөлүмүнүн багыттоочу илим-изилдөө институттары азыркыга чейин жигердүү иш-аракет кылып келет.

Бул жогорку окуу жай СССРдеги либералдык көз караштар ачык айтылган ЖОЖдордун биринен болгон. [242]

1969-жылдын август айында студент болуп кабыл алынгандан кийин эле Ю.С. Худяков өмүрүндө биринчи жолу СССР Илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн Тарых, филология, философия институтунун (ТФФИ) Алтай археологиялык отрядынын курамында экспедицияга барган.

Экспедицияда ал тажрыйбалуу археолог, Урал жана Сибирдин байыркы маданиятын изилдөөчү Елизавета Михайловна Берс айымдын жетекчилиги астында иштеген. Ал Алтайдагы айтылуу афанасьев маданиятына тийешелүү Куюм көрүстөнүн казууда, Борбордук Алтайда Катун жана Урсул дарыяларынын өрөөндөрүндө чалгындоо иштерин жүргүзүүгө катышкан [26, Б. 6].

Бул экспедицияда Ю.С. Худяковдун мурунку геологияда иштеген тажрыйбасы, энеси Ирмадан мурасталган сүрөт тартуу, план түзүү жөндөмдөрүнүн абдан пайдасы тийди. Юлийдин окуусу башталгандан тартып эле Е.М. Берстин сунушу менен, аны Тарых, филология, философия институтуна археологиялык казуулар жөнүндө илимий отчетту даярдоо үчүн убактылуу ишке алышкан. [149, Б. 6] Бул болуп өткөн окуялар Юлийдин болочокто археология менен алектенүүсү тууралуу чечимин биротоло тастыктады.

Университетте окуп жүргөндө Ю.С. Худяковго Н.Н. Покровскийдин Орусиянын тарыхы, айтылуу археолог А.П. Окладниковдун байыркы көркөм өнөр, В.А. Коневдин коомдун өнүгүү теориясы жөнүндөгү дарстары абдан чоң таасир калтырган.

Бул окумуштуулардын ичинен Кыргызстандын эң байыркы тарыхын абдан мыкты изилдеген Социалисттик Эмгектин Баатыры, тарыхчы, академик Алексей Павлович Окладников (1908—1981) болгон. Ал академиянын бөлүмүндө жана тарых факультетинде илимий педагогикалык ишмердүүлүгүн уюштуруп тим болбостон, коомдук иштерди дагы абдан жакшы уюштурган [77].

Академик А.П. Окладников 1966-жылдан баштап Илимдер Академиясынын Сибир бөлүмүнүн Тарых, филология жана философия институтун бир топ жылга чейин башкарган [211]. Ал негизинен студенттерди илимге тартууга басым жасаган. А.П. Окладников студенттерди илимий конференцияларга катыштырып, эң алгачкы баяндамаларын жана макалаларын жарыялоого жардам берген. Ал Кыргызстандын байыркы доорго таандык эстелигин ачкан окумуштуулардын бири болуп саналат. Ал изилдөөлөрүндө теңир-тоолук жана энесайлык кыргыздардын тарыхын түпкүлүгү бир деп карап, тарыхый баскычтарын ар башка доорлору катары эсептеген окумуштуу болгон.

Залкар окумуштуу, ССР ИАсынын академиги, археолог А.П. Деревянко (1943-жылдын 9-январында Орусиянын Амур облусуна караштуу Козьмодемьяновка кыштагында туулган) да өз кезегинде А.П. Окладниковдун шакирти болгон. Кийинчерээк Анатолий Пантелеевич Деревянко Ю. С. Худяковдун илимий жетекчиси болгон.

Ю.С.Худяков университетте окуп жүрүп, Амур облусу, Тува, Тажикстандын Локай өрөөнүнө, Памирге болгон археологиялык экспедицияларга катышкан. Ошол күндөн азыркы күнгө чейин ар бир талаа мезгилин ал экспедиция менен өткөрөт. В.Л. Яниндин Новгород аймагындагы казуулар тууралуу дарсын уккан соң, Ю. Худяков 1972-жылы жайында студент чагында эле Орусиянын Европа жагына келип, Новгород экспедициясында да иштеди [26, Б. 6].

Белгилүү окумуштуулар менен баарлашуу, ар түрдүү эстеликтердин жана доорлордун өзгөчөлүктөрү менен таанышуу жаш окумуштуунун квалификациялуу талаа изилдөөчүсү катары калыптанышына чоң түрткү болду. Айрыкча Юлийдин илимий отчеттор жана жарыяланган эмгектер үчүн тарткан археологиялык сүрөттөрү анын насаатчыларын жана кесиптештерин абдан суктандырган.

Окуп жаткан мезгилинде Ю.С. Худяков Евразиянын талаа алкагындагы көчмөн элдердин аскер тарыхын изилдөө планын ишке ашырды. Ал

М.И. Артамонов, С.А. Плетнева, Л.Н. Гумилев, С.В. Киселев, М.И. Хазанов сыяктуу археологдордун жана тарыхчылардын, көчмөн элдердин орто кылымдардагы тарыхы жана маданияты боюнча адистердин эмгектерин окуп үйрөнүп чыккан.

1971-жылы Ленинград шаарына болгон сапарында Ю.С. Худяков М.И. Артамонов жана Л.Н. Гумилев менен таанышкан. 1973-жылдагы Саян-Тува археологиялык-этнографиялык комплекстик экспедициясынын курамында Тувага болгон иш сапар, бул тема менен иштөөнү улантууга чоң салым кошкон. Бул экспедицияга археолог Александр Данилович Грач (1928–1981) жетекчилик кылган.

Ю.С. Худяков археолог Галина Вацлавна Длужневскаянын (1946 — 2014) отрядында да иштеп, Хемчик-Бом кыргыз көрүстөнүн казуу иштерине катышкан. Ю.С. Худяков түркolog С.Г. Кляшторныйдын отрядынын курамында Тувадан Хакасияга сапар тарткан. Ага Хакас, Минусинск, Кызыл музейлеринин археологиялык фонддорунда иштегенге мүмкүнчүлүк түзүлгөн [149, Б. 7].

Музей коллекцияларындагы жана археологиялык казуулардан табылган кыргыздарга таандык курал-жарактардын сакталып калышы келечектеги курал-жарак изилдөөчүгө өчпөй турган таасир калтырган.

Юлий Сергеевич Худяков университетте окуп жүргөн мезгилинде борбордук азиялык элдердин согуштук курал-жарактарын изилдөөгө кызыгып баштаган. Ошол эле учурда эне-сайлык кыргыздардын тарыхына дагы кызыгуусу арткан. Ошентип Ю.С. Худяков бири-бирине байланыштуу энесайлык жана борбордук азиялык кыргыздардын тарыхын археологиялык материалдардын негизинде иликтей баштаган. Юлий Худяковдун диломдук иши Энесай кыргыздарынын курал-жарактары жөнүндө жазылган. Кийин бул ишти кандидаттык диссертация кылып жазган. Жаш окумуштуу энесайлык кыргыздардын курал-жарагына арналган теманын оригиналдуулугуна кызыккан [180].

Айрым окумуштуулар Юлий Сергеевич Худяковду Энесай кыргыздарынын тарыхы боюнча темадан алыстатууну көздөшкөн. Алсак, белгилүү окумуштуу, тарыхчы, профессор Л.Р. Кызласов (24.3.1924 — 24.7.2007) Москва шаарында өткөрүлгөн илимий конференциялардын биринде Юлий Худяковко жолугуп, аны аталган темадан алыстатууга аракет жасаган. Бирок, бул илимий темага кызыгуусу күчөгөн Юлий Худяков профессор Леонид Романович Кызласовдун сунушуна макул болгон эмес [211].

Ю.С. Худяков бул тармактан эч тайбастан, илимий ишин улантып, илимий конференцияларга энесайлык кыргыздардын тарыхына байланыштуу баяндамалар менен чыга баштаган. Ал Новосибирск шаарында өткөрүлгөн бүткүл союздук студенттик XI—XIII илимий жыйындарда эне-сайлык кыргыздардын тарыхына арналган илимий баяндамаларды жасаган [36].

Юлий Худяковдун XI илимий студенттик жыйында жасаган баяндамасы “Кыргыз жоокеринин уруучу куралы” [194] деп аталган. Илимге умтулган студент салттуу өткөрүлгөн бул студенттик илимий жыйындын кийинки жылкы XII жыйынына дагы “IX-XII кылымдардагы Энесай кыргыздарынын жоо-жарактарынын комплекси” деген темада илимий баяндама менен чыгып сүйлөгөн [61]. Ошентип абдан эмгекчил студент Юлий Худяков тарых илиминдеги эң маанилүү, ошол эле учурда аз изилденген темага өзүнүн илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн арнаган. Ю.С. Худяков бул тема менен иштөөдө борбордогу, Сибирдеги, Орто Азиядагы, Монголиядагы, Кытайдагы музейлерде илимий ишин жүргүзүп, орто кылымдардагы Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия көчмөндөрүнүн курал-жарактары боюнча ар түрдүү материалдарды топтоду.

Ю.С. Худяков үчүн 1974-жыл өзгөчө жемиштүү жыл болду. Жаш окумуштуу дипломдук ишин эне-сайлык кыргыздардын курал-жарактары жөнүндө коргоп, тарых факультетин аяктады. Бул тема анын түбөлүк изилдей турган темасы болуп калды [195]. Андан соң Алтай мамлекеттик университетинин проректору А.П. Бородавкиндин жардамы менен

Ю.С. Худяков Новосибирск мамлекеттик университетинин (НМУнун) максаттуу аспирантурасына тапшырды [149, Б. 6-14].

Аспирантурада окуп жүрүп, Ю.С.Худяков бир катар илимий макалаларын жарыялады жана бир канча чоң илимий конференцияларга катышты.

1974-жылы Юлий Худяков Ольга аттуу тарыхчы кызга баш кошту. Ольга Владимировна Коршунова (16.02.1952-ж., Москва шаары – 2.11.2021-ж., Новосибирск шаары) Москва шаарындагы Тарыхый архив таануу институтун аяктаган. Ал Ю.С.Худяковдун илимий-изилдөө ишине көмөктөшкөн, археологиялык экспедицияда жүргөнүндө баалай алган зайып болгон.

Юлий Сергеевич менен Ольга Владимировна эки кызды жана бир уулду тарбиялап чоңойтушту. 1974-жылы тун кыздуу болушуп, атын Алиса коюшкан. Кийинки кызы Лиза 1982-жарык дүйнөгө келген. Ал эми 1994-жылы уулдуу болушуп, Теодор деген атты ыйгарышат [204, Б. 8]. Теодор — Юлий Худяковдун таятасы Юлий Геккердин атасы Теодордун ысымы болгон.

1970-жылдардын экинчи жарымынан тартып, СССР Илимдер Академиясынын Сибирь бөлүмүнүн археологдору Түштүк Сибирдеги кыргыздардын тарыхый эстеликтерин изилдей башташкан.

Ю.С. Худяков 1975-жылы СССР ИА Түштүк бөлүмүнүн ТФФИнун Түндүк-Азиялык комплекстүү экспедициясынын Хакас отрядына жетекчилик кылган. Бул отряд Хакасия жана Красноярск аймактарында археологиялык изилдөөлөрду жүргүзүшкөн. Бул Ю. Худяковдун абдан кеңири талаа изилдөөсүн жетектеген, ошону менен бирге НМУнун Гуманитардык факультетинин биринчи курсунун тарыхчы-студенттеринин талаа-археологиялык окуу практикасын өткөргөн алгачкы тажрыйбасы болгон. [26, Б. 8]

Ошол мезгилден баштап, өмүрүнүн аягына чейин Ю.С. Худяков тарыхчы, чыгыш таануучу жана археолог студенттер үчүн жыл сайын окуу практикасын уюштуруп келди.

1975-1988-жылдардагы Минусин ойдуңундагы изилдөөлөр учурунда Энесай кыргыздарынын, кыштымдардын жана байыркы түрктөрдүн көрүстөндөрү аныкталып, казылды, ошондой эле көптөгөн курал-жарактар табылды. Ю.С. Худяков кыргыздардын аскер ишин изилдеп жатып, археологиялык казуулардан жана музей коллекцияларынан табылган курал-жарак буюмдарын чогултууну жана системага келтирүүнү камтыган курал-жарак изилдөө моделин, материалдарды түрдүк классификациялоону, курал-жарак каражаттар комплексин, аскердик уюштуруу түзүлүшүн жана аскер өнөрүн реконструкциялоону иштеп чыкты.

Новосибирскилик аспирант үч жылдык чыгармачыл мөөнөтүн өзгөчө талаптануу менен пайдаланды. Анын кандидаттык ишине академик А.П. Окладников жана анын шакирти А.П.Деревянко илимий жетекчилик кылышты. Алар тырышчаак аспирантка ар тараптуу көмөгүн көрсөтүштү.

Илимдеги монополиялык үстөмдүгүн бекемдөөгө умтулган профессор Л.Р. Кызласовдон жаш илимпоздун өз алдынча пикирин калкалоодо А.П.Окладниковдун ролу чоң болду. Ю.С. Худяков аспирантураны аяктап жатып, кандидаттык диссертациясын дагы өз мөөнөтүндө жазып бүткөн. 1977-жылы Юлий Сергеевич Худяков “VI-XII кылымдардагы энесайлык кыргыздардын жоо-жарактары” [256] деген темадагы илимий ишин ийгиликтүү жактаган. Бул теманын үстүндө иштеп жаткан учурда, материалдарды чогултууда М.П. Грязнов, А.Д. Грач, Г.В. Длужневская, А.Н. Липский, Я.И. Сунчугашев жана башка сибирдин көптөгөн археологдору ага өз көмөктөрүн бериште [149, Б. 8].

Ю.С. Худяковдун оригиналдуу кандидаттык диссертациясы 1980-жылы "VI-XII кылымдардагы энесайлык кыргыздардын жоо-жарактары" деген аталышта Новосибирск шаарында “Наука” басмасы тарабынан басылып чыкты. Бул илимий эмгек кыргыздардын тарыхы, кыргыз таануу

боюнча изилдеген окумуштуулардын назарын өзүнө бурду. Кыргызстанда жана Молдовада да бул монография өзгөчө кызыгууну жаратты [149, Б. 8].

Ал гана эмес кыргыз тарыхчылары Өмүркул Караев, Мидил Джамгерчинов ж.б. Кыргызстан Илимдер академиясынын Тарых институтунун жетекчилигин “Кыргыз ССРинин тарыхынын” (1984-ж., I том) даярдалып жаткан басылмасына Кыргыз каганатынын тарыхын кайра киргиздирүүгө көндүрүү аракеттерин кылышкан. Бирок алардын аракети ийгиликсиз болгон. Кыргыз элинин белгилүү жазуучусу, академик Түгөлбай Сыдыкбеков Кыргызстандын КП БК идеологдорун жана Кыргызстан илимдер академиясынын жетекчилигин, ошондой эле Кыргызстан илимдер академиясынын Тарых институтунун жетекчилигин кыргыз элинин тарыхынын бөлүгү болгон Энесей кыргыздарынын тарыхына жасаган мамилеси боюнча ачыктан ачык аргументтер менен сындап жазып чыккан. Т. Сыдыкбековдун каты жашыруун көчүрүлүп алынып, Кыргызстан интелектуалдарынын арасында “самиздат” сыяктуу колдон колго таркап кеткен [209, Б. 8-9].

1983-жылы археолог И.К. Кожомбердиевдин чакыруусу менен Ю.С. Худяков биринчи жолу Кыргызстанга келди. Ошондон тартып кыргызстандык окумуштуулар, археологдор жана тарыхчылар менен кызуу кызматташа баштаган. Алардын ичинен ошол кездеги жаш окумуштуу К.Ш. Табалдиев алгачкы жолу Ю.С. Худяков менен таанышкан [110]. Кийинчерээк К.Ш. Табалдыев Ю.С. Худяковдун шакирти болуп калды да, Новосибирскиде аспирантурада таалим алып, анын илимий жетекчилиги астында 1994-жылы кандидаттык диссертациясын коргоду жана учурда Кыргызстандагы таанымал археологторунун бири.

К.Ш. Табалдиев Ю.С. Худяков менен биргеликте бир катар археологиялык экспедицияларды уюштурду. Юлий Сергеевич насаатчы катары экспедицияларда шакиртине көптөгөн кеңештерин берди. Мына ошондой жыл сайын өткөрүлгөн илимий сапарлар маалында О. Солтобаев археология багыты боюнча, Юлий Сергеевичтин кийинки аспиранты болуп

калды [204, Б. 16-17]. О. Солтобаев 2018-жылы Юлий Сергеевич Худяковдун жетекчилиги менен кандидаттык ишин Бишкекте ийгиликтүү коргоду. Андан сырткары жаш кыргыз археологу Ж. Орозбекова дагы Ю. С. Худяков менен чогуу иштеп, кандидаттык диссертациясын коргоо алдында турат.

1989-2000-жылдардын аралыгында Ю.С. Худяков Кыргыз улуттук университетинин, Кыргызстан Жаш тарыхчылар жамаатынын (андан соң Кыргызстан Тарыхчылар Коомунун), Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын, Кыргыз-Герман экспедициясынын ар кыл археологиялык экспедициялык курамында Кыргызстандагы талаа археологиялык изилдөөлөрүнө байма-бай катышты [30].

1980—2019-жылдары окумуштуу тарабынан Ортоңку Энесайдагы жана Борбордук Азиядагы кыргыздардын саясий жана этностук тарыхы, маданияты тууралуу археологиялык материалдар изилденди жана жалпыланды. Ушул проблемалар боюнча окумуштуунун илимий макалалары жана монографиялары Орусияда жана Кыргызстанда чыгарылды.

Юлий Сергеевич Худяков Кыргызстандык окумуштуулардан сырткары Казакстан, Монголия, Кытайдын илимпоздору менен дагы кызматташып келет. Ал студент чагында эле казак археологу, болочокку академик Кемел Акишев (казакча Акышев; 24.5.1924 — 10.8.2003) менен таанышкан. 1980-жылдары анын чакыруусу менен Ю.С. Худяков Алматыга барып, казак археологдору менен жакындан таанышууга мүмкүндүк алат [26, Б. 9]. Ошондон тартып ал бир канча жолу Казакстанда болуп, казакстандык археологдор жана көчмөн цивилизациянын тарыхчылары менен кызматташтыкты үзбөй келди.

Ю.С. Худяков Монголияда он жылга чукул убакыт ар кандай эл аралык экспедицияларда болгон. Ал студент кезинен тааныш кесиптеши, монгол археологу Д. Цэвээндорж жана Д.Баярдын көмөгү менен көптөгөн белгилүү археологиялык эстеликтерди жана монгол музейлериндеги жана Монголия ИА Тарых институтундагы табылгаларды иликтеп чыкты.

Ал байыркы хун жана сяньби дооруна, орто кылымдарга таандык археологиялык материалдарды изилдеди, эстеликтердин кайсы этносторго таандык экендиги тууралуу маселе каралды. Ошондой эле изилденип жаткан маселелердин арасында Борбордук Азиядагы көчмөндөрдүн дипломатиялык байланыштары, маданияты жана дини тууралуу маселелер иликтенди. Ю.С. Худяковдун жетекчилиги менен монгол археологу Ц.Турбат диссертациялык ишин коргоду. Монголия ИА Археология институту үчүн археолог адистерди даярдоодо кызматташтык улантып келлди [149, Б. 9].

1980-жылдардын ортосунан тартып Ю.С. Худяков Тоолуу Алтайда таалаа изилдөө иштерин жүргүзүп келип, ошол мезгилден баштап ал Барнаул жана Горно-Алтайск шаарларынын археологдору менен кызматташа баштаган.

Ал бир эле учурда борбордук илимий изилдөө борборлорунун, жана ошондой эле Бурятия, Татарстан жана Башкыртстандын археологдору, курал-жарак изилдөөчүлөрү жана чыгыш таануучулары – Д.Д. Васильев, М.В. Горелик, В.П. Никоноров, А.А. Бурханов, И.Л. Измайлов жана башка белгилүү адистер менен илимий байланыш түзүүгө жетишет. Бул окумуштуулар менен тыгыз байланыштын натыйжасында Ю.С. Худяков палеоэкология, Борбордук Азиянын кургак зоналарында адам менен жаратылыштын ортосундагы мамиленин тарыхы, байыркы сибирди изилдөө, Орусиянын музейлеринде археологиялык табылгаларды чогултуу, рекреациялык ишмердүүлүктө археологиялык эстеликтерди колдонуу маселелери менен алектене баштаган.

Ал 1990-1991-жылдары Кытайда (Ички Азияда), Борбордук Азия аймагында ЮНЕСКО тарабынан уюштурулган эл аралык экспедицияга катышты. Ал жактан Кытайдын борбордук бөлүгүнүн жана Шинжаң, Түркмөнстан, Тажикстан, Өзбекстан, Кыргызстан, Казакстан музейлериндеги археологиялык коллекциялар менен таанышты.

Бир катар жылдар бою Ю.С. Худяков Новосибирск мамлекеттик университетинин (НМУ) Жалпы тарых кафедрасынын окутуучулары менен

жана гуманитардык изилдөөлөр лабораториясынын кызматкерлери менен биргеликте илимий долбоорлорду ишке ашырып келди. Бул иштердин жүрүшүндө Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия элдеринин маданиятынын келип чыгыш маселелери чечилип, көчмөндөрдүн арид ландшафттарын эйкуменизациялоо жүрүмдөрү иликтелген [149, Б. 5-6].

Өзгөчө комплекстүү илимий долбоорлордун алкагында коркунучтуу космостук объектилердин жерге таасир этүүсү изилденди, Чыгыш жана Борбордук Азия аймактарында табигый аномалиялар жана кырсыктардын тарыхы боюнча булактар анализденди. Аталган илимий тармак боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүдө РИА Түштүк бөлүмүнүн Математика жана эсептөөчү математика жана математикалык геофизика институттарынын жетекчөөчү адистери менен жигердүү кызматташуу менен ишке ашырылды.

Ошондой болсо дагы, Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия көчмөндөрүнүн байыркы жана орто кылымдардагы курал-жарактарын жана аскер өнөрүн изилдөө, аскер ишинин тарыхы боюнча маалыматтар базасын түзүү жана металлдан жасалган буюмдарды кайра иштетүү, табигый илимдердин методдорун колдонуу менен курал-жарактардын аткарган кызматын аныктоо Ю.С. Худяковдун илимий ишмердүүлүгүнүн башкы багыты болуп калды. Окумуштуу тандап алган багытынын негизинде 1980-жылдары борбордук азиядагы көчмөндөрдүн байыркы доордогу жана орто кылымдардардагы курал-жарактары боюнча материалдарды топтоп, бирдиктүү системага салган [60].

1982-жылы Ю.С. Худяковдун борбордук жана ички азиялык элдердин аскер ишин жана курал-жарактарын иликтөөдө чоң жаңылык болгон, "Табаттагы кыргыздар" ("Кыргызы на Табате") деп аталган эмгеги жарык көргөн [193]. Бул илимий эмгек 13 басма табак көлөмүндө болуп, Новосибирск шаарында чыккан. Окумуштуунун кийинки эмгектери 1986-жылы "Энесайдагы кыргыздар" ("Кыргызы на Енисее") [191] жана "Түштүк Сибирдеги жана Борбордук Азиядагы орто кылымдардагы көчмөндөрдүн

жоо-жарактары" (“Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии") [183] деген аталыштар менен жарык көрдү.

Ю.С. Худяков 1988-жылы “Борбордук Азия жана Түштүк Сибирь көчмөндөрүнүн аскер иши (б.з.ч. II - б.з. X кк.)” деген темада доктордук диссертациясын [255] ийгиликтүү коргоду. Эрте жана өнүккөн орто кылымдарга тийешелүү аталган аймактардын көчмөндөрүнүн системалаштырылган курал-жарактары 1991-1997- жылдары жарык көргөн китептерде басылып чыгарылды. 1991-жылы Ю.С. Худяков Орусиянын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан профессордук наамына ээ болду [211].

Профессор Ю.С. Худяков 1992-жылы Кыргызстан Жаш Тарыхчылар Жамаатынын суранычы менен “Кыргыздар Азия мейкиндигинде” ("Кыргызы на просторах Азии") [192] деген аталыштагы илимий эмгегин жазган. Аталган эмгекти Кыргыз Республикасында "Кыргызстан-Сорос" Фондусунун колдоосу менен 1995-жылы жарыяланган. Бул монографиянын жарыяланышына Фонддун ал кездеги жетекчиси Чынар Жакыпованын эмгеги чоң [212, Б. 3-4].

Юлий Сергеевич Худяков үзөңгүлөшү, профессор Виктор Яковлевич Бутанаев менен биргеликте 2000-жылы, Абакан шаарында “Энесай кыргыздарынын тарыхы” ("История енисейских кыргызов") [65] деп аталган монографияны жарыкка чыгарган.

2003-жылы анын борбордук азиялык көчмөндөрдүн металл калкандар пайда болгон коло доорунан тартып соңку орто кылымга чейинки хронологиялык алкакты камтыган, коргонуу курал-жарактары тууралуу монографиясы жарык көрдү.

Ю.С. Худяков өзүнүн шакирти Л.А. Бобров менен Борбордук Азиядагы көчмөндөрдүн соңку орто кылымдагы жана жаңы доордун башталышындагы аскер ишин, ошондой эле орустардын жана Сибирдин жергиликтүү калкынын аскер чөйрөсүндө бири-бирине тийгизген таасирин изилдеген эмгектерди да жарыялады [60].

1980-жылдардын башынан баштап, аралыктан учуп барып тийүүчү курал-жарактардын (жебелердин ж.б.) аткарган кызматына эксперименталдык изилдөө жүргүзүү Ю.С. Худяковдун изилдөөсүнүн атайын багыты болуп калды. Ю.А. Ведерникованын катышуусу менен ар түрдүү жебелердин касиеттерине анализ жүргүзүлгөн. 1995-жылы бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жалпыланып, монография болуп чыгарылган.

Моделдик эксперимент боюнча адистер С.Н. Коробейников жана А.В. Шутов менен биргеликте металлдан жасалган туулгалардын жана тор сыяктуу токуп жасаган сооттордун бышыктыгы изилденген. Орто кылымдардагы Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн коргонуучу соот кийимдеринин моделин жасоо жана аны сыноо акыркы мезгилдеги дагы бир абдан маанилүү изилдөө багыты болуп саналат. Бул иштер Новосибирск мамлекеттик университетинин базасында Ю.С. Худяков жана анын шакирттери Л.А. Бобров жана Ю.А. Филипповичтер аркылуу ишке ашырылды [149, Б. 10]

Курал-жарак изилдөө темасы менен иштеп жүрүп Ю.С. Худяков бул багыттын Сибирдин башка илимий борборлорунда өнүктүрүүгө аракет жасады. Ал 1981-жылдан баштап Новосибирск илимий борборунда жарык көргөн, Түндүк жана Борбордук Азия элдеринин аскер ишинин тарыхы боюнча жыйнактардын чыгышынын демилгечиси болгон. 1980-жылдардын аягында Чыгыш элдеринин аскердик тарыхы боюнча комиссиянын Жалпы союздук чыгыш таануучулардын коомунда, Ю.С. Худяков комиссиянын мүчөсү жана Сибирь бөлүмүнүн төрагасы болуп шайланган.

1989-жылы бул бөлүм, изилдөөнүчү темага байланыштуу конференция өткөрүп, анын материалдарын жарыялашкан. Ю.С. Худяков курал-жарак изилдөө багытында дипломдуу адистерди жана илимдин кандидаттарын чыгарды. Ошондой эле бир канча курал-жарак темасына арналган кандидаттык жана доктордук диссертацияларда илимий каршылаш катары илимий сын пикирлерди даярдады.

1988-жылы сентябрда Фрунзе шаарында Бүткүл союздук V түркологиялык жыйын уюштурулду. Бул жыйынга конок катары Юлий Сергеевич Худяков дагы чакырылган. Жыйындын катышуучуларына Ю.С. Худяков кыргыз таануу илими боюнча эл аралык комплекстүү программаны ишке ашыруу сунушу менен кайрылган. Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу боюнча жүргүзүлчү иштердин комплекстүү программасы боюнча сунушу колдоого алынып, бирок ишке ашырылган эмес.

Кийинки жылдары дагы профессор Ю.С. Худяков комплекстүү программа түзүү боюнча сунушун замандын талабына ылайыктап, эл аралык түркологиялык программа таризинде, ошол эле учурда кыргыз таануу тармагы боюнча иш-чараларды уюштуруу керек деп эсептеп келген.

Албетте, бул идеяны жүзөгө ашыруу иши аздап болсо да жолго коюлууда. Маселен, 2003-жылы жайында этнограф А. Асанкановдун жетегинде кыргызстандык тарыхчы, археолог жана этнограф илимпоздор тобу Түштүк Сибирге жана Тоолуу Алтайга комплекстүү чалгындык экспедицияны жүзөгө ашырды. Аны уюштурууда Ю.С.Худяков менен абакандык профессор В.Я.Бутанаевдин да олуттуу салымы болду. Арийне, эгерде бул программа бир катар өлкөлөрдүн илимий мекемелеринин расмий документи катары кабыл алынып, ар жылы биргелешкен илимий иш-чаралар долбоорлонуп жана аткарылып турса, анда заманага шайкеш жаңы илимий жетишкендиктерге ырааттуу ээ болоор элек [204, Б. 8-17].

Ю.С. Худяков илимий ишмердүүлүгүндө Ата мекендик жана эл аралык илимий долбоорлорго катышты. Өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын Орусия, Венгрия, Германия, Польша, Казакстан, Кыргызстан, Кытай, Монголия, жана Турцияда өткөрүлгөн конференцияларда жана башка эл аралык форумдарда доклад менен чыгып сүйлөп, илимий коомчулукка талкууга койду.

Ю.С. Худяков абдан эмгекчил адам болгон. Ал 1971-жылдан бүгүнкү күнгө чейин 40тан ашуун монографиясын жана окуу куралдарын, 1400дөн ашык макалаларын, илимий баяндамаларын, баяндама тезистерин илимий

журналдарга, конференциялардын жыйнактарына ж.б. жарыялады. Айрым эмгектери Орусияда жана Кыргызстанда чыккандыктан 2 жолудан жарык көрүштү.

Анын илимий эмгектери Орусия, Венгрия, Германия, Польша, Казакстан, Кыргызстан, Кытай, Түштүк Корея, Монголия, Түркмөнстан, Түркия жана Украинадан орус, кыргыз, англис, немис, кытай, монгол, түркмөн жана түрк ж.б. тилдеринде чыгарылды.

Ал көптөгөн археология боюнча монографиялардын жана макалалар жыйнактарынын редактору болуп иштеген. Алсак "Известия СО РАН" (Археология жана этнография сер.) жана "Гуманитарные науки Сибири" (Археология жана этнография сер.) журналдарынын редколлегиясынын курамында иштеген. Азыркы учурда Ю.С. Худяков Орусиянын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан таанылган "Вестник НГУ" (Археология жана этнография чыг. Тарых, филология сер.) журналынын редакторлорунун бири болгон. [149, Б. 12]

Ю.С. Худяков илимий билимдерди жайылтууга абдан көңүл бурган. Ал илимий-популярдуу китептен үчтү, экциклопедияларга, атластарга, илимий-популярдуу журналдарга жана газеталарга макалаларды жарыялаган. Анын катышуусу менен археология жана көчмөн элдердин аскер иши жөнүндө илимий-популярдуу фильмдер тартылган.

Бул белгилүү окумуштуунун ишмердүүлүгүнүн дагы бир негизги багыты археология боюнча квалификациялуу адистерди даярдоо болуп саналган. 1976-жылдан баштап ал Новосибирск мамлекеттик университетинде "СССР археологиясы" негизги курсунан (мурда көп жылдар бою А.П.Деревянко окуган) лекция окуган. Ошол эле учурда Юлий Сергеевич археологиялык практикага жетекчилик кылып, археологиянын жана курал-жарак таануунун ар кандай маселелери боюнча атайын курстарды алып барган. Ал Новосибирск мамлекеттик университетинде көп жылдар бою археология жана этнография кафедрасынын башчысы милдетин аткарды. Ю.С. Худяковдун эмгегинин аркасы менен гана Новосибирск

мамлекеттик университетиндеги Гуманитардык факультетинде окуган студенттер археология илими менен таанышты [60].

Юлий Сергеевич Новосибирск мамлекеттик университетинен сырткары Бурят, Горно-Алтай, Хакас университеттеринде, Чита пединститутунда, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларында (Кыргызстанда: Кыргыз улуттук университетинде, Бишкек гуманитардык университетинде, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде, Башкаруу академиясында; Казакстанда: Павлодар университетинде) лекцияларды окуган. Ал РИА Түндүк бөлүмүнүн Археология жана Этнография институтунда аспиранттарга илимий жетекчилик кылат. Анын кол астынан 60тан ашык дипломдуу археологдор өсүп жетилди [176].

Ю.С. Худяковдун жетекчилиги менен 17 аспирант жана изденүүчүлөр кандидаттык диссертациясын жакташты. Алардын ичинде К.Табалдыев, О.Солтобаев сыяктуу кыргыз шакирттери да бар.

Анын кызы Алиса Борисенко (күйөөсүнүн фамилиясында) дагы атасынын жолун жолдоп археолог жана тарыхчы болду. Ал XVIII—XIX кк. Сибирде иштеген окумуштуулардын илимий мурастарын изилдеп келет. Ушул темасы менен Алиса Юльевна 2000-жылы кандидаттык диссертациясын жактады. Ал Сибирдеги немис диаспорасынын тарыхына байланыштуу кызыктуу изилдөөлөрдү дагы жарыялаган [176].

Ю.С. Худяков көп жылдардан бери “Археология” адистиги боюнча кандидаттык жана доктордук илимий даража алуу үчүн диссертациялык коргоодогу атайын кеңештерде иштеди. Ал Кемерово университетинде жана Казакстан Илимдер Академиясынын Археология институтунда диссертациялык кеңеште мүчө болгон. Профессор Ю.С. Худяков Орусиянын Илимдер Академиясынын Сибир бөлүмүнүн Археология жана этнография институтундагы жана Алтай мамлекеттик университетиндеги атайын кеңеште дагы мүчө болуп иштеген.

Юлий Сергеевич Новосибирск университетинде иштеп жатып “Студент жана илимий-техникалык прогресс” аттуу эл аралык илимий

студенттик конференцияларды уюштурууга көп көңүл бурган. 1971-жылы так ушундай студенттик конференциянын тезистеринин жыйнагына анын алгачкы илимий иши жарыяланган. Ошондуктан студенттердин илимий конференцияларга катышуусуна, өз алдынча илимий иштерди жарыялоосуна абдан маани берген. Ю.С. Худяков жыл сайын, өзүнүн убактысынын тардыгына карабастан, эл аралык илимий студенттик конференциянын уюштуруу иштерине жигердүү катышып келди.

Ю.С. Худяковдун активдүү катышуусу менен Новосибирск мамлекеттик музейинде Орусиядагы бирден бир алгачкы электрондук музей “Сибирдин байыркы көркөм өнөрү” музейи түзүлгөн. [149, Б. 14]

Илимпоз Ю.С. Худяков кыргыз таанууга бир беткей Орусиядан гана туруп изилдөөлөрүн жүргүзбөстөн, Кыргыз жергесинен дагы өзүнүн иликтөөлөрүн жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алды. Анын Кыргызстанда жүргүзгөн иликтөөлөрүнө өлкөбүздөгү чыгармачыл уюмдар (КЖТЖ, КТК ж.б.) жана интеллектуалдар менен кызматташтыгы абдан чоң жардам берди.

Юлий Сергеевич Худяков пост-советтик Кыргызстанда кеңири илимпоздук жана интеллектуалдык коомчулук тарабынан дайыма сый-урматка бөлөнүп келген. Алсак, 1995-жылдын ноябрь айында Кыргызстан Жаш Тарыхчылар Жамааты атайын жыйын уюштурушкан. Бул жыйын маалында бул тарыхчылардын коому аталышын Кыргызстан Тарыхчылар Коому деп өзгөртүшкөн. Ошондой эле коомдун ички курамына өзгөртүүлөр киргизилип, төрагасы тарыхчы Кыяс Сатарович Молдокасымов болгон. Жыйындын жүрүшүндө кыргыз тарыхына, кыргыз таанууга салым кошкон чет өлкөлүк окумуштууларга наамдар ыйгарылган. Алардын ичинде кыргыз таануучу Юлий Сергеевич Худяков "Кыргызстан Тарыхчылар Коомунун Ардактуу мүчөсү" наамына ээ болгон [204, Б. 19].

2012-жылы “Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси жана бир аздан соң, ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын “Мурас” фонду негизделген соң, Ю.С.Худяков бул

коомдук уюмдар менен биргеликте Кыргызстандагы көптөгөн эл аралык, республикалык деңгээлдеги илимий жыйындарга үзбөй катышты [29]. Андай жыйындардын жана маданий иш-чаралардын бири 2013-жылы май айында Түркиянын Бурса жана Изник шаарларында да өтүп [222], аларга дагы Ю.С.Худяков жандуу катышты.

Ю.С. Худяковдун илимий жана педагогикалык сиңирген эмгектери Орусияда, Кыргызстанда жана Монголияда жогору бааланган.

Ю.С.Худяковдун кыргыз тарыхына, кыргыз таануууга кошкон салымы жогору бааланып, Кыргызстандын расмий сыйлыктары Кыргыз Республикасынын “Данакер” орденини (2002-ж.) [1],[254] жана Кыргыз Республикасынын Үчүнчү даражадагы “Манас” орденини (2016-ж.) [2],[252] менен сыйланган.

Андандан сырткары Ю.С.Худяковго Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын ардактуу академиги, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ардактуу профессору наамдарына ыйгарылган.

Ю.С.Худяков Монголиядагы ЮНЕСКОнун Көчмөн цивилизациялары эл аралык институтунун мүчөсү болуп калган.

Ал Орусиянын табигый илимдер академиясынын мүчө-кабарчысы, Орусия ИАсынын Чыгыш таануучулар коомунун вице-президенти, академик А.Алтымышбаев атындагы жана А. Табалдиев атындагы сыйлыктардын ээси болгон.

2017-жылы Кыргызстанда профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдык торколуу тоюна карата атайын эл аралык илимий жыйын уюштурулуп [42], анын айрым китептери Бишкекте жарык көрдү.

Профессор Юлий Сергеевич Худяков илимий изилдөөлөрүндө борбордук азиялык жана Түштүк Сибир кыргыздарынын тарыхын гана иликтебестен, Түштүк Сибирдин (Саян-Алтай) түрк-монгол тилдүү элдердин, корей элинин жана башка элдердин этностук тарыхын, аскер ишин, курал-

жарактарын, материалдык жана руханий маданиятын, диний ишенимдерин иликтөөгө зор салымын кошкон белгилүү окумуштуу.

Ошондуктан профессор Ю.С.Худяковдун өмүр таржымакалын терең изилдөө жалаң гана кыргыз таануучулар үчүн маанилүү болуп чектелбестен, жалпы Евразиянын чыгышынын тарыхын, көчмөндөр цивилизациясынын жана алтай дүйнөсүнүн тарыхын изилдөөчүлөр үчүн да чоң мааниге ээ.

## 3.2. Ю.С. Худяковдун байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын талаш маселелерине көз карашы

Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези боюнча илимий изилдөөлөр ишке ашырылып жатат. Ошентсе дагы кыргыз тарыхындагы Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер боюнча талаш-тартыштар дагы эле улантылып жатат.

Кыргыз тарыхында “кыргыз” этнониминин келип чыгышы боюнча илимпоздордун ортосунда толук тактала элек маселелер бар. Себеби Борбордук Азиянын жана Түштүк Сибирдин орто кылымдардагы жашаган элдеринин аталышы изилдөөчүлөрдүн арасында ар кандай аталып жүрөт. Көпчүлүк изилдөөчүлөр бул аймакты байырлаган элдерди жазма даректерге таянып «кыргыздар» [193, Б. 206] деп аташат. Ал эми кээ бир авторлор бул аталыштын ордуна «байыркы хакастар» же болбосо «орто кылымдагы хакастар» деген аталыштарды колдонуп келишет. Мындай пикирдеги окумуштуулардын көз карашы боюнча, кыргыздар байыркы хакастардын

династиялык аристократиялык уругун гана түзгөн [115, Б.14]. Ошол эле учурда "кыргыздар" жана "хакастар" деген эки аталышты тең бирдей пайдаланып келген авторлор дагы бар.

Профессор Ю.С. Худяков мындай талаш көз караштардын келип чыгышына эмне себеп болгонун тактоо менен, "кыргыз" этнониминин келип чыгышы тууралуу окумуштуулардын илимий көз караштарына, бүтүмдөрүнө кайрылып, фактологиялык маалыматтарга таянып өзүнүн илимий көз карашын билдирген.

Белгилүү болгондой ар кандай терминдин же этнонимдин жасалма эместиги, келип эле этностук ошол ысымды алып жүргөн элдин тилинде катталып, сакталып калган эн белгисине, а болбосо ал кайсы тилде айтылып, жазылып жүрсө, алардын үндөштүгүнө жана окшоштугуна карап тастыкталат. Профессор Ю.С. Худяков «кыргыз» этнонимине карата алганда ушул эки эреже тең далил боло аларын белгилеп өткөн [192, Б. 17]. Себеби «кыргыз», «кыргыздар», «кыргыздык» ж. б. у. с. сөздөр, биринчиден, азыркы кыргыздардын өздөрүнө, экинчиден, тили жагынан аларга жакын турган түрктөр менен уйгурларга тиешелүү делинип жүргөн руникалык эпитафиялык жазууларындагы тексттерде жолугат [136, Б. 45, 85].

Профессор Ю.С. Худяков эмгектеринде «кыргыз» деген терминдин ар түрдүү тилдерде, ар башка вариантта айтылып, жазылаарына токтолгон. Мисалы, грек тилинде – херкис, араб жана перс тилдеринде – хырхыз, хыркыр деп жазылат. Кытай жазмаларында бул терминдин жазылышы бир топ эле айырмаланат [217, Б.110]. Атап айтканда, Батыш Чжоу сулалесинин (династиясынын) доорунда бийлик кылган Му-ван деген падышанын доорундагы тексттери үчүн – гегунь же жианхунь [223, Б. 1-5] деген аталышта "кыргыз" термини колдонулган. Андан сырткары кытай булактарынын негизгилеринде: хань тексттеринде - цзянь-гунь, тан тексттеринде - сяцзясы, юань тексттеринде – цзилицзисы [192, Б. 17] деп эскерилет.

Профессор Ю.С. Худяков «кыргыз» деген терминдин түпкү теги такталып бүткөн деп эсептейт. Профессор Ю.С. Худяковдун тыянактарына таянсак, “кыргыз” деген терминди батыштан тартып, чыгышка чейинки бардык өлкөлөр менен элдердин өкүлдөрү бир гана этносту атап белгилеш үчүн колдонуп келишкен. Демек, бул термин ошол этностун энчилүү аты болгон. Албетте, профессор Ю.С. Худяковдун пикирин улай, ал кыргыздардын өздөрүнө таандык делинген жазма жана оозеки булактарында учурай турганын эске алсак болот. Мисалга алсак, “Манас” эпосунда айтылган боюнча, кырылбай душманыңды кыргын, Мамай кырк уруулуу кырк жүздүү элди “кыргыз” деп атады деген саптар кездешет [250]. Эпос боюнча чечмелей турган болсок “кыргыз” термини “кырк уруу”, “кырк жүз”, “кырылбас” деген сөздөрдүн туундусунан келип чыгат [18]. Ал эми анын түпкү уңгусунун аныктыгынан күмөнсүнө турган жагдайлар жазма булактарында таптакыр кездешпейт [192, Б. 17-18].

Бирок, мындай жетиштүү далилдер турганына карабастан айрым авторлор «хакастар» деген терминди сунуштап келишүүдө.

Аларга карата профессор Ю.С. Худяков Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхындагы “кыргыз” этнониминин колдонулушунун айланасындагы мындай талаш маселелерге анализ жүргүзгөн. Профессор Ю.С. Худяков бул тууралуу айтылган бардык пикирлерди эске алып, далилдүүлүгүн карап чыккан. Натыйжасында ал белгилүү болгон маалыматтарга таянып, орто кылымдарда Түштүк Сибирде жашаган түрк тилдүү эл өздөрүн “кыргыздар” деп атаган жана аларды башка калктар дагы “кыргыз” деген ат менен билишкен [191, Б. 31] деген бүтүмүн айткан. Ал эми айрым окумуштуулар колдонуп жүргөн “байыркы хакастар” терминин профессор Ю.С. Худяков “тарыхый жаңылыштыктын жыйынтыгы” [191, Б. 20] деп адилеттүү баалаган. Окумуштуунун мындай так кесе айтылган жыйынтыгы Борбордук Азиянын орто кылымдардагы тарыхы боюнча адистери: С.И. Вайнштейн [69, Б. 656], О.К. Караев [96], Т.К. Чороев (Чоротегин) [203] тарабынан жактырылып жана колдоо тапкан. Кыргыз

окумуштуулары Ю.С. Худяковдун “Энесайдагы кыргыздар” (“Кыргызы на Енисее”) китебин 1989-1990-жылдары [184],[185],[186] жана 1991-жылы [187] кыргызчага которуп жарыкка чыгарган.

Ал эми талкуунун экинчи тарабы профессор Л.Р. Кызласов башында турган «байыркы хакастар» же «орто кылымдагы хакастар» деген аталышты жактоочулар болгон. Анын мындай кадамга барышына кытай жазма булактарын пайдаланууда кеткен каталар негиз болгон.

XVIII кылымдан тартып, Европалык окумуштуулар орто кылымдардагы кытай жылнаамалары менен тааныш боло башташкан. Кытай жылнамаларынын негизги мазмуну «Орто Азиядагы» көчмөн элдер жөнүндөгү тарыхый маалыматтарды чагылдырган. Ушул мезгилден тартып, орто азиялык көчмөндөрдүн аттары кытай терминдери аркылуу таанылa баштаган. Динлиндер, шивей, сейяньто, сянь-би, теле, юэчжи, мохэ, жуань-жуан, яньмо, ж.б. ушул сыяктуу элдердин аталыштары кийин дагы ошол эле аттар менен аталып тарыхта белгилүү болуп калышты. Себеби Азия элдеринин тилинен ал аталыштарга ылайык ынанымдуу далилдер табылбагандыктан, ушул күнгө чейин баштапкы маанисинде айтылып, илимий эмгектерде кеңири таралып, пайдаланылып жатат. Алардын арасында хягасы (сяцзясы) термини дагы бар. Тан сулалеси тушундагы жылнаамаларда жана жазма даректерде Кянь (Энесай) дарыясындагы өрөөндө хягасы (сяцзясы) деген аталыштагы калк жашаган.

Бирок, бул терминдин колдонулушу XVIII-XX кылымдын башталышындагы авторлордо айтылышы жана жазылышы жагынан бирдей мааниде болгон эмес. Бул тууралуу профессор Ю.С. Худяков төмөндөгү авторлордун бул терминге карата мисалдарын келтирген: Ю. Клапрот «Ha - Kia - sze», В. Шотт, «Ha - Ka - sze», Н. Бичурун - «хагас», В. Радлов хакасс ж. б. [219, Б. 9], [57, Б. 351], [162, Б. 58]. Цзянь-гунь, хягас, цзилицзисы жана кыргыздар деп аталган терминдердин окшоштугу тууралуу маселе, Энесай кыргыздарынын тарыхы боюнча атайылап биринчи жолу эмгек жазган автор, В. Шоттун алгачкы изилдөөлөрүндө келип чыккан. В. Шоттун

изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында бул маселе туура негизде кыргыздардын пайдасына чечилген. [192, Б. 18]

Ушундан улам профессор Ю.С. Худяков жогорудагы окумуштуулардын пикирине таянып, хягастарды кыргыздар деп эсептеген көз караштар жазма даректердин негизинде алардын тарыхын изилдеп-иликтөө иштери жаңыдан гана башталган мезгилде эле түптөлүп түзүлгөн деген тыянагын чыгарган. [200, Б. 204].

Профессор Ю.С. Худяков өзүнүн эмгектеринде, Сибирь археологиясында казуу иштеринин жыйынтыгында табылган далилдерди тарыхый маалыматтар менен салыштырууда Н. Бичурин тарабынан киргизилген “хагас” термини колдонулгандыгын ар дайым белгилеп келет. Кийинчерээк бул термин орус тилинде айтылышы жагынан жатыгыраак “хакасс” болуп өзгөргөн. Ушундан улам «хагас» терминин Д. Клеменц, И. П. Кузнецов-Красноярский ж. б. колдонушкан. Кийинчерээк бул термин окумуштуулардын жана публицисттердин пайдалануусуна кирген. Алардын ичинде XX кылымдын алгачкы он жылдыгында «теги бөлөктөрдү» ажыратып бөлүүнү жактап күрөшкөн, Сибирь областчыларына дагы тараган. «Хакастар» терминин «туземдик интеллигенция» өздөрүнүн «энчилүү аты» катары дал ушул областчыл публицисттерден алышса керек [113, Б. 9]. Натыйжада XX кылымдын 20-жылдары бул термин Хакас автономиялуу областтынын (кийин Хакас Республикасынын) жергиликтүү калкынын атын билдирген этноним катары айтыла баштаган.

Мындай талаш маселени тактоодо, кытай жазмаларынан башка кыргыздардын тарыхы боюнча маалымат берген, рун жазмалары болгондуктан, аларга кайрылуу зарыл эле. Профессор Ю.С. Худяков ошол мезгилдеги рун жазмаларындагы табылып, чечмеленген жазууларга таянып, рун жазмалары Энесайда «хакастар» жашаган деп айтылган доорлордо жалгыз гана кыргыздар тууралуу гана кабар кылаарын белгилеген. Мунун өзү, албетте, «хягас» деген терминди «кыргыз» этнониминин кытайча

жазылган бир түрү деп эсептөөгө негиз берген [192, Б. 18]. Бирок мындай маанилүү жыйынтык академиялык илимге гана тийешелүү болуп калган.

Ошол эле учурда Н.Н. Козьмин белгилегендей, «хягас» деген ат кытай транскрипциясындагы түрк тилдүү элдин аталышы болгондугуна карабастан, минусин интеллигенциясы үчүн кандайдыр бир деңгээлде маданий жана улуттук кайра жаралуунун түшүнүктүү жана идеялык урааны болушу ыктымал. [113, Б.7-8] Жогорудагы далилдерге карабай “хакас” термини учурда өз ордун таап, Минусин ойдуңундагы жергиликтүү калктын энчилүү аты болуп калды. Ушул эле учурда окумуштуу Н. Н. Козьмин “хакас” термининин маанисин «кыргыз» этнониминен ажыратып, өзүнчө бөлүп аныктоого аракет кылды. Жыйынтыгында хакастардын түбү барып тубалыктар (уйгурлар) жана кыргыздар менен бирге орто кылымдагы Энесайдын үч тайпалуу калкынын бирин түзгөн «каракастардын» атынан келип чыгышы мүмкүн деген божомолун айтты. [113, Б. 7]

Профессор Ю.С. Худяков эмгектеринде Н.Н. Козьминдин хакастар менен кыргыздар ар кандай этникалык топторго таандык деген божомолуна каршы башка пикирин билдиргендигин аныктаган. Алып карасак, Н.Н. Козьмин “хакас” жана “кыргыз” аталыштарын бир этникалык топко бириктирет. Кытай жылнаамаларында хакастар ки-ли-кидзе же болбосо кыргыздар деген ат менен таанымал болушкан. Аска бетиндеги жазууларда хакастар өздөрүн кыргызбыз деп жазышкан. Хакас-кыргыз өлкөсүнөн тышкары наймандардын, меркиттердин жана кераиттердин анча маанилүү эмес мамлекеттерин атоого болот [113, Б. 2].

Борбордук Азиянын тарыхы боюнча мыкты адис, Ата мекендик илимдин тажрыйбасында биринчи жолу кыргыздардын тарыхы боюнча очерктердин жыйнагын түзгөн В.В. Бартольд “Хакас” аталышы жасалма термин экенин [41] адилеттүү түрдө айтып чыккан.

“Хакас” жасалма аты XX кылымдын 20-жылдары пайда болуп, аны тажрыйбада колдонуу ошол жылдары башталган. Эгерде археология багытын ала турган болсок, ошол жерде жашаган элдердин баары “хакас” деп

берилип, орто кылымда жашаган элдин аты унутта калып, жасалма ат берилип баштаган. Археолог Ю.С. Худяков Минусин ойдуңунда орто кылымдарда жашаган калкты жазма даректер «хакастар» деп атагандан улам эмес, тескерисинче, алардан азыркы хакастардын ата-бабаларын көргүсү келгендиктен ушиндай атай башташкандыгын баса белгилейт [192, Б. 20].

Ошол эле учурда элдин аты “кыргыз” жана “хакас” деген эки аталыш менен айтылып баштаган. Ю.С. Худяков өз эмгектеринде “кыргыз” жана “хакас” деген эки аталышты бирдей колдонгон окумуштуулардын эмгектерин белгилеген. Мындай окумуштууларга Минусиндеги металл доорунун маданиятын мезгилдештирген С. А. Теплоухов дагы кирет. С. А. Теплоухов биздин замандын VII-X кылымдардагы чейин түрк тилдүү кыргыздар (хягас) эли Энесайдын түштүк тарабындагы бардык жерлерди басып алып жана ал жерде үстөмдүк кылып турган динлиндер менен жуурулушуп кеткендигин жазган. Окумуштуу бул маалыматтар ошол мезгилде болгон окуялар тууралуу маалымат берген “Тан-Шу” жылнаамасында даана чагылдырган деп ырастайт [174, Б. 54].

Профессор Ю.С. Худяков Л.А. Евтюхова менен С.В. Киселев дагы эки аталышты чогуу жазышканын мисал келтирген. Алар өздөрүнүн эмгектеринин биринде «хакас» деген сөз кыргыз деген терминдин кытайча жазылышы» [82, Б. 165] деп айтышат да, бирок көп учурда жогорудагыдай түгөйлүү аталышты пайдаланышат.

Ал эми кыргыз тарыхын изилдөөдө чоң салым кошкон окумуштуу А.Н. Бернштам Тянь-Шанды изилдеп, Түштүк Сибирдин маселелерине кайрылып бардык эмгектеринде жалаң гана «кыргыз» же «кыркыз» [55, Б. 165] деп жазган.

Профессор Ю.С. Худяков өткөн кылымдын 50-жылдарындагы «кыргыз» жана «хакас» терминдерин тактоого байланышкан маселеге кайрылган окумуштуулар: түркolog С. Е. Малов менен синолог Н. В. Кюнердин бир катар ой-пикирлерин эмгектеринде эске алат. С.Е. Маловдун жазганы боюнча, кыргыздар Энесайда уйгурлар менен теңтайлаша алган күчтүү

мамлекети курган. Окумуштуунун оюу болюнча тувалыктар (урянхайлар, сойондор) жана тофалар (карагастар) кыргыздар жашаган аймактарда жашаган [136, Б. 7]. Ю.С. Худяков белгилегендей, «хакас» termininin маанисы С.Е. Маловго түшүнүксүз бойдон калган. Себеби “ал «кыргыз» деген сөздүн кытайча жасалган түрүбү же божомол кылгандай «карагас» дегенге жакындашабы? Анткени хакас - карагас деп кытайлар ар кошкон элди кол алдында кармап турган кыргыз мамлекетин айтышы толук ыктымал болчу» [192, Б. 20-21].

Орусиялык белгилүү чыгыш таануучу, тарыхчы жана этнограф Н.В. Кюнер кытайлар «хягас» сөзүн уйгур тилинен алгандыгын кабар кылган кытай жылнаамаларындагы даректерге таянып өз көз карашын билдирген. Ал “хягас” терминин кытайча жазылган түрү боло албайт, уйгур тилинен алынгандыгына караганда анын каймана аты сыяктанган өзгөчө мааниси бар болсо керек деп божомолдойт. Мына ушул жүйөгө негизденип Н.В. Кюнер азырынча, кыргыз (гянь-гунь ж. б. у. с. бардык берилген формаларын) жана хакас (хягас) деген терминдердин бир гана элдин атын билдирген окшоштугун тарыхый факты катары кабыл алуу керек, андан кийин хягас деген аталыштын анык маанисин жана бул аталыштын келип чыгышы тууралуу маселени караш керек [128, Б.121] деп эсептейт.

Көрүнүп тургандай, аталган авторлор орто кылымдагы Энесайдын калкына карата «кыргыз» деген этнонимди колдонуунун тууралыгына шектенген эмес. С.Е. Малов «хакас» термини кыргыздардын букаралыгында турган кыштымдардын кайсы бир жамаатынын аты-жөнүнө, анын божомолу боюнча «каргастарга» барып такалышы мүмкүн деп эсептеп, Н.Н. Козьминдин пикирине кошулган. С.Е. Малов бул көз карашын кеңири өнүктүрүп, өзүнчө илимий жобого айлантпастан, тек гана божомол катары, Энесайдагы руникалык жазуулардын тексттери жарыяланган китептеги кириш сөздө кыскача гана берген. Н.В. Кюнер эмгегинде «хакас» термини этноним катары өз алдынча мааниге ээ экендиги тууралуу эч кандай пикирин билдирген эмес. Аын оюу боюнча «хакас» терминин «кыргыз» этнонимине

эквивалент, бул сөз уйгур тили аркылуу кытай тилине өтүп, «саргыч кызыл жүздүүлөр» деген маанидеги каймана атты түшүндүрөт.

Н.В. Кюнер кийинчерээк өзүнүн көз карашын өзгөртүп, XIII кылымда монголдордун мезгилинде  кыргыздар жана хакастар бир эле элдин ар башка топторун билдириши мүмкүн деп айтат [126, Б. 203].

Профессор Ю.С. Худяков «хакас» терминине байланыштуу бир катар ой-пикирлерди иликтөөдө Л.П. Потаповдун эмгектерине дагы кайрылган. Л.П. Потапов дагы Ю.С. Худяков сыяктуу эле “хакас” терминин XX кылымдын башталышында этноним катары пайда болгондугун жарыялаган. Ал аталган терминдин этноним катары пайда болушу жөнүндө мындай көз карашын билдирген: “качиндердин күчтүү таасири астында болуп өткөн консолидация жалпы процесси XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышында Минусин ойдуңундагы аймакта орустар Минусин же абакан татарлары деп аталган чакан элдин түзүлүшүнө алып келди. Алар хакас болуп Улуу октябрь социалисттик революциясынан кийин гана атала баштады. «Хакас» деген атты XX жылдардын башында «минусиндик татарлар» улут болуп түзүлүп жатканда жергиликтүү интеллигенциянын өкүлдөрү сунуш кылышкан. Алар азыркы Минусин же Абакан татарлары кытай жылнаамаларында «хягас» деген ат менен катталып калган Саян-Алтай бөксө тоосундагы байыркы калктын тукумдары болот деген туура эмес түшүнүккө таянышкан. «Хакас» деген ат тарыхый жактан аныкталган жана сыпатталган наам боло албай тургандыгына карабастан, азыр ага каршы чыгуунун кажети жок, анткени ал акырындап отуруп калктын аң-сезимине сиңип, кабыл алынып кетти» [161, Б. 278].

Профессор Ю.С. Худяков аталган маселе боюнча иликтөөдө окумуштуулардын ичинде бири-биринин көз караштарына ык алып кетүүсүн Н.В. Кюнер менен Л.П. Потаповдон байкаган. Себеби Н.В. Кюнердин сын-кеңештерин эске алып, анын таасири менен, Л.П. Потапов азыркы мезгилде “хягас” жана “кыргыз” аталыштарынын бир уңгуга бириктирүү мүмкүн болбой тургандыгын, этнос катары бул терминдер татаал кошунду

экендигин, «хагастын» аталышынын курамында самодий элементи артыкчылык кылаарын ж.б.у.с. берген маалыматтар көбөйүп жатат [161, Б. 278] деген ойго көбүрөөк ык коё баштаган. Ю. С. Худяков аталган маселени териштирип чыгуу үчүн В.Н. Казиндин котормосундагы Юань-Шинин “кыргыздардын” жашаган аймактары жана “Хасха жери” жөнүндө айтылган маалыматтарына токтолгон. Анын ою боюнча, «хасха жери» самодий-качиндер мекендеген азыркы Красноярскинин аймагына туура келет. [192, Б. 22]

Каралып жаткан маселе боюнча өзгөчө көз карашын тааңуулаган окумуштуу Л.Р. Кызласов болгон. Ал бул маселе боюнча өзүнүн позициясын биринчи ирет 1954-жылы Л.П. Потаповдун алтайлыктардын тарыхына арналган китебине берген рецензиясында жазган. Ага ылайык, «хакас» деген сөз орто кылым доорунда Ортоңку Энесайда жашап турган ар кошкон элдин жалпы аты болуп саналат да, ал эми «кыргыз» деген термин ошол байыркы хакастардын «башкаруучу», «династиялык ак сөөктөр жамаатын» гана билдирет [65, Б. 22]. 1959-1960-, 1968-жылдарда Л.Р. Кызыласов жарык көргөн эмгектеринде, аталган концепциясын бир кыйла толук жана кеңейтилген түрдө жазып чыккан. Л.Р. Кызыласов төмөндөгүдөй негизги жоболорго токтолгон:

- орто кылымдардагы кытай жылнаамаларында «хакас» деген сөздүн ар түрдүү жазылган варианттары жолугат, бул сөз Ортоңку Энесайдагы көп тилдүү жана көп тектүү калктын жалпы аты болуп саналат;
- ага катарлаш ошол эле жазма даректерде «кыргыз» деген сөз да кездешет, бирок ал байыркы хакастардын династиялык ак сөөктөр жамаатын» гана билдирет;
- “кыргыз” деген аталыш, Энесайда жашаган бардык элдин жалпы аты болмок эмес, себеби анын курамына ар түрдүү тилде сүйлөгөн этникалык топтор жана уруулар жашашкан. Орхон түрктөрү тугюлар, уйгурлар, ошондой эле батыштын жазма даректери, мамлекеттеги кыргыздардын ролунун жогору болгондугуна байланыштуу, ал жакта

жашаган ар түрдүү тилде сүйлөгөн уруулук топтордон куралган калкты жаңылыш түрдө “кыргыз” деген термин менен атаган;

- Энесайдын бүткүл калкынын жалпы аты боло алмак эмес, анткени анын составына тили бири-бирине окшобогон этникалык ар түрдүү топтор жана уруулар (угор, самодий жана түркөй) кирген; бул мамлекетте кыргыздар үстөмдүүлүк ээлеп турган, дал ушул себептен улам деп атаган;
- Синь-Таншуда Ортоңку Энесайдын калкына тиешелүү деп көрсөтүлгөн сөздөрдүн составы бул жерде чынында эле көп тилдүү эл жашаганын ырастайт;
- орто кылымдагы «хакас» деген сөз түпкүлүгүндө самодий тилине барып такалат; биздин заманда ал «хаос» формасында келип жетти;
- бул сөз тофалардын (хааш), тувалыктардын жана монгол дархаттардын (хаасут) уруулары менен тайпаларынын аттарында сакталып калган;
- VI-XII кылымдардагы мамлекеттин жана элдин аты катары «хакас» деген сөздүн пайда болушу бул мамлекеттеги калктын арасында жергиликтүү уруулардын түрк тилдүү жаңы уюткусу түзүлгөндүгүн, ага ичине кыргыздар дагы киргендигин маалымдайт;
- бул бирдиктүү адабий тили, энесай жазуусу жана жалпы экономикалык базасы бар борборлошкон күчтүү мамлекеттин пайда болушуна түрткү болгон;
- кидандардын елюй, уйгурлардын яглакар, гунндардын хуань жана түрктөрдүн ашина сыяктанган башкаруучу урууларындай эле “байыркы хакастардын” деген аристокартиялык урuусу “кыргыз” деп аталган;
- Энесайдагы руникалык жазууларда «кыргыз» деген сөз жолукпайт, демек, анын ордуна «эль» деген сөз колдонулган; «кыргыз» деген термин байыркы хакас мамлекетинин чектеринен тышкары жерлердеги жазууларда гана айтылат ж. б. д. у. с.

Л.Р. Кызласовдун ою боюнча анын ушул пикирине ар кайсы аспектиде Ю. Клапрот, В. Шотт, Н. В. Кюнер, С. Е. Малов, С. В. Киселев, Н. Н. Козьмин сыяктуу XIX жана XX кылымдын көп илимпоздору ортоктош боло алат. Акырында Л.Р. Кызласов кыргыз жана хакас деген терминдерди окшотуруу жана өз ара чаташтыруу, же болбосо бул терминдерди бири-бири менен алмаштыруу – илимге туура келбейт. Ошондой эле мамлекеттин атын жазма даректерде катталган анын көпчүлүктү түзгөн эмгекчил калкынын энчилүү аты менен эмес, башкаруучу ак сөөктөр уруусунун аты менен атаган да туура эмес. Бул мамлекетти VI-XII кылымдарда байыркы хакастар түзгөн жана ошолор жердеп турган, андыктан тарыхый чындык бизди аны байыркы хакас мамлекети деп атоого милдеттендирет [192, Б. 22] деген кескин бүтүмүн чыгарат.

Л.Р. Кызласовду кескин бүтүмдөрүн илимий коомчулукка жайылтуу максатында, аз убакыттын ичинде үч ирет кайра басып чыгарган. Л.Р. Кызласов терминдер боюнча «Эки ачакей» пикирлердин айтылып жаткандыгынан пайдаланып, ал өзүнүн “өзгөчө” көз карашын акыркы инстанциядагы чындык катары сунуш кылууну көздөгөнү байкалып турат. Башкача айтканда, өзүнүн макаласы менен «хакас» деген терминдин пайдасына чечип, маселени биротоло жаап салууну көздөгөн. Ошентип, «кыргыз» деген терминдин этноним катары сакталып тарыхтан таптакыр өчүрүлүшүнө жетишүүнү көздөгөн окшойт.

Албетте тарыхты бурмаланбаган, туура өңүттөн изилдөөнү каалаган, чыныгы окумуштуулар, мындай корутундуну бейжоол калтырууну туура көрүшкөн жок. Л.Р.Кызласовдун жоболорун курч сынга алып, чыгышпоз, арабчы Ө. Караев талкууда биринчи болуп, топ жарды. Түп нускасында түп орду менен жок болсо деле «хакас» деген терминди байыркы жазма даректердин текстине, азыркы кездеги илим изилдөөчүлөрдүн эмгектерине күчкө салып киргизип, аты-жыты белгисиз кайдагы бир көз караштарды аларга жабыштырып, өзүнүн «талапкери» катары атаган авторлордун ой-пикирин үзүп-жулуп бурмалагандыгы үчүн ал талкуунун демилгечисин

адилеттүү түрдө айыптаган. Ө. Караевдин пикири боюнча, VI- XII кылымдарда Минусин ойдуңун хакас аттуу уруулуу калк мекендеп турган болсо, кыргыздар бар болгону алардын аз сандагы аксөөктөр жамаатын түзгөнү анык болсо, анда орто кылымдардагы жазма даректердин жок эле дегенде биринде бул тууралуу сөзсүз эскертилмек [95].

Кытай тилинин тарыхый фонетикасы боюнча таанымал адистердин бири, белгилүү синолог С.Е. Яхонтов орто кылымдардагы Энесайдын калкына карата колдонулган кытай терминдеринин маанисин чечмелеп, алардын тыбыштык түзүлүштөрүн кеңири талдоого алып, талкууга аралашты. Окумуштуунун пикирине боюнча, «хягасы» сөзүнүн кытайча баштапкы формасын кээде «хакас» деп өзгөртүп жазып жүрүшөт. Бул маанисин кабыл алуу туура эмес, анткени ал кытай тилинин тарыхый фонетикалык эрежелерине туура келбейт» [216].

С.Е. Яхонтов ошол эле учурда так маалыматты келтирген, «хагасы» деген термин кыргыз деген сөздүн кытайча жазылышы болуп саналат. Анын кытай санжыраларында айтылып жүргөн өзүнө тетелеш гяньгунь, гегу ж. б. у. с. формалары ошол эле этнонимдин фонетикалык варианттарын (мисалы, кыркур же балким, кыркун, кыркут, кыркыз) билдирет. Хягасы деген айтым тыбыштык жагынан хакас деген сөздү түзө албайт» [216].

Жогорудагы мисалдардын негизинде Ю.С. Худяков өзүнүн эмгектеринде, орто кылымдардагы кытай жазмаларында «хакас» деген эч кандай сөз жок, ал тарыхый чаташуунун туундусу деп баса көрсөткөн [192, Б. 26].

А.С. Шабалов, Д.А. Шабалов, М.А. Шабаловалар авторлошкон эмгегинде, Л.Р.Кызласовдун пикири чындап эле жаңылыштык болгон деп эсептешет. Алардын пикиринде Л.Р. Кызласов байыркы кытай династиялык хроникалары Шицзи, Цяньханьшу жана башкалардын котормолорун эске албаган же кунт коюп окуган эмес. «Шицзинин» автору Сыма Цянь б.з.ч. III к. гянгундар (кыргыздар) хунндардын түндүгүндө жашашат деп жазган. Сыма Цян эч кандай хакастар жөнүндө жазган эмес жана алар жөнүндө

айткан эмес. Байыркы хягас-хакастар жөнүндө биринчи жолу б.з.ч. I к. байыркы кытай жылнаамасы “Цянханьшуда” эскерилет деп жазат. Алардын пикири боюнча этноним “хягас-хакас” жана “гяньгуни – кыргыз” терминдерин салыштырууга болбойт. Этимологиялык жактан бул сөздөрдүн эки башка маанини берет [167].

С.Е. Яхонтов макаласында дагы бир маанилүү тыянак жасалган: «Ушул эле себептерден улам азыркы «хаас» деген сөз да кытай тилине коошо албайт». Ал «Хаас» сөзү «ханас» жана «чаңгычы тюцзюэ» деген терминдерге байланышы болушу мүмкүн. Себеби аркысы да, беркиси да энесайлык кыргыздардын кыштымдарынан болушкан. [65, Б. 23]

С.Е. Яхонтовдун «кыргыз» жана «хакас» терминдеринин байланышы тууралуу бүтүмүнөн кийин деле терминологиялык талаш-тартыштарга чекит коюлган жок. Тарыхчы Н.А. Сердобов каралып жаткан маселе тууралуу жүйөсүн илимий макаласында келтирген. Окумуштуу Түштүк Сибирдин орто кылымдардагы тарыхына карата “кыргыз” терминин колдонуу тууралуу тигил же бул илимпоздун позициясы академиялык кызыкчылыктардын же болбосо тек бир терминологиялык келишпестиктер менен гана чектелбейт, анын азыркы учурдагы улуттук байланыштарга дагы түздөн-түз тиешеси бар. Байыркы жана орто кылымдардагы аймактын калкына кийин эле пайда болгон «хакас» этнонимин алып барып таңуулоо тарыхый процесстин шексиз бурмаланышына, азыркы кездеги элдердин өткөндөгү ролун туура эмес баалоого алып келет. Бүгүнкү хакастардын тарыхын жөнү жок эле жасап-түзөп, басса-турса да «эзелки эл» деп, анын жашын узартуу аракети башка элдердин басып өткөн жолуна шек келтирет. «Байыркы хакас мамлекетин» идеализациялоонун белгилүү аракеттери, Н.А.Сердобовдун пикири боюнча, Л.Р. Кызласовдун этно «мамлекеттик» саясат, «байыркы хакас» коомундагы сабаттуулуктун деңгээли тууралуу чыгарган бүтүмдөрүнөн, анын өздүк окутуу системасы, менчиктүү жана котормо адабияты болгон, кыскасы күчкө толуп кур болуп турган чагында «байыркы

хакас мамлекетинин даңкы» далай жерге жайылган деп ырастаган пикирлеринен көрүнөт. [168]

Н.А. Сердобов, И.А. Батмановдун жана башка түркологдордун пикирине кошулуп, Тувадагы руникалык жазуулардын бүт баарын «байыркы хакастардын» энчисине басып бергиси келген Л.Р. Кызласовдун аракетин сынга алган. Ошондой эле «хакас» жана «кыргыз» терминдерин бири-бирине карама-каршы коюп, кыргыздарды «орто кылымдагы хакастардын аристократиялык» майда уруусу катары гана тааныган Л.Р. Кызласовдун негизги концепциясын да туура эмес деп эсептейт. С.Е. Яхонтовдун пикирин далилге тартып, Н.А. Сердобов эки терминди тең бир этностун атын билдирген окшош сөз катары эсептеген жалпы кабыл алынган көз карашка кошулду. Мындан тышкары ал Л.Р. Кызласовдун “хакас” терминине жан тарткан себептерин дагы ачып көрсөттү. Н.А. Сердобов бул жерде Л.Р. Кызласовдун “хакас” терминин азыркы хакас элинин аты менен байланыштыруу аракети көрүнүп турганын белгилейт [168].

Ошол эле учурда, Ю.С. Худяков Н.А. Сердобовдун бул пикирине кошулбай коюуга болбой турганын белгилеген. Анткени Түштүк Сибирь менен Борбордук Азиянын тарыхындагы негизги орунду «байыркы хакастарга» алып берип, аларды тарыхый жана этногенетикалык жактан азыркы хакастардын «түпкү атасы» кылып жарыялоо аракети Л.Р. Кызласовдун башка да бир катар эмгектеринен таасын көрүнөт. [192, Б. 27]. Албетте Л.Р. Кызласовдордун мындай аракети аракети тарых илиминде окумуштуулар арасында чаташууга алып келген. Н.А. Сердобов белгилегендей хакас илимпоздорунун арасында Л.Р. Кызласовдун жаңылыш көз карашын К.Г. Копкоев сыяктуу окумуштуулар колдогон. Н.А. Сердобовдун так кесер бүтүмүнө ылайык, Энесай кыргыздары азыркы хакас, тува элдеринин, орто азиялык кыргыздардын, алтайлыктардын курамына этностук компонент болуп кирген. [168] Демек кыргыздарды династиялык ак сөөктөр тукумуна же хакастарга энчилеп берүү туура эмес иш.

Н.А. Сердобовдун мындай көз карашы анын кийин чыгарылган эмгектеринде дагы чагылдырылды. [169] Бирок бул пикирдин автору калыс боло алган жок деген окумуштуулар мурда калыптанып калган каршы көз карашы менен чыгышты [118]. Алып карасак Л.Р. Кызласов өзүнүн көз карашын таңуулоону улантып, өз тарапташтарын издей баштаган. Ал өз пикиринин тарапкерлери катары XVIII-XX кылымдардагы көп сандаган окумуштуулардын: Ю. Клапроттун, К. Виеделунун, И. Абель-Ремюздун, И. Дюгальддын, Н.Я. Бичуриндин, К. Риттердин, В.В. Григорьевдин, Н.А. Костровдун, Е.К. Яковлевдин, В.В. Радловдун, А. А. Спициндии, Н,М. Ядринцевдин, В.И. Огородниковдун, Н.Н. Козьминдин, Р.М. Кабонун, С.М. Киселёвдун, В.П. Левашованын, Л.А. Евтюхованын, С.А. Токаревдин, Л.П. Потаповдун, В.Г. Карцовдун ысымдарын атады [118]. Л.Р. Кызласовдун мындай аракетинен өзүнүн ойлоп тапкан концепциясын гана коргоп калуу аракети экенин байкасак болот. Себиби бул окумуштуулар канчалык деңгээлде кыргыздарды орто кылымдардагы хакастардын династиялык бир уруусу катары караган көз карашка таптакыр тиешеси жок экенин алардын эмгектеринен көрсөк болот.

Мындан сырткары Л.Р. Кызласовдун «хакас» терминине байланыштуу жаңы далилдерди тапканга аракеттерди жасаган. Ал «Абакан татарлары» өздөрүн хакастар деп атабастан, өздөрүн хаастар жана сагай-хаастар деп аташкан деп билдирген [118]. Ушундай айтымдардын негизинде Л.Р. Кызласовдун ою боюнча аларды «хакастар» деп атоого болот.

Л.Р. Кызласовдун мындай пикирди айтуудан мурда “хакас” термини боюнча комплекстүү изилдөө жүргүзбөгөнү көрүнүп турат. Же болбосо окумуштуу Ө. Караев белгилегендей, Л.Р. Кызласов синологдордун эмгектерине атайылап көңүл бурган эмес. [93] Эгерде окумуштуу чыныгы чындыкка жетүүнү эңсесе, «хакас» термини синологдордун эмгектеринде талаштуу мүнөздө чечмеленгенине жакшылап көңүл бөлмөк.

Энесай кыргыздары жөнүндө изилдеген чыгыш окумуштууларынын айтылган маалыматтарын Л.Кызласов бурмалап, азыркы хакас элинин

тарыхын жасалма түрдө байыркы доорлорго чейин узартат. Ө. Караев Л. Кызласовдун көбүртүп-жабыртып көкөлөтөт деп айткан Н.Сердобовдун пикирин тастыктайт. [93]

«Кыргыз» жана «хакэс» терминдеринин тегерегиндеги талаш-тартыштынтардын жыйынтыгы, «кыргыз» этнонимин түп орду менен жок кылууга аракеттенгендердин аракетин актаган жок. Талкуунун катышуучулары Энесайдын эзелки калкына карата колдонулган терминдердин баары «кыргыз» этнонимине туура келери, анын синонимдери катары колдонулаары аныкталды. Ал эми «хакас» термини байыркы жазма булактарда таптакыр кездешпей тургандыгы далил болду. Тактап айтканда, кытай жазма даректеринде “хакас” термини, анын кандайдыр бир башка формалары таптакыр кездешпейт. Демек, “хакас” түшүнүгү алда канча кийин келип чыкканын дагы бир ирет ырастап турат.

Мындай илимий чоң талкуудан кийин илимий коомчулук, Сибирдин тарыхын изилдөөчүлөр баары талкуунун жыйынтыктарын оң баалап, Энесайдын орто кылымдардагы көчмөн калкын «кыргыз» этноними менен атоону таанып кабыл алышты. Ал эми Л. Р. Кызласов дагы талкуудан кийин жарык көргөн эмгектеринде, Сибирь элдеринин тарыхындагы археологиялык эстеликтердин маанисине арналган эмгекте эртедеги кыргыздар адаттагыдай тырмакчага алынбай, орто кылымдардагы хакастар менен бирге Орто Энесайдагы архитектуралык курулуштардын жаратмандары катары эскертилет, ал эми түрк тилиндеги өзүнчө бир керемет бүткөн руникалык жазма эстеликтер болсо жалаң “хакастарга” эле эмес, жергиликтүү калкка жана урууларга таандык [124, Б. 13-14] деп көрсөтүлөт. Мына ошентип, Л.Р. Кызласовдун эмгектеринде кыргыздар биринчи жолу, “эртедеги” деген эпитет менен берилген.

Бирок Л.Р. Кызласов 1975-жылдардан тартып, кайрадан мурдагы көз карашын карманып баштаган. Кыргыздар кайрадан “орто кылымдардагы хакастардын” бир уруусу болуп калган [122, Б. 206]. Автордун маалыматтарына караганда, IV-X кылымдарда “байыркы хакас мамлекети”

Аму дарыядан Крымга чейин, Ангардан Чыгыш Түркестанга чейин таасиретип турган [120, Б. 117-123]. Л.Р. Кызласовдун мындай «жаңы ачылыштары» И.Л. Кызласовдун эмгектеринде колдоого алынып, андан ары улантылды. «Байыркы» же «орто кылымдардагы хакастардын» башка элдерге үстөмдүгү территориялык жана маданий жактан ого бетер жайылтылды. [122, Б. 140] Мындай көз карашка таптакыр каршы турган профессор Ю.С. Худяков, Евразиянын кеңири мейкиндиктеринде «хакастардын» болбогон үстөмдүгү тууралуу, алардын өзгөчөлүү «байыркы хакас цивилизациясын» түзгөндүгү жөнүндөгү имиштер, мурдагы талкууда бардык жагынан сынга алынган, тар маалыматтарга таянган, анын үстүнө аларды үстүртөн, субъективдүү мүнөздө чечмелеген мурдагы жаңылыш көз караштарга негизделет [65, Б. 30] деп, сынга алган.

Илим чөйрөсүндө толук такталып, жалпы таанылган бул маселенин кайрадан каралышынын чоң деле себебин көрө албайбыз. Кызласовдордун илимде четке кагылган мурунку көз карашын бекемдегидей жаңы даректер деле табылган жок. Иш жүзүндө андай деле эч нерсе болгон эмес. Болгону кытайчы Н.П. Мункуев «Мен да бэй лу» текстинин орусча котормосуна түшүндүрмө берип жатып, эскертүүлөрүнүн бир жеринде С. Е. Яхонтовдун «хягасы» сөзүн «кыргыз» деп чечмелегени анчалык так эместей көрүнгөндүктөн, ага күмөнсүп, туурасы «гакас» болот окшойт [151, Б. 128] деп, өзүнүн вариантын сунуш кыла кетет. Окумуштуу бул оюн ал ар тараптан изилдеп, талдап-тактап көрбөй туруп эле, тек гана божомол кылып, сөз арасына кыстара кетет. Андан менен кошо бул жоромол «хакас» деген терминдин пайдасына айтылган эч кандай далил болуп бере албайт эле. Буга карабастан Л.Р. Кызласов Н.П. Мункуевдин божомолун чындык кылып карманып, илимде четке кагылган өзүнүн көз караштарын жаңыртып, кайра таңуулап баштаган. Эске сала кетчү жагдай С.Е. Яхонтовдун макаласында хягясы (сяцзясы) сөзүнүн түзүлүшү катары хакас айтымы кабыл алынбайт, хягясы — кыргыз деген терминдин кытайча жазылган бир түрү катары ырасталат. [216, Б. 118] Бирок Н.П. Мункуев, С.Е. Яхонтовдун

чечмелөөсүндө жана «кыргыз» деп көрсөткөн түшүндүрмөсүндө жетерлик негиз жок, сянзясы үчүн, сыягы, эзелки гакас (ассимилядиялашканын эске алуу менен) ылайык келчүдөйдеп көрсөткөн жана Л.Р. Кызласовдун «хакас» жана «кыргыз» терминдеринин текжайы сүрүштүрүлгөн макаласына окурмандарды нускаган. Ошондуктан Л.Р. Кызласов С. Е. Яхонтовдун түшүндүрмөсүнө макул болууга жүйө жок деп билдирген. [120, Б. 54]

Ю.С. Худяков Н.П. Мункуевдин айткан кеби кыярбас акыйкат болгон күндө деле «хакас» эмес «гакас», «гакастар», «гакас мамлекети», «гакас цивилизациясы» ж. б. у. с. делинип айтылып, жазылышы керектигин көрсөткөн. [200, Б. 42-43] Чындыгында эмне үчүндүр мындай болгон жок. Бул Н.П. Мункуевдин айткандары Л.Р. Кызласовго өзүнүн мурдагы концепциясын актап чыгуу үчүн илинчек гана болуп берди.

Буга чейин биротоло такталып, бир жаңсыл болуп чечилип бүткөн жагдайларды кайталабай туруп, профессор Ю.С. Худяков өз эмгектеринде Л.Р. Кызласовдун табылгаларына талдоо жүргүзгөн.

Биринчиден Тан доорундагы кытай жылнаамаларында дзяньгунь (кыргыз) жана сяцзясы (варианттары менен) терминдери эки башка мааниде колдонулат, алардын айырмасы бар деген пикирге Л.Р. Кызласов өзүнүн бүткүл концепциясынын өзөгү катары көрсөтөт. Кытай тарыхый булактарында, Тан доорунун убагында “кыргыз” (цзяньгунь) деген аталышты бир эле жазма булактарда “хакас” деген аталыш менен бирге жазышкан [120, Б. 53]. Эскерте кетчү жагдай, «сяцзясы» термини боюнча Л.Р. Кызласов келтирген варианттардын тизмесинде анын айрым формалары жок, бирок ага карабастан аларды дагы Л.Р. Кызласов «хакас» сөзүнүн жазылыш түрлөрү деп эсептейт. [119, Б. 168]

Мындай «айырмачылыктын» мааниси тарыхый-фонетикалык жактан эмнени туюнта тургандыгын өз кезинде С.Е. Яхонтов тактап, бул терминдерде таптакыр «айырма» жок экендигин даана көрсөттү [33]. Экинчиден, Л.Р. Кызласов ушул эки терминдин айырмалуу маанисин ырастай ала турган далил катары булактарда гяньгундардын «уруусу

динлиндер менен аралашып кеткен» мезгилден кийинки жагдайлардан кабар берип, «хягас» деген эзелки гяньгунь мамлекети болот» деп чагылдырган дарекке таянат. [120, Б. 53] Л.Р. Кызласовдун Чындыгында бул жерде «хягас» деген «гяньгунь» деп айтылып жатат. Ал эми Л.Р. Кызласов далилдөөгө аракеттенгендей боло турган болсо, булакта «хягас» деген «гяньгунь эмес» деп жазылмак. Демек, Л.Р. Кызласов бул эки терминди эки мааниде түшүндүргүсү келсе дагы, аларды жазма даректердин тексттери окшош маанидеги сөздөр катары көрсөтүп турат.

Профессор Ю.С. Худяков “хягасы” жана «цзяньгунь» терминдеринин ортосундагы «айырмачылык» ойдон чыгарылган жасалма маселе экенин баса көрсөткөн. Юлий Сергеевич Л..Р. Кызласовдун «хакас» термини кытай жазма даректеринде мааниси жагынан кыргыз деген терминге караганда алда канча кеңири жана тагыраак мүнөзгө ээ болуп, байыркы хакас мамлекетин түзгөн көп түрлүү урууларлын баарын камтыган жалпы түшүнүктү билдирет [116, Б. 8] деген тыянагы таптакыр тыянаксыз экенин белгилейт [192, Б. 32]. Ошол эле учурда Л.Р. Кызласовдун «кыргыз» деген термин тили бөлөк, ар кошкон ошол уруулардын «энчилүү аты» боло алмак эмес [116, Б. 8] деген сөзүнүн жаңылыш экенин Ю.С. Худяков талдоолору менен тактап берген. Анын пикиринде, «Кыргыз» термини гана эмес, калган башка бардык терминдер деле, «хакас» деген жасалма сөз андан бетер, алардын «энчилүү аты» боло алмак эмес. Тили, түпкү теги жагынан ар башка түркүмгө кирген уруулардын кайдан жүрүп бирдиктүү «энчилүү аты» болсун?! Эгер «кыргыз» деген сөз бул мамлекетте үстөмдүк абалда турган этностук тайпанын кыргыздардын энчилүү атын» билдирген десек, анда башка кеп, ошону үчүн аны башкача эмес, «кыргыз каганаты» деп аташкан эмеспи. Ал эли кыргыздарга көз каранды болуп, алардын букаралыгында турган бардык башка урууларды жалпы жонунан «кыштымдар» деп аташкан, андыктан аларды ушинтип гана атоо керек. [65, Б. 31]

Профессор Ю.С. Худяков кыргыздар Энесайда «орто кылымдардагы хакастардын» арасында бар болгону «аз сандагы династиялык аксөөктөрдүн» [116, Б. 14] гана тукумдары болгон деген пикир акылга сыйбай тургандыгын

белгилеген. Ал бул ойдун кантип, кайдан келип чыкканына токтолуп, кыргыздардын «урук», «муун», «уруу» деген айтымдарын туура эмес түшүнүүдөн пайда болгон деген оюн айтат. Анткени алар ар кайсы элдерге жана урууларга карата, анын ичинде “хягас” термини менен да бириктирилип кеңири берилген. Атап айтканда, “хягас деген чакан уруу”, “хягас үйү” ж. б. Андыктан «кыргыздар – аксөөктөр тукуму» деген аныктаманын ылгый көрагар мүнөзү бар, ал «кыргыз» деген терминдин этностук маанисин жокко чыгарууну көздөйт. Бул аныктаманын кабыл алынышы маселени татаалдантып, чечилиши кыйынга турган бир катар карама-каршылыктарды пайда кылмак. Эгерде гяньгундарды чынында эле аксөөктөрдүн бир ууч «урук-урку» болгон деп эсептей турган болсок, анда алар жазма даректерде өздөрү менен бирге айтылып жүргөн азар түмөн динлиндерди кантип каратып алышкан да, аларды кантип ассимиляциялап алган? Эгер алар бул кезде өзүнчө урук-тукум болуп түзүлө элек болчу деп санасак, анда кайдан жүрүп этностон бир уруктун гана уюткусун түзүп калат? Андан кыйла кийин деле «сөөк-кыргыз тукуму» ар кайсы уруулардын составына киргени белгилүү, ал эми династиялык укум-тукумдар бир гана уруудан чыгышы мүмкүн эмеспи... Мисалы, түрк уруусундагы ашина тукуму, уйгур уруусундагы яглакар тукуму ж.б. Анан калса «кадыр-барк күткөн жана белгилүү болгон, ушундай жамааттан чыккан тукумдардын аттары» кыргыздардын өздөрүнүн ичинде да болгонун жазма даректер кабарлайт. [65, Б. 32]

Энесайдагы байыркы бул «мамлекетте кыргыздар үстөмдүк абалды ээлеп тургандан улам гана» ошол замандагылар аны, Л.Р.Кызласовдун пикири боюнча, «жаңылыш» түрдө кыргыздардын мамлекети аташкан [116, Б. 9] имиш. Аны кыргыздардын өздөрү түгүл, ага жамаатташ жашап, жакшы билген же болбосо алыстан туруп дайнын угуп, кабарын эшиткен элдердин баары ушинтип атаган соң, ал дал ошол эзелки энчилүү аты менен гана аталганы абзелдир. Буга кала берсе, «тилдеги эн белгилер» да эч кандай эбеп боло албайт. Кыргыздардын тилинде бир нече «самодий» сөзү бар экени

ырас, бирок ал тарыхый чындыкты өзгөртүп ийе албайт жана Энесай калкы самодийлердин тукумунан жаралганына кепил боло албайт. Кыргыз тили түркий тилдердин түркүмүнө кирери кимге таңсык, муну жадесе Л.Р.Кызласов өзү айткандай, кыргыздардын мамлекетинде «адабий тилдеги» озуйпасын аткарган «көрөңгөлүү руникалык Энесай жазуусу»[116, Б. 10] деле ырастап турбайбы:

Л. Р. Кызласовдун «хакас» деген сөздү хаас (качиндер), хааш (тофалар), хаасут (дархат-монголдор менен тувалыктар) сыяктуу этнонимдер менен жакындаштырганы [116, Б. 14] да анын көз карашын бекемдөөгө арка-жөлөк боло албайт. Аталган этностук тайпалар, балким, түпкүлүгүндө барып этностук жалпы бир уңгуга жалгашар. Мындай болушу толук ыктымал. Болгону аларга анын сөөктөрүнүн составындагы хаасуттардын урук-жаатын кошуу керек. [65, Б. 32]

Тарыхта белгилүү, өз учурунда Хубсугун көлүнүн жака-белинде хаасут кошуну жашаган. Ал административдик жактан өзүнчө турган тогузунчу урянхай кошуну эле. [79, Б. 98]

Ушундан улам божомол кылса болот: хаасуттар жана аларга жакындыгы бар башка этностук тайпалар, балким, ага хаас-качиндер да кире турган чыгар, ошол урянхайлыктардын, жазма даректерде айтылгандай “чер токойдо жашаган урянкаттардын” укум-тукуму болушу мүмкүн. Тан жана Юань доорлорунда урянхайларды ханьхэна, хакас, хабханас деген сыяктуу аттар менен таанып билишкен. [65, Б. 33] С.Е. Яхонтов урянхайларды хакас-качиндер менен жалпылыгы болушу мүмкүн деп туура айткан. Илимпоздун божомолунда анык чындык болушу ыктымал. Анткен менен сөздүн негизги мааниси мында: бул жерде аталган топтордун баары кыргыздардын мамлекети - Улуу каганат аталып, күч-кубатка толуп турган мезгилде, кыргыздарга кыштымдарды берип турган. Ошол кыштымдардын бир бөлүгү кийин ханас деген ат менен кыргыз жергесинде орустар пайда болгонго чейин сакталып келген, ал турсун бүгүн деле ушу азыркы эле хакастардын бир уруу жамаатын түзүшөт. Андыктан Л. Р. Кызласов өңдөнүп хакастарды

(ханас, хабханас) харгястар (кыргыздар) менен чаташтыруунун эч кандай зарылдыгы жок. Анын үстүнө кыштымдар тарыхта «кыштым бойдон калууга тийиш. [65, Б. 33] «Байыркы же орто кылымдардагы хакастар» деген ойдон чыгарылган жалган атка жамынып, кыргыздардын тарыхын аларга тартып берүү ары осол, ары одоно иш.

Л. Р. Кызласов андан ары өз жоромолун дагы бир тарыхый табылга менен тастыктоого тырышат. Атап айтканда, окумуштуу Енисей дарыясынын жогорку жана ортоңку агымынан табылган руникалык жазмаларда кыргыздардын аты жазылган эмес, болгону анын “эл” деген синоним сөзү – гана жолугаарын айткан [116, Б. 18-19]. Макул, ушундай экен деп туралы. Бирок «кыргыз» деген этноним: биздин заманда тээ илгерки III кылымдан тартып биздин замандын XVIII кылымына чейинки ар түрдүү элдердин жазма даректеринде ташка тамга баскандай болуп бадырайып жазылып келген. Ал эми азыркы учурда профессор Ю Тайшан кийинки ачылышынын негизинде [223, Б. 1-5], “кыргыз” этнониминин жана кыргыздардын тарыхый даректерде эскерилишин б.з.ч. X кылымга, Батыш Чжоу сулалесинин (династиясынын) дооруна барып такалган сунушун айтылууда. Эң негизгиси - ал түрктөрдүн, уйгурлардын жазма санжыраларында кыргыздардын өздөрүнө таандык тарыхый-археологиялык тексттерде кездешет. Эмне экен, айрым эстелик алардын аты аталбай калса эле «кыргыз» деген этнонимдин түпкү нускасынан шек санап, аны тарыхтан орду-түбү менен шыпырып салуу керекпи?! Тан доорундагы жылнаамаларда кездешкен анын «хягясы» аттуу бир түрүнөн шек санап, андан «айырма» издеп ополоң-тополоңго түшкөн аракет кыргыздар тууралуу башка даректерде түгөл кездешкен маалыматтардын алдында чындап келгенде шоона эше албайт. Анан калса «эль» деген сөз руникалык кыргыз жазмаларында гана учураса бир жөн эле. Эгер ал «кыргыз» деген сөздүн «синоними» болгон болсо, анда уйгур жана түрк тилиндеги жазууларда анын мааниси эмнени билдирет? Кайсы жагынан албайлы, «эль» жана «кыргыз» деген сөздөрдү кыйыштырып, «түгөйлөштүрүү» таптакыр алгылыксыз жосун болуп турат.

Жүрө түшүп Л.Р. Кызласов өзүнүн өйдө жакта айтылган ойлоруна мындай бир далилди кошумчалай турган болду. Көрсө, азыркы хакастардын арасында өздөрүн «хаастар жана сагай-хаастар» деп атаган этностук тайпалар бар экен, мына ошол себептен улам биз Энесайдын байыркы калкын «хакастар» деп аташыбыз ылаазым экен [118, Б. 65]. Хаастар (качылыктар) жөнүндө өйдө жакта айтылды. Ал эми «сагай-хаас» деген болсо - Л.Р.Кызласовдун атасы Роман Афанасьевич Кызласовдун адабий псевдоними, Бейка улусунда жашагандар «кээде өздөрүн ушинтип аташчу» экен. Эми мына ошол адабий псевдоним орто кылымдардагы Энесайдын калкы үчүн «энчилүү ат» катары сунуш кылынып отурат.

Макул кыргыздар ал кезде үстөмдүк абалда турса да элдин «көпчүлүгүн» түзө албаган экен, ошону үчүн «тарыхый акыйкат» Л.Р. Кызласовго орто кылымдагы Энесайдын калкын кыргыздар деп атаганга «уруксат» бербей жатыптыр дейли, андай болсо эмне үчүн ал ошол байыркы көп уруулуу элдин баарын кыргыздардай эле азчылыкты түзүп, бирок эч качан үстөмдүк абалга жетпеген, тескерисинче, кыргыздардын букаралыгында турган бир уруунун аты менен атаганга өзүнөн-өзү «уруксат берет? Неге дегенде хакас-качылыктар, ал эми Бейка улусунда жашагандар андан бетер «эмгекчил калктын көпчүлүгү» боло албайт эмеспи, ал ар болгону кыштымдардын бир урuусу гана болуп саналат го.

Ю.С. Худяков Л.Р. Кызласов айтып жаткан “абакан татарлары” тууралуу өзүнүн далилдүү көз карашын билидрген. Анын изилдөөлөрүнө таянсак, чынында эле абакан татарларынын энчилүү аты болгон, бирок алар өздөрүн хаастар же сагай-хаастар деп эмес, “тадырлар”, б. а., татарлар деп эле аташкан. Бул тадырлар деген энчилүү ат Хакассиядагы жергиликтүү элдин оозеки тилинде азыркы учурга чейин сакталып калган. Ал гана эмес “хакас” деген расмий ысым дагы бул атты эл оозунан сүрүп чыгара алган эмес [67, Б. 62].

Ю.С. Худяков хакас элинин фольклордук маалыматтарынын негизинде бир катар кызыктуу маалыматтарды келтирет. Хакастардын жалпы эле

фольклору жана топонимикасында, орто кылымдардагы жана азыркы учурдагы сарт, хыргыс, китат, уйгур, тиргеш, торбет, тилек, ойрот, моол, соян жана башка ушул сыяктуу көптөгөн элдердин жана уруулардын аттарын санат кылып айтышат. Ал эми XX кылымдын башынан бери колдонуп келаткан "хакас" деген жасалма ысымы тууралуу эч кайсы жерде айтылбайт. Ошондой эле хакастардын фольклорунда Энесайдын жергиликтүү калкынын жалпы аталышы болгон "хоорай" деген сөз "тадырлар" менен кошо кездешет. [67, Б. 62] Муну менен Энесайдын "көпчүлүк эмгекчил калкы" мурда-кийин болобу "хакас" деген жасалма, китеп сөзүн эч качан эшитип-укпаганын, алар өзүн «хоорай» жана «тадыр» деп гана атаганын ырастасак болот.

Тарыхый адилеттик мына ушул фактылардын баарын эске алууга милдеттендирет, алар болсо бир гана нерсени Энесайда өткөн доорлордо өздөрүн "хакас" деп атаган эл эч качан жашабагандыгын жана андай элди ошол кездеги жумурай-журттун эч кимиси угуп көрбөгөндүгүн күбөлөндүрүп турат. Аталган сөз өзүнүн ушу мезгилдеги маанисинде XX кылымдын 20-жылдарынан тартып гана айтылып келет, ошондуктан Энесайдын калкын дал ушул убактан баштап хакастар деп атоо зарыл.

«Хакас» деген сөздү орто кылымдардагы Энесайдын калкына көчүрүп барып, ага кыйнап жалгаштыруу аракети тарыхты бүтүн башына каратып бурмалоо гана болуп саналат.

Л. Р. Кызласовду сынга алгандар адилет белгилешти, анын концепциясы терминдерди тетири тейге салып алардын ордун алмаштыргысы келген аракет менен эле чектелбейт. «Кыргыздар» менен «кыштымдардын» тарыхый жактан аныкталган айырмасын таныы, анын ордуна кайдагы бир ойдон чыгарылган «хакас» деген терминди таңуулап, Л. Р. Кызласов иш жүзүндө жалпыга белгилүү чындыкты, тактап айтканда, азыркы хакастар урук-урку жагынан кыргыз кыштымдарынын урпактары экенин, ал эми кыргыздар болсо хакастардын эле эмес, ошондой эле тувалыктардын, кыргыздардын жана башка түрк тилдүү элдердин составына киришкендигин

төгүнгө чыгарууга умтулат [32]. Арийне, биздин жумушчу-дыйкан мамлекетибизде өз элинин түпкү тегин сөзсүз эле «династиялык ак сөөктөр тукумуна» алып барып тогоштуруу милдет эмес. Ошол эле учурда «көпчүлүк эмгекчил калкты» - кыштымдарды байыркы ата-бабабыз деп айткандын да эч кандай осолдугу жок, бирок эмне үчүндүр айрым бир марксист-тарыхчылар дал ушул чындыктан көбүрөөк «көрүнүшүп», өз элинин өткөндөгү тарыхын кандай да болбосун мартабалуу кылып өзгөртүп түзүүгө жан талашышат, ошондуктан бир кезде атагы таш жарып, дарек- даңкы бүткүл Азияга угулган «хиргиз элинин» укум-тукумдары башка эмес, мына биз болобуз дешет, ага эч кимди жакын жолотпой, жосуну келбесе да өздөрүнө энчилеп алгысы келишет. Бирок минтип ар кимибиз эле өзүбүзгө атак-даңкына карап ата-тек тандай берсек, анда тарыхтан эмне тамтык калат? Андыктан Л.Р. Кызласовдун көз караштары менен кала берсе азыркы күндөрдөгү мына ушул позициялардан туруп караганда да макул болууга болбойт. [65, Б. 34]

Л.Р. Кызласов өз кезегинде “байыркы хакас цивилизациясы” түшүнүгүн ар кандай жолдор менен коргогонго болгон аракетин жумшады. 1987-жылы партиялык уюмдарга профессор Ю.С. Худяковдун “Энесайдагы кыргыздар” эмгегинде хакас элинин улуттук намысына шек келтирилип жаткандыгы тууралуу кат жолдогон. Себеби, аталган эмгекте азыркы мезгилде кабыл алынган Хакасиянын жергиликтүү элинин аталышы бурмаланып, “хакас” деген аталышты “абакандык татарлар” же “татарлар” деген атка алмаштыруу сунушу жазылганын белгилеген [192, Б. 36].

Профессор Ю.С. Худяков Л.Р. Кызласовдун “Энесайдагы кыргыздар” эмгегиндеги азыркы “хакастар” этнониминин четке кагылып жатат деп туура эмес жарыялап жатканын [192, Б. 37] баса көрсөткөн. Негизинде бул эмгекте, тарыхый чындык, бардык фактыларды эске алуу керек экенин милдеттендирет. Ал эми алар Энесайда мурун кийин “хакас” термини менен өзүлөрү же башкалар тарабынан аталган эл болгонбогондугун күбөлөндүрөт. “Хакас” сөзү элдин аты катары XX кылымдын 20-жылдарында гана кире

баштаган, ушул учурдан баштап гана бул аймактын жергиликтүү калкын "хакастар" деп атоого болот, жасалмалуулук менен аталган "хакастар" аталышын байыркы деп кабылдабашыбыз керек экендиги айтылган [192, Б. 30].

Окумуштуулар тарабынан профессор Л.Р. Кызласовдун азыркы учурдагы "хакас" этнонимин байыркы жана орто кылымдардагы Энесайда жашаган эле деп эсептеген концепциясын туура эмес деп эсептеген сын пикирлер айтылып келүүдө [168, Б. 53]. Себеби Энесайда отурукташкан эл "кыргыздар" деген ысым алып жүргөнүн жазма булактар маалымдайт, ал эми байыркы жана орто кылымдарда "хакас" аталышы болгон эмес. Л.Р. Кызласовдун ойдон чыгарып, "байыркы хакастар" деп кыргыздарды жазганы тарыхты бурмалоо болуп эсептелет.

Л.Р. Кызласовдун "байыркы хакас цивилизациясы" жана "байыркы хакастар" деген түшүнүктөрдү партиялык уюмдар аркылуу сактап калуу аракетинен майнап чыкпады. Ал 1989-жылы "хакас" этноними өткөн тарыхта хакас тилиндеги материалдарда кездешээри тууралуу далилдеп жазып чыкканга аракет кылган [117, Б. 128]. Бул менен хакасиялык окумуштуу эч бир жаңы далилдерди бере алган эмес.

1991-жылы С.Е. Яхонтов кайрадан "кыргыз" жана "хаас" жана "чик" терминдерин анализдөө үчүн кытай булактары кайрылды [215, Б. 124-125]. Илимпоз "кыргыз" этнониминин "гегу", "гянгунь", "кирилгисы" жана "хягясы" деген сыяктуу кытай терминдерин ар кандай фонетикалык варианттарын иликтөөгө алган. С.Е. Яхонтовдун кытай жана түрк рун булактарында хагас же хакас, кахас, гакас (р тамгасы жок) жыйынтыгы абдан чоң мааниге ээ. [215, Б. 124] Ошентип, дагы бир жолу С.Е. Яхонтов "хакастар" термини кытай булактарында кездешпей турганын баса көрсөттү.

Ошол эле учурда орто кылымдардагы окумуштуу Махмуд Кашкари Барскани кыргыздар тууралуу эскерилген ар бир маалыматында "кыркыз" түрүн колдонот [237, Б. 187]. Демек кыргыздардын аталышын кыргыз

(кыркыз) түрүндө берүү ошол доордун этнографиялык реалдуулугу болуусу мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, эң алгач илимде белгилүү болгон бардык тарыхый маалыматтарга таянып, орто кылымдарда Түштүк Сибирде түрк тилдүү эл жашаганын белгилөө керек. Алар өздөрүн “кыргыздар” деп аташкан, башка калктарга дагы алар “кыргыз” деген ат менен таанылып, белгилүү болушкан. Кыргыздардын мамлекетинде жалпы жонунан этностук тек-жааты жана тили жагынан ар түрдүү топторго кирген уруулар “кыштымдар” деп аталып, кыргыздарга баш ийип жашашкан. Ошол себептүү орто кылымдарга таандык материалдарды иликтөөдө же анализ жүргүзүүдө кыргыздардын мамлекети – “кыргыз каганатын”, “кыргыз элин”, “кыргыз маданиятын” өзүнчө так ажыратып, кыргыздарга көз каранды болгон “кыштымдар” менен айырмалай билүү керек.

Жалпысынан Ю.С. Худяковдун жыйынтыктары туура, себеби “кыргыздар көптөгөн элдердин курамына этностук компонент катары кирген. Алардын ичинде тениртоолук жана түштүк сибирдик элдердин курамында да бар. Профессор Ю.С. Худяков “кыргыз” этноними тууралуу талаш маселеге чекит койду десек жанылышпайбыз.

Профессор Ю.С. Худяковдун изилдөөлөрүндө Саян Алтай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый, этностук-маданий жалпылыгы тууралуу маселеге дагы кеңири токтолгон.

Дүйнөлүк этностордун катарында кыргыз эли дагы узак кылымдардын аралыгында, көптөгөн этностор менен аралашкандыктан, алардын этностук курамы ар кыл компоненттерден турган. Кыргыз таануудагы чоң маселе бир эле мезгилде “кыргыз” этнониминин бири-биринен алыс жайгашкан Түштүк Сибирде (Энесай боюнда) жана Теңир-Тоодо эскерилиши маселени татаалдаштыргандыгында. Ушундан улам энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздарынын түпкү теги бирби же эки башкабы, эгерде алардын түбү бир болсо, анда алар качан жана кандай шартта экиге ажыраган, - деген маселе келип чыккан. [125, Б. 464-467]

Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук жана маданий тектештиги жана азыркы кыргыз элинин келип чыгышы тууралуу маселелер кыргыз тарыхында, этнографиясында, тил илиминде, археология илиминде окумуштууларды көптөн бери эле көйгөйгө салып келген маселелерден. Кыргыздардын келип чыгышы, Саян Алтай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук жалпылыгы боюнча илимпоздордун көз карашына, тыянактарына профессор Ю.С. Худяков өз эмгектеринде кайрылып, өз көз карашын билдирген. Бул маселеде кыргыз окумуштуулары Ө.Караев, М.Ч. Кожобеков, Т.К. Чоротегин ж.б. жана В.Я. Бутанаев сыяктуу чет элдик илимпоздор Ю.С. Худяковдун илимий негиздүү көз караштарын колдоого алышкан. Саян Алтай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын чиеленген түйүндөрү боюнча көз караштарын илимпоз 1986-жылы Новосибирск шаарында жарык көргөн "Энесайдагы кыргыздар" ("Кыргызы на Енисее"), 1995-жылы Бишкек шаарында басылган "Кыргыздар Азия мейкиндигинде" ("Кыргызы на просторах Азии") жана В.Я Бутанаев менен авторлош жазылган 2000-жылы Абакан шаарында чыгарылган "Энесайлык кыргыздардын тарыхы" ("История енисейских кыргызов") сыяктуу монографияларында ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхына эки миң жылдан ашык тарыхы бар. Кыргыздар Түштүк Сибирде, жана ага аймакташ жерлерде этностук-маданий баалуулуктарды калтырган элдердин бири болуп саналат. Буга кыргыздардан сакталып калган байыркы жана орто кылымдарга таандык этнографиялык, археологиялык булактар далил. Өз мезгилинде кыргыздар Сибирдин түштүгүнөн (Монголия, Саян-Алтай, Тарбагатай) Чыгыш Түркстан, андан Теңир-Тоо жергесине чейин мамлекеттик системасын, тилин, этностук көөнө маданиятын, чарбалык тиричилигин таратышкан. [85, Б. 55-56] Түштүк Сибирдин (азыркы, Тоолуу Алтай, Хакасия, Тува) этностору менен Теңир-Тоолук кыргыздардын азыркы учурда сакталып калган этникалык, тилдик, маданий жалпылыктары илимде белгилүү.

Теңир-Тоо жана Түштүк Сибирдин этносторунун жалпылыгын иликтөөдө Ю.С. Худяков жалпы бир тыянак чыгаруудан биринчи буга чейин ушул тема менен алектенип жүргөн окумуштуулардын көз караштарын анализдеген.

Эки этностук компоненттин жалпылыгы тууралуу пикирди алгачкылардан болуп Г.Ф. Миллер айткан [143, Б. 12-19]. Ал "Сибирдин тарыхы" эмгегинде кыргыздар Теңир-Тоого Енисейдин жогору жагынан көчүп келишкен деген көз карашын айткан. Бул гипотезаны биринчилерден болуп көтөрүп чыгышы Г.Ф. Миллердин кыргыз тарыхына кошкон чоң салымы [143, Б. 12-19]. Анын соңунан бул маселеге И.Э. Фишер кайрылып, XVII кылымдын аягында жуңгарлар Россия менен түзүлгөн келишимге ылайык кыргыздарды Энесайдан Теңир-Тоого сүрүп көчүргөн болуу керек деп жоромолдогон [192, Б. 133]. Бул божомолду К. Риттер, Ю. Клапрот ж.б. колдогон. Н.Я. Бичурин болсо Энесай менен Теңир-Тоонун кыргыздарын эки башка эл деп эсептеп, өзгөчө көз карашты тутунган. XVII к. – XIX к. башталышындагы окумуштуулардын изилдөөлөрү XVII к. энесайлык кыргыздар тууралуу маалымат берген орус элинин тарыхый булактарына, ошондой эле Хань, Тан жана Юань империяларынын мезгилиндеги кытай жылнаамаларына негизделген. Бул маселеге кезинде Ч. Валиханов да кызыгып, Абул-Гази-Бахадур хандын санжырасындагы маалыматтарды, кыргыздардын тарыхый уламыштарын огожо тутуп, иштин түйүнүн чечмекке аракеттенип көргөн. Натыйжада ал кыргыздар азыркы аймагынан эч кайда жер которуп, ооп-көчпөсө керек дегендей пикирде калган. Анткени уламыштар боюнча эл өзү көчүп-көчпөгөндүгү тууралуу билбегендиктен жана эстей албагандыктан, көчүп келген эместигин айтышат. Элдин баары өз мекенибиз деп, Анжиян тоолорун эсептешет. Ушунун негизинде Ч. Валиханов кыргыздар анжияндыктар (ошондон чыкканбы) болгон деген ойго келет. Чынында эле жапан кыргыздар азыркы жашаган аймагында, б.а. Кашкар менен Анжиянды ортосундагы тоолордо байыртадан бери жашап келет [70, Б.59]. Айтмакчы, «эзелтен» дегени Ч. Валиханов үчүн «XVII к.

чейин» дегенди гана билдирет, б.а. ал кыргыздарды XVII к. Теңир-Тоого жуңгарлар сүрүп көчүргөн деген божомолду жокко чыгарат, болгону ушу. Ч.Ч. Валиханов бул маселени бир жаңсыл кылып чечүү үчүн төмөндөгүдөй гипотезаларын сунуштайт: биринчиден, сибирь кыргыздары жана жапан кыргыздарынын уңгусу бир эл болгон, жапан кыргыздары Чыңгыз хандын заманына чейин же анын мезгилинде Чыгыш Түркстанга келип отурукташып калган; экинчиден, буга чейин айтылып келгендей, кыргыздарды Сибирден күчкө салып көчүрбөстөн, ошол мезгилдеги тынч эмес кырдаалдардан улам жер которуп кетишкен, эми мурда кайсы жерди байырлашса ошол жерде жашашат [70, Б. 65]. Ошону менен бирге ал Сибирден Чыгыш Түркстанга кыргыздар моңголдорго чейин же алардын тушунда көчүп келиши ыктымал деп эсептеген.

Бул маселенин XIX к. орто ченине чейинки иликтелген натыйжаларына таянып, В.В. Радлов кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого жер оодарып келишин адегенде IX к. Кыргыз мамлекетинин зоболосу көтөрүлүп турган мезгилинде алып барып тогоштурган. Бирок кийин бул пикиринен кайтып, кыргыздар Саяндын түндүк аймагындагы байыр кылган баштагы жеринен XIII к. моңголдордун чапкынынан бир жамааты Теңир-Тоого, экинчиси Миң-Өзөнгө, үчүнчүсү Саяндын түндүгүнө сүрүлүп, үч багытта тарап кеткен болсо керек [164, Б. 20] деген божомол жасалган. Мындай жыйынтыкты ал этнография жана тил илимдериндеги маалыматтарга таянып айткан.

Ал эми айрым окумуштуулар Түштүк Сибирдик жана Теңир-Тоолук этностук компоненттердин жалпылыгы жок экенин божомолдошот. Алсак кыргыздардын Кыргыздардын урук-уруулары жөнүндөгү маалыматтарды пайдаланып, «бурут» жана «Болюй» деген терминдердин тектештиги жакында кытай жазуу булактарында айтылган жоромолду эп көрүп, Н.А. Аристов кыргыздар тээ, б.з.ч. III к. бери эле усун деген ат менен Теңир-Тоодо жашап турган [40, Б. 298] деген пикирин билдирген. Белгилүү окумуштуу В.В. Бартольд болсо адегенде кыргыздарды Энесайдан Теңир-Тоого IX – X кк. көчүп келген деп эсептеген. Бирок, кийин 1927-жылы

илимге белгилүү болгон бардык кытай жана мусулман жазуу булактарындагы маалыматтарды иргеп, иреттеп чыккан соң, «кыргыздар ушу азыркы жашап турган жеринде биринчи жолу XVI к. гана эскерилет, анын үстүнө, биз көрүп тургандай, бул жерге алардын качан жана кантип келишкени тууралуу эч кандай маалымат жок» деген бүтүмгө келет [49, Б. 509-510]. Ага Г.Е. Грумм-Гржимайло жооп берген, «кыргыз буруттар» моңгол дооруна чейин Баргужин-Токумду байырлап, буряттарга коңшулаш жашап турган, ал жерден Теңир-Тоого «болжол менен XIII к.» көчүп келишкен [75, Б. 180] деп билдирет.

Бул маселенин түйүнүн чечүүдө археологиялык табылгаларды кеңири колдонуу тажрыйбасын алгач ирет А.Н. Бернштам баштады. Анын көз карашына ылайык, кыргыздардын тарыхы б.з.ч. IV миң жылдыкка, Энесай менен Теңир-Тоо жалпы бир этномаданий чөлкөм болуп турган доорлорго барып тогошот. Маданий жактан алардын «эң окшош» белгилери андронов дооруна туура келет. Скифтердин мезгилинде жергиликтүү айырмачылыктары көбөйгөн. Ушул мезгилде Теңир-Тоо жана Энесайда негизинен динлин тиби деп аталган, бир гана расалык тип болгон [54, Б. 176]. Бул этномаданий бирдик хуннулардын басып киришинен улам ажыраган. «Энесай менен Теңир-Тоо ошо кездеги Борбордук Азия дөөлөттөрү үчүн эки фронт болуп берген. Хуннулар бир эле мезгилде усундарга, Энесай кыргыздарына да жортуул жасап турган». Кыргыздардын « энесайлык жана теңир-тоолук» болуп эки тарамга ажырашы да ушул мезгилге туш келет [54, Б. 176]. Сяньби, тоба жана жужандар үстөмдүк жүргүзгөн кийинки доорлордо эки «тарам» кошулбай, бөлүнгөн бойдон калган [19].

Түрк кагандыгы тушунда «энесайлык жана теңир-тоолук уруулардын кандайдыр бир деңгээлиндеги кошуу процесси» болуп өтөт. Бирок Теңир-Тоолук батыш түрктөр ушул эле мезгилде « энесайлык кыргыздарга эки жолу чыңдап курал жазганга үлгүрдү». Андан кийинки кезеңдерде түрктөр менен уйгурлар эки майданда жоолашып, чабышып келди. IX – X кылымдарда энесайлык кыргыздардын күч-кубаттуу мезгили, кыргыз элинин сыймыгы

болгон “Манас” эпосунун жаралуу доору болду [54, Б. 177]. андан кийин кыргыздар кара кытай, моңголдор менен жоолашып, алардан жеңилип калды. «Энесайдагы Кыргыз мамлекети акырындап жок боло баштаган»[50, Б. 177]. Кочкордогу төрткүл казыналарынан табылган асем баюмдары менен өлүккө кошуп жылкы көмүлгөн көрүстөндөрдү А.Н. Бернштам Энесайдан Теңир-Тоого оошуп келген кыргыз маданиятынын издери деп эсептеген. Окумуштуунун мындай пикири жана анын археологиялык табылгалар менен тастыктаган далили, эки аймакта жашаган кыргыздардын бир бүтүн болгондугун көрсөтүп турат.

Бирок мындай жалпы тарыхый даректердин жана археологиялык табылгалардын негизинде чыккан бүтүмдү негизсиз деп четке каккан окумуштуулар дагы жок эмес. Атап айтсак, археологиялык топтордун бирин жетектеп, Ак-Бешим төрткүлүн казып-изилдөөгө катышкан Л.Р. Кызласов энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этномаданий жактан бир уңгудан чыкканын көрсөткөн эч кандай белги табылган жок деп ырастады [123, Б. 104-116]. Бул археологиялык экспедициянын жыйынтыгы боюнча Ю.С. Худяков белгилеп өткөндөй, Л.Р. Кызласовдон окумуштуу катары башка жыйынтык күтүүгө болбойт эле. Себеби ал өзүнүн мурдагы көз карашын тутунуп, Энесайда кыргыздар эч качан болгон эмес, аны «байыркы хакастар» гана байырлап келген деп көшөрүп келатканы белгилүү да. Бул маселе боюнча В.П. Алексеев болсо антропологиялык маалыматтарды талдап келип, энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын түпкү теги бир деген божомолду колдоду [16, Б. 114-115]. Кыргыз калкынын Теңир-Тоого ооп келгенин башка антропологдор да белгилеп, алардын таралып чыккан жери Алтай, көчүп келген мезгили б.з. II миң жылдыгына туш келет деп, болжоп тастыкташты. Тилчи адистер азыркы кыргыз жана алтай тилдеринин тектештигин ырастап сүйлөштү. Этнограф С.М. Абрамзон кыргыз урууларынын курамында түрк, кыдан жана моңгол тегиндеги этностук тайпалар бар экенин аныктады [7, Б. 31-48].

Кыргыз элинин келип чыгышы, кыргыздардын жашаган аймактары, “кыргыз” этнониминин жаралуусу тууралуу маселеге кайрылууда, илимпоздордун пикирин далилдөөдө элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылуу артыкчылык кылбайт. Кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын вариантындагы “Манас” эпосунда кыргыздардын жашаган аймагы Энесай болгондугу чагылдырылат. Эпосто батыш, түндүк жактарда өзөнү токой черлүү, сонун кең жер Эне-Сай деген жер болгондугу сүрөттөлөт. [87, Б. 9-10]. Муну менен кытайлык кыргыздардын эсинде Эне-сайда кыргыздардын жашагандыгы сакталып калган. Демек, Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын өзөгү бир экенин эпостор дагы дадилдейт.

Жалпысынан алганда, кыргыздардын түпкү тегин аныктоонун тегерегиндеги талаш-тартыштар маселенин али жетишсиз изилдегенин айгинелеп, аны мындан ары дагы тереңдетип иликтеп-үйрөнүүнүн зарылдыгын баса белгиледи. Ю.С. Худяков окумуштуулардын мындай талкуусунан кийин, колдо бар маалыматтарга таянып, кыргыз эли, анын маданияты эки уңгудан: орто азиялык тургун жана борбордук азиялык келгин уңгудан түптөлгөн [59, Б. 140] деген пикирин илимий эмгектеринде билдирген. Ал эми бул көз караш, азыркы учурда дагы көпчүлүк окумуштуулардын колдоосун таап, олуттуу бойдон калууда.

1960-жылдарда кыргыздардын этногенези боюнча изилдөөлөр дагы жигердүү уланган. Түштүк Сибирь жана теңир-тоолук кыргыздардын кандай байланышы болгондугун изилдөө үчүн, энесайлык кыргыздар менен теңир-тоолук кыргыздардын этностук-маданий, тилдик, чарбалык, антропологиялык жалпылыктарын толук изилдөөгө алып, болгон булактарды колдонууга күч жумшаган окумуштуулар чыкты. Алардын ичинен кыргыз урук-урууларынын курамы тууралуу тили жагынан түркий тилдердин кайсы тарабына кошуларын, кыргыздардын антропологиялык өзгөчөлүктөрүн талдай келип, кыргыздар моңгол дооруна чейинки мезгилде түз эле Энесай боюнан көчүп келиши мүмкүн эмес деген тыянакка келген окумуштуулар болду. Мисалга алсак, К.И. Петровдун ою боюнча, б.з. I миң жылдыгынын

аягынан баштап Объ дарыясынын жогорку агымын тургундап, кийин Чыңгыз тукумдарынын ич ара араздашкан чабыштарынын маалында моңголдордун кысымына кабылып, XII – XV кк. Теңир-Тоого жер оодарып кетишкен кымак-кыргыз (кыпчак-кыргыз) уруулары азыркы кыргыздардын ата-теги болгон экен. [160, Б. 47-95, 130-145] Муну менен К.И. Петров энесайлык кыргыздарды теңир-тоолук кыргыздардын түздөн-түз ата-теги катары эсептебесе да, теңир-тоолук кыргыздардын түпкү аталары Энесай кыргыздары менен этногенетикалык жагынан кандайдыр бир кыйыр байланышта болгонун жокко чыгарбайт [160 Б. 50, 122].

Ушундай көз караштарга катар эле кыргыз элинин түпкү теги жөнүндө Л.Р. Кызласов өзгөчөлөнгөн пикирин айта баштады. Хакас окумуштуусу Л.Р. Кызласов энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын эч кандай этностук байланышы жок, эки башка эл деген идеяны активдүү колдогон [125, Б. 466-467] пикиринен танган жок. Анын ою боюнча Энесайда кыргыз аттуу эл эзели болгон эмес, байыркы хакастар гана жашаган. Ал эми «кыргыз» деген ат бар болгону ошол хакастардын «башкаруучу ак сөөк уруусун билдирет». Азыркы кыргыздар «борбордук азиялык кыргыздар» деп аталган уруулардан, кезинде түрк жана уйгур кагандыгына кирген ар кошкон элдерден, алтайлык, чыгыш казакстандык уруулар менен тек-жаатчылыгы бар түрк тилдүү топтордон тараган эл болгон. Алар моңголдордун кол астында калып, акырындап отуруп кыргыз деген аттын алдында баарынын башын бириктиришкен [121, Б. 60]. Л.Р. Кызласовдун пикири боюнча, Борбордук Азиядагы кыргыздар моңгол үстөмдүгү орноп турган маалда Юань феодалдарына ишенимдүү кызмат кылышкан [121, Б. 61], кийин XV кылымда алардын негизги бөлүгү Теңир-Тоо аймагына көчүп келишкен [121, Б. 62]. Л.Р. Кызласов көз карашын бекемдөө максатында Бул окумуштуунун мындай акылга сыйбас, далили жок пикирине Ю. С. Худяков толук кандуу далилдер менен жооп берген. Ал Л.Р. Кызласовдун пикирин четке кагууда тарыхый илимдин ар тармактары боюнча кыргыз этногенезин изилдеген

окумуштуулардын пикирине жана өзүнүн археологиялык изилдөөлөрүнө таянган.

Мындай көз караштарга каршы Ө. Караев илимий көз караштын билдирген. Айталы, Ө. Караевдин 1963-жылы илимий жыйнакка киргизилген “IX-XII кылымдардагы араб-перс булактары жана алардагы кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндөгү маалыматтар” деген макаласында, [140, Б. 98-118] аталган даректерге кыскача талдоо жүргүзүп, кыргыз этногенезине байланышкан жаңы маалыматтарды илимий коомчулукка сунуш кылган. Автор ушул маалыматтардын негизинде, Чыгыш Тянь-Шань аймактары I миң жылдыктын аягы жана II жылдыктын башталышында эле, кыргыздардын ата конушу болуп калгандыгын ырастаган пикирин айткан. Бул даректерди иликтөө менен автор орто кылымдардагы кыргыз тарыхын изилдөөнүн булактык базасын кеңейткен жана маселени дагы терең изилдөөнүн зарылдыгын белгилеген.

Ө. Караев б.а. IX-XII кк. кыргыздардын байыр алган жерлери, алардын уйгур, карлук, чигил, йагма, кымак уруулары, «мусулмандар» менен коңшулаш турушканы, маданиятындагы айрым өзгөчөлүктөрү тууралуу кабарлаган бир катар маалыматтар Теңир-Тоонун чыгыш тарабында кыргыздардын бир жамматы эзелтен байырлап келишкенин кашкайта ырастайт деп баса көрсөттү [92, Б. 30-93]. Мындан тышкары ал Л.Р. Кызласовдун энесайлык жана «борбордук азиялык кыргыздар» боюнча көз караштарын адилет сынга алды [95, Б. 256-259]. Бул сынды С.Е. Яхонтов, Н.А. Сердобов, Ю.С. Худяков жана башка изилдөөчүлөр колдошту. Ө. Караев К.И. Петровдун көз карашын дагы четке кагып, талашка чыкты.

К.И.Петровдун монографиясында энесайлык кыргыздар, азыркы кыргыздардын түздөн-түз ата-бабасы катары көчүп келген деген пикирдин, учурдагы илимий далилдерге туура келбестиги белгиленип, Ө. Караевдин көз караштарын төмөндөгүдөй багытта сынга алган.

Ал мындай деп жазат: "Кыргыз деген элдин I миң жылдыкта, деги эле моңгол дооруна чейин Тянь-Шанда жана Тянь-Шанга жакын жерлерде

жашагандыгы жана алар азыркы кыргыздардын негизги өзөгүн түзгөндүгү тууралуу эскирген гипотезаны бекемдөөгө багытталган аргументтерди издөө, азыркы учурдагы илимдин деңгээлинде өзүн актады деп эсептөөгө болбойт" - деп жазат [159, Б. 128].

Ошондуктан Ө. Караев, К.И. Петров сунуш кылган азыркы кыргыз эли үч массивдин негизинде: моңгол дооруна чейинки Тянь-Шандын жергиликтүү калкынын, Чыңгыз хандын жана анын мураскорлорунун учурунда келген моңгол урууларынын жана Энесай - Иртыш дарыяларынын аралыгынан көчүп келген кыргыз деп аталган түрк тилдүү уруулардын жалпылыгынын эсебинен куралды деген концепциясын терең сынга алган. Автордун көз карашында акыркы үчүнчү массив Тянь-Шандын түрк-моңгол урууларын өзүнө сиңирип ассимляция кылган. Албетте, К.И. Петровдун, кыргыздар өзүлөрү менен көчүп келген түрк–моңгол урууларын ассимляция кылгандыгы жөнүндө пикиринде талаш жок - дейт Ө.Караев. Бирок, кыргыздардын Тянь-Шандын жергиликтүү калкын сиңирип алышы башкача деңгээлде жүргөндүр. Анткени, К.И. Петров өзү белгилегендей Иртыш-Энесай аралыгындагы кыргыздар, моңгол дооруна чейин Тянь-Шандын жергиликтүү калкы менен коңшулаш болушкан эмес. Кыргыздардын анча чоң эмес бөлүктөрү гана Тянь-Шанга келишкен жана алардын негизги массасы бул аймактан тышкары кала берген. Эгер моңгол тилдүү уруулар мурда Тянь-Шандын калкынын арасында биринчилик орунду ээлесе, түрк тилдүүлөр экинчи, ал эми XV кылымдын акырында гана катнаш тескерисинче өнүккөн [158, Б. 203]. Мындай болгон соң, кандай жагдайда чачыранды жана аз сандагы кыргыздар, өзүлөрүнөн алда канча көп болгон жергиликтүү түрк- моңгол урууларын сиңирип алышы мүмкүн. Ошондуктан, ал учурдагы тарыхый кырдаал боюнча таразалап көрсөк, анда К.И.Петров өзү айткан аз сандагы кыргыздардын тобу, I миң жылдыктыктын акырындагы туугандарындай Тянь-Шандагы башка калктарга сиңип дайынсыз жок болуп кетиши керек эле да - деп жазат.

Андыктан, Ө. Караевдин пикиринде, XIII-XV кылымдарда Тянь-Шанга Энесай-Иртыш аралыгынан кыргыздардын анча чоң эмес топтору кирген болсо, анда алар саны аздыгынан улам, жергиликтүү урууларды ассимляция кыла алмак эмес.

К.И.Петровко карата айтылган оюн жыйынтыктап келип автор, биринчиден, XIII-XV кылымдарда Иртыш-Энесай аралыгынан чыккан кыргыздар Тянь-Шандын жергиликтүү түрк-моңгол калкын ассимляция кылган деген концепциянын илимий жактан анчалык бекемделбегенин жана белгилүү деңгээлде ал жасалма түзүлгөндүгүн белгилейт. Экинчиден, аталган топтун кыска мөөнөттүн ичинде Тянь-Шандын урууларын сиңирип алышы, XIII-XV кылымдарда, кыргыздардын калган негизги бөлүгү көчүп келгенге чейин эле, алардын азыркы ээлеген аймактарда болгондугун ырастайт. Балким, Тянь-Шандагы кыргыздар II миң жылдыктын башталышында кара-кытай, найман жана моңголдордун жылышындагы энесайлык кыргыздардын келиши менен толукталган. Андыктан кыргыздардын калыптануу мезгили XI-XV кылымдарга туура келген. [213, Б. 56]

Бирок «Кыргыз ССР тарыхынын» кезектеги басылышында кыргыз элинин калыптануусу жөнүндөгү бөлүмдөрүндө ушул маселе боюнча дал ошол К.И. Петров баяндап жазган позиция чыгарылган [90, Б. 229-235]. Ошол эле учурда, ошол эле эмгектин өзүндө Энесай кыргыздарынын мамлекети кыргыз этносунун этностук компонентинин бири экендиги жөнүндө бөлүм да бар. Кыргыз тилинин тарыхында Энесайдагы жана Саян-Алтайдагы «байыркы кыргыз доору» белгиленет [90, Б. 121-125, 159]. Ошентсе дагы, кыргыздардын этностук тарыхындагы «Энесай» доору кыйыр түрүндө болсо да чагылдырылып, тааныла баштаган.

Ал эми «Кыргыз ССР тарыхынын» кийинки басылышында болсо кыргыз элинин ата-тегине байланыштуу маселени: «… энесайлык кыргыздар кыргыз элинин түпкү теги болгон эмес, алардын этностук уюткусунан хакас эли келип чыккан» [90, Б. 143-157], - деп берилген. Бул китептин авторлору XIII к. «Кыргыз хандыгы» дал ошол Алтайда болгон деп сүрөттөшөт.

Ошондой эле «Кыргыз деп аталган ошо кымак-кыпчактардын жери моңгол доорунда Моголстанга кошулган. XV к. орто ченинде алар Теңир-Тоого көчүп келишиптир. Бу көз караш С.Г. Кляшторный, А.М. Мокеев, В.П. Мокрынин биргеликте жазган эмгекте колдоого алынып, кенен берилген.

Бул окумуштуулар кыргыз элинин «этногенездик уюткусу» Иртыштын боюнда, Түндүк жана Тоолуу Алтайда түптөлгөн деп эсептешет. Анткени ал жерлерде X – XI кк. кымак-кыпчак уруулары менен үстөмдүк абалды ээлеген кыргыздардын Энесайдан ооп келген жамааты биригип, этносаясий тайпа түзүлгөн. XII к. кийин алар бүт бойдон кыпчактар менен жуурулушуп кетишкен, бирок, «кыргыз» деп аталып калышкан [108, Б. 42-43]. Иртыш боюнан, Тоолуу Алтайдан дал ошол кыргыздар XV к. орто ченинде жер которуп, Теңир-Тоонун жака белине келип жайланышып ал жердеги моңгол, түрк урууларын ассимиляциялап алышкан[101, Б. 43].

Бул концепция V Түркология конференциясында аталган авторлордун докладында айтылып, бүйүр кызыткан талаш-тартышты чыгарды. Ушул конференцияга келип катышып жаткан Ю.С. Худяков бул талкуунун активдүү катышуучусу болду. Ал Ө. Караев, Т.К. Чороев, В.Я. Бутанаев, Ю.И. Трифонов сыяктуу кесиптештери менен биргеликте, кыргыз этногенезинде кымак-кыпчак кыргыз мезгили болгон деген пикирге каршы чыгышты [192, Б.137]. Алардын бардыгы кыргыздардын этногенезинде «Энесай доорун» эсепке алуунун зарылдыгын айтышты.

Профессор Ю.С. Худяков кыргыз этногенези жөнүндө изилдөө жүргүзгөн жогорудагы келтирилген авторлордун көз караштарына анализ жүргүзүп, айрымдарынын көз караштары азыркы учурда таптакыр актуалдуулугун жоготкондугун белгилейт. Ю.С. Худяков өзүнүн эмгектеринде Н.А. Аристовдун жана А.Н. Бернштамдын эрте темир доорунда, б.з.ч. I миң жылдыкта Энесай менен Теңир-Тоону жердеген учурлар, этномаданий жалпылыкты түзгөн деп айтышкан божомолдорун эскирди деп эсептейт. Анын пикиринде Н.А. Аристов кытай жазуу

даректеринде б.з.ч. II – I кк. жана б.з. XVIII к. окуяларды баяндаган кабарларда кезиккен айрым бир этнонимдер менен политонимдердин кыйыр үндөштүгүнө таянган [192, Б. 137-138]. Профессор Ю.С.Худяков андай «окшоштуктарды» огожо көрүү туура болбосун белгилейт. Ал эми А.Н. Бернштам болсо Борбордук Азиянын эзелки калкын бир бүтүн этнос катары карап, хунну, сяньби, жужан, түрк, уйгурлардын аламан жапырыктарынан экиге бөлүнүп, б.з. I миң жылдыгынын аягында гана кыргыздардын бир жамаатынын Энесайдан Теңир-Тоого көчүп келиши менен «кайрадан кошулган» деп эсептеген. А.Н. Бернштам үчүн кыргыздар орто кылымдырда реалдуу жашаган түрк тилдүү калк эле эмес, динлиндердин «көк көздүү, сары чачтуу» тукумдары да болуп саналат. А.Н. Бернштамдын мындай пикирине Ю.С. Худяков өз эмгектеринде, тарыхтагы динлиндер Энесайды да, Теңир-Тоону да дегеле байыр кылган, алар Моңголияда жашап, б.з. V к. гяньгундар менен «жуурулушуп» кетишкендигин [192, Б. 138] жооп кылып жазат. Археология багыты боюнча тажрыйбасы мол болуп калган Ю.С. Худяков, кыргыздардын IX к. Теңир-Тоого көчүп келишкенине далил катары А.Н. Бернштам сунуш кылган археологиялык табылгалардын негизиндеги тастыктоолорду да четке каккан. Тактап айтканда, көрүстөнгө сөөк менен кошо жылкысын көмүү ырасымы да мезгил сыныгынан өтө албады. [53] Себеби Ю.С. Худяков андай эстеликтер кыргыздарга эмес, түрк тилдүү башка элдерге таандык экендигин эмгектеринде көрсөткөн. Ал А.Н. Бернштамдын мындай жоромолду айтуусуна бир кезде кыргыздар ыскат үчүн көрүстөнгө жылкы коймо салтка өтүшкөн деп айткан С.В. Киселевдун, Л.А. Евтюхованын, В.П. Левашованын жыңылыш түкшүмөлү негиз берген [105, Б. 342], [81, Б. 60-66], [129, Б. 135-136], деп белгилейт.

Ю. С. Худяков каралып жаткан маселе боюнча Л.Р. Кызласовдун айткан кийинки көз караштарын дагы жокко чыгарып, илимий далилдерди келтирет. Л.Р. Кызласовдун «Борбордук Азия кыргыздары» деп аталган калк азыркы кыргыздардын түпкү аталары болгон имиш деп ырастаган жаңы

божомолу да эч нерсеге жарабай калды. Анын бул пикири кытайча «хэсыхэ» деген терминди качылардын бир тайпа уруусу «хасха» менен жаңылыш түрдө окшоштуруп алгандан, «ошондой эле «кытай иероглификасындагы» энесайлык кыргыздар (цзилицзис) менен борбордук азиялык кыргыздарды (циерцис) туюнткан терминдердин жазылышындагы айырмачылыктан» улам пайда болгон [200, Б. 175]. Ю.С. Худяков кытай тилинен жана жазуусунан кабарсыз Л.Р. Кызласовдун тобокелге барып, иероглифтердин айтылышын минтип чечмелеп жатканын белгилеп өткөн. Ал Л.Р. Кызласовду божомолдорун бекембеп бере албайт деп баса көрсөтөт. Ю.С. Худяков Л.Р. Кызласов чечмелеген терминдерге мындайча түшүндүрмө берет: «Хэсыхэ» ырастан эле качылардын жерин билдирип «цзилицзис» менен «циерцис» терминдеринин жазылышында айырмачылык болгон күндө да мындан моңгол императорунун мартабасын көтөрмөккө энесайлык кыргыздарды жеңип алып, а бирок өзүн ошол баш ийген журттун аты менен атап калуусу мүмкүн эмес. [196] Ю.С. Худяков белгилегендей, Л.Р. Кызласов «борбордук азиялык кыргыздар» деген элдин аталышын ойлоп таап, борбордук азиялык кыргыздардын тарыхын изилдөө анын милдетине кирбей тургандыгын билдирген [196].

Ю. С. Худяков С.Г. Кляшторный, А.М. Мокеев жана В.П. Мокрыниндин пикирлерин, Н.А. Аристовдун, А.Н. Бернштамдын, Л.Р. Кызласовдун божомолдоруна караганда кыйла жүйөлүү [108, Б. 42-43] деп белгилеп, бул окумуштуулардын көз караштарына анализ жасаган.

Жогоруда аты аталган окумуштуулар, азыркы кыргыз элинин антропологиялык, маданий жана тилдик өзгөчөлүктөрүнө карата алардын алгачкы жашаган жерлерин аныкташкан. Ал окумуштуулар алтайлыктардын антропо-лингво-маданий өзгөчөлүктөрү менен болгон окшоштуктарын белгилеп келишет. Бирок бул илимпоздор мындай окшоштуктардын пайда болгон доорун жана ордун так аташкан эмес. Ю.С. Худяковдун пикири боюнча азыркы алтайлыктар Тоолуу-Алтайдын түпкү тургундары болгон эмес, андыктан окшош белгилер Жуңгария менен Моңгол Алтайын камтыган

бир кыйла кеңири аймактан жаралышымүмкүн. Алардын окшоштуктары этнографиялык өзгөчөлүктөрүндө, маданиятында, фольклорунда байкалат. Азыркы кыргыз тилиндеги окшоштуктар алтайлыктарда гана эмес, Саян-Алтайдын хакас, тыва сыяктуу башка элдеринде да байкалат [65, Б. 142].

Ю. С. Худяковдун пикири боюнча, С.Г. Кляшторный, А.М. Мокеев жана В.П. Мокрыниндин божомолундагы жалпы жоболор Алтай менен Иртыштын археологиясы жөнүндө азыркы кездеги билимдердин абалына дал келбейт. Ю. С. Худяков бул авторлордун пикирине кошулбастыгын билдирип, өзүнүн илимий жообун билдирет. Кыргыздар менен калмактардын маданияты IX – X кылымдарда Обдун жана Иртыштын жака-белиндеги түзөңдүү аймактарда тогошуп, чектеш болуп турган. Бирок андан «кыргыз-кымак» маданияты жаралган эмес. Кымактар Тоолуу Алтайды байырлаган эмес. X к. кийин кымак кыйрап, жок болгон. Кыргыздар XI – XII кылымдарда Тоолуу Алтайды мекендеп турушкан, муну алардын ошол кездеги маданиятынан калган эстеликтери далилдеп турат [65, Б. 143].

Чындыгында Ю. С. Худяков белгилегендей, «Алтайда жана Иртыштын жака-белинде кымактардын кыргыздарды ассимиляциялап алганы» археологиялык табылгаларда тастыкталган жок. Ассимиляциялашкан «кымак-кыргыз урууларынын» б.з. II миң жылдыгын башталышындагы, андан соңку доорлордогу эстеликтери Теңир-Тоодон чыккан жок. Тескерисинче, тарыхый маалыматтар менен археологиялык табылгалар б.з. II миң жылдыгы башталган мезгилде, б.а. Кымак кагандыгы кыйрап, тыйпыл болгондон кийин Иртыштын негизги калкы кыпчактар Теңир-Тоого эмес, батышты көздөй, Уралдын, Кара деңиздин этектерин көздөй жер оодарып көчүп кетишкен. Жогоруда айтылган тастыктоолор, аталган авторлордун божомолдору олуттуу түзөтүүгө муктаж экенин көрсөтөт.

Өз кезинде айтылган бардык көз караштарды талдап чыгып, Ю.С. Худяков алардын ичинен, кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого келиши эки этапта жүргөн деген божомолдун чындыкка жакын деген пикирин билдирген. Ага ылайык, адегенде кыргыздардын бир жамааты

Энесайдан IX – X кк. Чыгыш Түркстанга жана Моңгол Алтайына көчүп келет да, алар б.з. II миң жылдыгынын башталышында энесайлык жана чыгыш түркстандык болуп эки этноско ажырайт. Андан соң XV к. Чыгыш Түркстан кыргыздары Теңир-Тоого жер оодарып келишет. [196, Б. 174] Бул көз караштын айрым өнүттөрүн мурда В. Радлов, В.В. Бартольд айтып өтүшкөн. Аны А.Н. Бернштам да колдогон. 1960-жж. башталышынан тартып муну Ө. Караев жигердүүлүк менен жактап, өнүктүрүп-өөрчүтүп келген.

Акыркы мезгилде энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этногенетикалык байланыштары жөнүндөгү ушул пикир жазуу даректериндеги маалыматтарда түздөн-түз далилге ээ болуп жатат. IX к. кыргыздар Чыгыш Түркстангажортуул жасап, Беш-Балык, Куча, Үч-Турпан ж.б. шаарларды эчен ирет басып алып турушканы тарыхый далилденгени жалпыга белгилүү. Мындай аламан жапырыктар кыска мөөнөткө созулганы менен IX к. кыргыздар Чыгыш Түркстанды такай кол алдында кармап турган. X к. кидандар моңгол талааларын басып алгандан кийин гана Энесай кыргыздары Чыгыш Түркстанга жортуул жасай албай калышкан. Бирок ал жерде кыргыздардын кайсы бир жамааты жашап калган. X к. аягында ошол кыргыздар турпандык уйгурлардынкөз карандылыгында калган. Бул тууралуу X к. акырында Турпандагы Уйгур хандыгына келип кеткен сун журтунун элчиси Ван Яньде эскерет. «Кыргыздар» ал жазгандай, түрк, чигил, йагма, карлук жана башка урруулар менен бирге «Гаочан мамлекетинин кол астында» турушат [137, Б. 177]. Ө. Караев мына ушул сыяктуу жазуу даректериндеги маалыматтарды ийне жибине чейин иликтеп чыкты. Ал маалыматтарда кыргыздардын жери Турпан уйгурлары менен коңшулаш уйгур идикуттары байырлаган ээликтердин түндүктөгү жана батыштагычектерине жамаатташ, карлуктар менен йагмалардын жеринен түндүктө, чигилдердин түндүк, кымактардын түштүк капталында турганы айтылат [94]. Андан тышкары колтукташ жаткан «мусулман кошуналардын» таасири тийип, кыргыздардын маданияты айрым жактарынан өзгөрүүгө учураганы, атап айтканда, сөөктү мурдагыдай өрттөп көмүү адатынан жерге

коюу салтына өтө баштаганы белгиленет. Мунун өзү аталган мезгилде кыргыздар Чыгыш Түркстанда жашашканын билдирет. Демек, мусулман автору Энесай жана Чыгыш Түркстан кыргыздары жөнүндөгү маалымат даректерди көп учурда бир бүтүнгө бириктирип, чогуу жазышкан, кагазга каттаганда аларды өз-өзүнчө бөлүп, ажыратышпаганын тактоо гана керек. Ошондон улам, XII к. каракидан гурханынын жортуулдары жөнүндөгү маалыматтарда Чыгыш Түркстан кыргыздары айтылып жатса керек деп божомолдосок болчудай. Анткени Кашкар менен Хотанды алган соң Елү Даши «кыргыздардын чегине аскерин атказып,.. Беш-Балыкты басып алса», демек, кыргыздардын «чеги» Беш-Балыктын жака-белинде болгон десек жүйөлүү болот. «Уйгур өлкөсүнө чектеш турган кыргыз аймагына» жапырык жасаган наймай төбөлдөрүнүн жортуулдары жөнүндө да ушуну айтсак болчудай [165, Б. 135-137]. XIII к. Чыгыш Түркстанда кыргыздардын жери моңгол мамлекеттеринин карамагына өтүп, адегенде Чагатай улусуна, андан кийин Хайду улусуна карап, ал эми XIV к. Хайду улусу кыйраган соң, Моголстандын курамына кирген. Жазуу даректеринде бул мезгилдеги кыргыздар XV к. ушул аймакта жашаган урууларын катарында бир нече жолу эскерилет. Кыргыздар Моголстандын токойлуу аймактарында жашаган «жаңгел» урууларынан болгон. Моголстан хандары үчүн алар мамлекеттеги «бардык чыр-чатактарды баштаган» күрөшчүл эл болгон себептүү кыргыздарды өлкөнүн борбору Теңир-Тоого сүрүп көчүрүп салышкан. Башка бир маалыматтар боюнча XV к. орто ченинде бир жамаат кыргыздар «калаймандан баш калкалап качып чыгышкан да, тоолорго (Теңир-Тоого) келип жашынган» экен [91, Б. 491]. Мына ошол күндөн тартып кыргыздар Теңир-Тоодо туруп калышат. XVI к. бу жерде кыргыздардын өз алдынча биримдиги болгону, ага Мухаммед башчылык кылганы тарыхта дайын. Чыгыш Түркстандан ушу кездеги Кыргызстандын аймагына жер оодарып келген мына ошо кыргыздардан азыркы кыргыз эли түптөлүп түзүлгөн.

Жогоруда келтирилген тарыхый булактардын даректерине таянып, кыргыздар байыркы доордон бери Энесайда, Алтайда гана эмес, Чыгыш

Түркестандын, Тянь-Шандын, Памирдин тоолуу аймактарында жашашкан. Ал эми башка жактардан көчүп келген кыргыздардын топтору уруулаштарына келип кошулушкан [132, 96-97-б].

Теңир-Тоолук жана Энесайлык кыргыздардын тарыхый, маданий жалпылыгын изилдөөдө Ю.С. Худяков окумуштуулардын түрдүү пикирлерине анализ жүргүзүп, орто кылымдардагы мусулман булактарынын, байыркы түрктөрдүн руна жазууларынын, кытай жылнаамаларынын, соңку орто кылымдардагы жергиликтүү Орто Азиялык булактардын маалыматтарынын изилденүү деңгээлине көп көңүл бургандыгын байкайбыз. Ю. С. Худяковдун кыргыз этногенезин иликтөөдө баалуу тыянактарды чыгарышына булактардын ар түрдүүлүгү негиз болгон.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тарыхында, кыргыз таануу илиминде кыргыз этногенези маселеси илим чөйрөсүндө окумуштуулардын арасында, айрым көз караштардын дал келбөөсүнө алып келет. Бул маселе тууралуу окумуштуулардын изилдөөлөрү, жаңы этнографиялык, археологиялык, табылгалар Теңир Тоого аймагына кыргыздардын көчүп келүүсү боюнча Ө. Караевдин, Ю.С. Худяковдун, В.Я. Бутанаевдин ж.б. окумуштуулардын пикирлери илимий негиздүү экенин көрсөтөт.

Жалпысынан кыргыз элинин этностук байлыныштары бүгүнкү күнгө чейин толук изилденип бүтө элек. Учурда жогоруда берилгендей, ар түрдүү көз караштар жана бири-бирин жокко чыгарган пикирлер бар. Бирок Ю.С. Худяковдун изилдөөлөрүнө таянуу менен, Теңир-Тоо менен Энесай кыргыздарынын бир бүтүндүгү тарыхый негиздүү экендигин белгилеп келмекчибиз.

## 3.3. Ю.С.Худяков кыргыздардын согуш өнөрүн жана курал-жарактарын изилдөөнүн чебери

Кыргыз элинин байыркы жана орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнө арналган маселелерди иликтөөдө, байыркы жана орто кылымдардагы болгон саясий-согуштук окуяларды, кыргыздардын аскер өнөрүн жана курал-жарактарын изилдөө абдан чоң мааниге ээ. Борборук Азияда жана Түштүк Сибирде орто кылымдарда жашаган кыргыздардын жана аларга тектеш калктардын аскер ишин, жоо-жарактарын изилдөө кыргыз тарыхы, этнография, археология илиминдеринде актуалдуу маселелерден.

Профессор Ю.С. Худяков бул маселе тууралуу окумуштуулардын иликтөөлөрүнө, илимий бүтүмдөрүнө таянып, этнографиялык, фольклордук, археологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары менен фактологиялык маалыматтарды келтирип илимий эмгектеринде жарыялаган.

Ал эми кыргыздардын аскер ишинин изилденүү тарыхына кайрыла турган болсок. Енесейлик кыргыздардын аскер иши XVIII кылымдын башталышында эле окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бура баштаган. Изилдөөчүлөрдү орто кылымдарга мүнөздүү курал-жарактардын айрым бөлүктөрү, кыргыздардын жоокердик сапаттары, алардын түрк, уйгур жана моңголдор менен кагылышууларын баян баян кылган жазма даректердеги маалыматтар кызыктырган. Музейлик коллекциялардын акырындап көбөйүп, топтолушу, курал-жарак табылгаларын иреэттеп чыгуунун зарылдыгы пайда болгон.

Мындай ишти Д. А. Клеменц менен В.Г. Карцов колго алып, XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында Минусин менен Красноярскинин музейлеринде сакталып турган курал-жарактарды ирээтке келтиришкен. [107, Б. 152-166] Бирок С.А. Теплоухов 1929-жылы кыргыз маданиятына тааандык эстеликтерди өзүнчө түркүмдөп, ажыратып бөлүп чыккандан кийин гана, курал-жарак топтомдорунун ичинен кыргыз маданиятына тийешелүү табылгалар аныкталган [174, Б. 28-61]. Мындан сырткары кыргыздардын аскер өнөрүнө тийешелүү маалыматтарды, жазуу

булактарында да кездештирүүгө болот. XIX-XX кылымдарда В. Шотт, Н.Я. Бичурин [58], В. Радлов [162], В.В. Бартольд [50] жана башка окумуштуулар кыргыздардын аскерий тарыхы жайында кытай, араб-перс жана түрк-уйгур жазма даректеринде айтылган маалыматтарды жалпылап, которуп чыгышты. Ошондой эле кыргыздардын жоокерлери аска таш беттеринде да сүрөт түрүндө түшүрүлгөн. Бул сүрөттөр дагы окумуштуулардын кңз жаздымында калган жок. Кыргыз жоокеринин сөлөкөтү чегерилген аска таштагы сүрөт-чиймелерди И.Р. Аспелин жана Я. Аппельгрен - Кивало таап, басып чыгарышкан. [192, Б.117]

Кыргыздардын аскер иши тууралуу белгилүү окумуштуу А.А.Евтюхова да көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Кыргыздардын аскер иши жөнүндөгү бардык булактар, ага 40-жылдары биринчи жыйынды очерк жазууга мүмкүндүк берген жана очерк автордун чыккан китебине кирген [81, Б.103-107]. Ал кыска жана жалпылама маалыматтарды камтыган. Кийинчерээк 50-60-жылдары археологдордун жүргүзгөн иштеринин натыйжасында материалдык дарек-далилдердин чөйрөсү олуттуу түрдө кеңейип, аларды ирээттеп түркүмгө келтирүүгө, жалпылап чыгууга мүмкүнчүлүк ачылды. Анда табылган аскерий тарыхка тийешелүү маалыматтар, аларды иликтеп үйрөнүүнүн мисалдары мындай изилдөөнүн маанилүү экенин көрсөттү.

Енесейлик кыргыздардын аскер иши менен белгилүү орусиялык археолог Юлий Сергеевич Худяков XX кылымдын 70-жылдарынан тартып алектенип баштаган. Ал өзүнүн эмгектеринде кыргыздардын курал-жарактарын, аскер өнөрүн терең иликтеп, жарыялаган. Анын эмгектеринде кыргыздардын орто кылымдардагы курал-жарактарынын канчалык деңгээлде изилденген абалын талдап-таразалап чыгып, буга чейинки изилдөөчүлөрдүн салымына баа берүүгө жана алдыда жүргүзүлө турган иштердин милдеттерин так аныктоого мүмкүндүк ачылды.

Окумуштуу Ю.С. Худяков адегенде орто кылымдарда Евразиянын бүткүл талаа-түзөңдөрүн тургундап өткөн көчмөндөрдүн аскер ишиндеги өзгөчөлүктөр көчмөн цивилизациясынын түзүлүү мыйзам ченемдерин карап

чыккан. Бирок материалдарды талдоого ала келгенде көчмөндөрдүн аскер ишин изилдеп-үйрөнүү үчүн алды менен, аскер иши өнүгүп, өзүнчө алынган бир маданияттын мисалында аналитикалык модел зарыл экендиги, ошондо гана бүткүл көчмөн дүйнөдөгү аскердик иш-аракеттерге туура иликтөө жүргүзүүгө боло тургандыгы айкын болду. Ошентип Енесейлик кыргыздардын курал-жарактары менен аскердик өнөрү изилдөөнүн башкы бутасы катарында тандалып алынды. Буга бир нече негиздүү себептер бар эле, биринчиден, кыргыздардын курал-жарак комплекси жогорку деңгээлде өнүгүп, жоо шаймандары бардык негизги түрлөрүнөн турган, бул аларды реконструкция кылганга мүмкүнчүлүк бермек; экинчиден, эстеликтердин негизги чордону түштүк Сибирдин оңтойлуу аймактарында жайгашкандыктан изилдөө үчүн ыңгайлуу эле; үчүнчүдөн, жазма даректерден улам белгилүү болгон кыргыздардын өлүктү өрттөп көмгөн салтына карап ал эстеликтердин кыргыз маданиятына таандык экенин ишенимдүү түрдө аныктаса болмок.

Ю.С. Худяков маселенин канчалык деңгээлде изилденген абалын талдап чыгып, буга чейинки изилдөөчүлөрдүн салымына баа берип, алдыда жүргүзүлө турган иштердин милдеттерин так аныктоого мүмкүндүк алган. Тактап айтканда, курал-жарактар боюнча материалдарды системалап чыгуу; курал-жарактарды классификациялоо; согуштук шайман-жарактарын, аскерий уюмдашуусун, аскер искусствосун, кыргыздардын аскердик тарыхындагы окуяларды реконструкциялоо зарылдыгы келип чыкты. Окумуштуу алгачкы изилдөө жылдарында музейде топтолгон материалдарды изилдеп, Енесейлик кыргыздардын миздүү куралдары, зоот-чопкуттары, жалпы эле жоо-жарактары боюнча маалыматтарды жалпылаган. 1975-жылдан тартып, кыргыздардын Минусин өрөөнүндөгү эстеликтерин план ченемдүү изилдөө башталды. Окумуштуунун бул илмимй экспедициясы абдан ийгиликтүү болгон десек жаөылышпайбыз. Себеби анын жүрүшүндө кыргыз жоо-жарактарынын чоң коллекциясы жыйналды. Тувада жана Минусинде жүргүзүлгөн археологиялык казуу иштеринин натыйжасында

алынган жаңы табылгалар талдоодон өткөрүлүп, кыргыздардын жаалары, сыр жебелери, найзалары кантип өнүгүп, өзгөрүп тургандыгы иликтенди; кыргыз жоокерлери урунган жоо жарактары, кыргыздардын аскерий уюмдары кандай түзүлүштө курулганы, алардын аскердик өнөрүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды. Профессор Ю.С. Худяков экспедициянын материалдарын пайдаланып, жазма булактарга изилдөө жүргүзүп, аскер тарыхынын ырааттуулугун, IX кылымдагы кыргыз-уйгур салгылашындагы согушук аракеттерди тактады.

Ю.С. Худяков кыргыздарга гана тийешелүү курал-жарактарды изилдөө менен чектелбестен, курал изилдөөнүн атайын теориясын жана методикасын иштеп чыккан. Ал кыргыздардын жоо жарактарынын негизинде тарыхый курал иликтөөнүн теориялык жана методикалык маселелерин, анын ичинде курал-жарактарды классификациялоо ыкмаларын аларды белгилери боюнча классификациялоо жолдорун, чен бирдигин иштеп чыкты. Мунун жыйынтыгы Ю. С. Худяков 1980-жылы жарыкка чыккан илимий эмгегинде [182, Б.176] баяндаган. Бул эмгегинде Ю.С. Худяков курал иликтөө ишинин милдеттерин, маселенин изилдөө тарыхын караган. Илимпоз согуштун кайсы мезгилинде кандай согушуу ыкмаларын пайдаланууну жана кандай согуштук курал колдонуу керектигин так көрсөткөн. Алсак, бетме-бет келип, окчун туруп салгылашкан уруштарда колдонулган куралдар менен коргонуу жабдыктары талдоого алынды, кыргыздардын VI-VII кылымдардагы жоо жарактарынын түпкү уңгусу, аскерий уюмдардын түзүлүү тартиби, согушуу ыкмасы, аскерий тарыхы реконструкцияланды. Адистер бул эмгекке абдан жогору баа беришти.

Археологдордун талбай эмгектенүүсүнүн натыйжасында курал-жарактарды изилдөөдө багытында көптөгөн жаңы ачылыштар ачылды. Кийинки жылдарда жүргүзүлгөн казуу иштеринин аркасында даректүү маалыматтар бир топ кеңейди. Кыргыз маданиятынын эстеликтери Батыш Сибирден, Алтайдан, Казакстандан, Монголиядан, Байкалдын жака-белинен жана андан аркы жерлерден табылды. Волга боюндагы жана Сибирдеги

көптөгөн музейлерден кыргыздарга таандык курал-жарактардын топтому белгилүү болду [23].

Ю. С. Худяков Омскидеги, Бийскидеги жана Иркутскидеги музейлердин фондуларына илимий экспедиция уюштурган. Ал аныкталган кыргыз курал-жарак табылгаларын илимге киргизген. [182, Б.175] Юлий Сергеевич Табат дарыясынын өрөөнүнүн казуудан табылган жоо-жарактарды 1982-жылы “Кыргызы на Табате” деген эмгегинде жарыялап чыгарды. Бул эмгекте орто кылым доорунда Түштүк Сибирди жана Борбордук Азияны жердеген көчмөн калктардагы аскерий-согуш иштеринин өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу жаңы маалыматтар талданып көрсөтүлгөн. [193, Б.214-221] Салыштырмалуу талдоо көрсөткөндөй, IX-X кылымдарда өнүгүү деңгээли жагынан кыргыздардын аскер иши өзгөчөлөнүп, башка көчмөн маданияттардан бир канча артыкчылык кылып турган.

Буга чейин жана кийинки учурда кыргыздардын аскер иши боюнча жыйналган бардык материалдарды жалпылап чыгуу зарылдыгы келип чыгууда.

Ю.С. Худяков эмгектеринде байыркы доордон жаңы доордун башталышына чейинки кыргыздардын аскер ишин жана курал-жарактарын бар маалыматтардын негизинде чагылдырган.

Б.з.ч. I миң жылдыктын аягынан б.з. I миң жылдыктын орто ченине чейинки мезгилдеги кыргыздардын аскерий иштери, алардын өзгөчөлүктөрү изилденбеген бойдон калып келатат. Бул доордо кыргыздар Чыгыш Түркстанды мекендеп, хунндар жана жужандар менен согушуп, гаогюй динлиндери менен союздук алакада турган. Ушул доордогу кыргыздардын - гяньгундардын археологиялык эстеликтери азыркы учурга чейин белгисиз болуп келүүдө.

Ю.С. Худяковдун пикири боюнча VI кылымдан тарта кыргыздар Саяндын түндүк тарабындагы Ортоңку Энесай чөлкөмүн байырлай баштаган. Окумуштуунун кыргыздар Минусин ойдуңуна V кылымдын этегинде, VI

кылымдын башталышында ооп келген деп божомолдойт. [185, Б.89] Себеби ушул доордо динлиндер менен гяньгундар бир жаат болуп жужандар жана түрктөр менен жоолашкан уруштардын таасири тийген болсо керек. [59, Б.225-б] Ушул мезгилден баштап, Енесай чөлкөмүндө кыргыз этносу, Кыргыз мамлекети, кыргыз маданияты өкүм сүрө баштаган. Орто кылымдарда жашаган енесайлык кыргыздардын мамлекети өзүнүн өнүгүшүндө бир нече тарыхый баскычтарды басып өттү.

VI-VIII кылымдарда кыргыздар Минусин ойдуңунун талаа-түзөңдөрүнө жайылып тарап Чаа-тас маданиятына тийешелүү этникалык тайпаларды баш ийдирип, өздөрүнө букара кылганга жетишкен. Ошондой эле өздөрүнүн энчилүү мамлекетин түзүп, мамлекет башчысын элтебер, ажо, тегин деп атап, кай бирде каган наамын беришкен. [59, Б.360] Ошондуктан кыргыздардын аскер ишин жана курал-жарактарын изилдөөдө чаа-тас маданиятына таандык эстеликтердин орду чоң. Атап айтканда аталган маданиятка тийешелүү кыргыз көрүстөндөрүндө, турак-жайларында кыргыз жоокеринин курал-жарактары табылган.

Бул доорго таандык кыргыз жоокеринин негизги жоо-жарагы алеңгир иймек жаа, жазы калкан, үч кырдуу сыр жебелер болгон. Кармаганга оңтойлуу болушу үчүн жаанын эки учун жана ортоңку иймегин каңылтыр менен капташкан. Саадактарга ашталган темир тыктар кылоолоп курчутулуп, кууш же жазы капталдарына майда көзөнөкчөлөр, шиш бүдүрлөр жасалган. Мындай жебелер атканда алыска кетип, дал тийген. Ат үстүндө баратканда жоокерлер алардын учун төмөн каратып, кайыңдын кабыгынан жасалган саадак кантарга салып, киселүү куруна асып, белине байлап жүрүшкөн. [190, Б.49-50]

Аламан жапыракта, жиреме чабуулда кыргыздар шыргый саптуу сыр найза, эки миздүү селебе кылыч, тинте, айбалта колдонушкан. Найзанын тыгы темирден кылоолонуп сүйрү келген, аштоосу узун болгон, кылыч менен тинтенин сабына тээк жасалган, айбалтанын миз жагы кууш, уңгусу бийик болгон, Мындан тышкары кыргыздар бетме-бет уруштарда бир миздүү

кыңырактарды, сабы миз жагын көздөй саал ийилген сүмбөдөй түз кан-жарларды пайдаланышкан. [182, Б.52]

Найза же жебе өтпөсүн үчүн кыргыз жоокерлери зоот кийинген, аны майда чарчы темир төңөлүктөрдөн арчындап, ашташтырып жасашкан. Андан бөлөк туткалуу карыпчы, калкан алып жүрүшкөн, башына туулга кийишкен.

Жоокер кыштымдардын жоо-жарагы жеңил болгон, алар негизинен, иймек бел жаа, үч капталдуу темир кыйгактуу жана сүйрү сөөк тыктуу саадактар, тинте менен куралданган. Кыштымдар негизинен, жаа аткыч атчандардын кошуунун түзгөн. [190, Б.54]

Кыргыздардын аскери VI-VIII кылымдарда уруулук принцип боюнча куралган. Ар бир уруунун, ар бир оолаттын өзүнчө сардары болгон, бектер да өздөрүнчө кошуун кармаган. Алардын баары биригип кыргыз черүүсүн түзгөн. Атчан жоокерлер уютку аскер деп эсептелген. Аскерлер түркүмү боюнча бөлүштүрүлгөн эмес жана сан жагынан да бир кылкалык сакталган эмес. Эреже катары уруулук түркүмүнө карап бөлүнгөн мындай кошуундун биримдиги, тартип-тарыйкасы да анчейин бекем болмок эмес. Аскерлердин жоого туруштук кылышы көп жагынан биринчи чабуулдун ийгилигине жараша чечилген. Казатка кирердин алдында азар-түмөн колду бир ыраатка салып тизип, айрым сардарларды ыңгайлуу жерлерге жайгаштыруу - аскер башчынын негизги озуйпасына кирген.

Сап-сап болуп чачырап сыдырга журуу - согуш жүргүзүүнүн негизги тарыйкасы болгон. Адегенде душманын көздөй жаа жабылтып атчан саадакчылар жапырык жасашкан. Биринчи чабуул оңунан чыкпаган учурда, кайталап сыдырга салуу үчүн кыргыздар артка чегинишкен. Кокус душмандын кошуунунда дүрбөлөң түшүү байкалса, ошол замат уютку аскери чабуулга өтүп, көлөгөн найза менен качырып киришкен. Эгер душман каршылык көрсөтүп, кысып-суруп кирсе, кыргыздар ага туруштук берүүгө аракеттенишкен, ага да болбой баратса артка чегинишкен [181, Б.77-78].

VI-VIII кылымдардын аралыгында кыргыздар Минусинди жана анын жака-белиндеги жаңгелдерде жашаган кыштымдардын оолатын кол алдыда

кармап турган. А бирок түрктөрдүн жана уйгурлардын көчмөн шаркеттери менен болгон кагылыштарда көп ирет жеңилип, ал турсун кээде өз алдынчалуу бийлигинен убактылуу ажырап калган учурлары болгон. Бул мезгилде алар, негизинен, коргонуу мүнөзүндөгү согуштук тарыйканы тутунушкан. Кагылыш-калабалардын аймагы Минусин өрөөнү менен Туванын чегинен арылап чыккан эмес. [192, Б.120]

Кыргыз тарыхында IX-X кылымдар “Улуу Кыргыз дөөлөтү” доору кыргыз тарыхында өзгөчө орунда турат.

Энесай кыргыздарынын аскер тарыхында, кыргыздар менен уйгурлардын ондогон жылдарга созулган согушун, Улуу Кыргыз каганатынын түзүлүшү жана анын өкүм сүргөн мезгилин, кыргыздардын бүтүндөй Борбордук Азия мейкиндигине ээ болгон доорду академик В.В. Бартольд адилеттүү түрдө “Улуу Кыргыз дөөлөтү” доору [49, Б.489] деп атаган. Ал эми профессор Ю.С. Худяков бул доорду “Кыргыз тарыхынын жылдыздуу сааты” [65, Б.73] деп жогору баалаган.

Чындыгында орто кылымдарда жашаган элдердин тарыхы учурдагы тарыхчыларды ар дайым кызыктырып келгендиктен, дал ушул доордун даңазасы менен кыргыздар тарыхка өчпөс из калтырды. Бул доордо Энесай кыргыздарынын аскер иши абдан өнүгүп, гүлдөп турган маалына жеткен. Кыргыздардар уйгурлар менен касташып, узакка созулган согушта жеңишке ээ болушту жана кыргыздар Борбордук Азиянын талаа-түздүү мейкиндиктерине ээлик кылууга жетишип, күч кубаттуу мамлекет түзүштү. Ушул доордо кыргыздар көптөгөн элдер менен саясий, экономикалык, маданий алакаларды түзгөнгө жетишти [13, Б.37-38].

“Улуу Кыргыз дөөлөтү доорундагы абалдын дагы бир өзгөчөлүгү, ал кыргыздардын Чыгыш Түркстан менен Түштүк Сибирь аймактарына бөлүнүшүнө алып келген. Бирдиктүү этностун эки топко ажырашы, мамлекеттин саясий жана экономикалык кубатына доо кетирген [111, Б. 141].

IX-X кк. кыргыздар себепчи болгон окуялар Борбордук Азия аймагындагы этномаданий багытындагы өнүгүүнү кескин өзгөрттү. Биринчи

жолу Азия жайыгында, түндүктүн түпкүрүндөгү - Минусин ойдуңун байырлап турган, аз сандагы көчмөн эл үстөмдүк абалга жетти. Ушул мезгилдеги окуялардын таасиринен уйгурлар Чыгыш Түркстандан Байкал атырабына чейинки аймактарга чачырап тарап кетишти, кимак консолидациясынын биригүүсүнө мүмкүнчүлүктөр ачылды, кыргыздарга Тенир-Тоого жол ачылды, монгол тилдүү көчмөндөрдүн дүйнөлүк тарыхка чыгуусуна шарт болуп берди. [200, Б.115]

Тарыхта белгилүү болгондой согуштардагы ийгиликтер курал-жарактардын өнүгүшүнө жана ар түрдүүлүгүнө байланыштуу. “Улуу Кыргыз дөөлөтү” доорунда кыргыз жоокеринин жоо-жарагы мурдагы доорлорго салыштырмалуу бир кыйла өзгөргөн. Ю.С. Худяков археологиялык табылгалардын, тарыхый жазма булактардын негизинде “Улуу Кыргыз дөөлөтү” дооруна таандык курал-жарактарды абдан жакшы сүрөттөгөн [37]. Бул доорго тийешелүү курал-жарактар профессор Ю.С Худяковдун классификациялоосунун [182, Б.176] негизинде топторго бөлүнүп каралды. Анын классификациясы боюнча алыскы, жакынкы бетме-бет аралыкта колодонулуучу жана адамдын дене мүчөлөрүн коргоочу жабдыктар деп иргөөсүн окумуштуулардын кеңири чөйрөсү кабыл алган. [233, Б.21-22]

Кыргыз жоокерлери жаа жыгачынын ортоңку бөлүгүнүн эки капталына жана бет мандай тарабына бекитилген бастырмалуу татаал түзүлүштөгү жаа менен куралданган. Жаанын темир учтуу жебелери түркүмү жагынан алганда да көп түрдүү болгон. Ю.С. Худяков аталган доорго тийешелүү жебелердин төмөндөгүдөй түрлөрүн көрсөтөт: 1) жөнөкөй жебелер: үч кыйгак жебенин - 11, эки кыйгак жебенин - 2, төрт кыйгак жебенин - 1, жалпак жебенин - 7 түрүн; 2) соотту тешип өтүүчү үч бурчтуу-үч кыйгактуу жалпак жебелердин - 5, төрт кыйгактуу жебенин - 2, үч бурчтуу жебенин - 2, төрт бурчтуу жебенин - 6, ромб түрүндө - 1, тик бурчтуу жебенин - 1, тегерек жебенин - 2 түрүн. Мындай жебелердин мынчалык көп түрү азырынча орто кылымдардагы көчмөн маданияттардын эч бириндe жолуга элек. Кыргыздардын соот тешме жебелери өзгөчө өнүккөндүгү көрүнүп турат. Алар формаларынын ар

түрдүүлүгү менен айырмаланат, жебенин башка түркүмдөрү бири-бирине окшош келет. Соот тешме жебелерге кырларында оюктары бар формалуу, учу кырсыз жана мистүү кырлуу, калканды көзөп өтүүчү жана сооттун майда тогоолорун жарып жиберүүчү мүнөзгө ээ. Анан калса алардын көп түрү жалаң кыргыздарда гана таандык. [192, Б.120-121] Мунун баары кыргыздарда жоо-жарак жасоо өнөрү абдан өнүккөнүн тастыктайт. Буга уйгурлар менен болгон узак убакка созулган согуштар абдан таасир берген окшойт.

Орто кылымдардагы жоокердин жебе сактоочу жана алып жүрүүчү жарагы куту-коломсоктор болуп эсептелинет. Манас эпосунда жебе сактоочу кутуну “коломсок” деп сүрөттөйт. Ал эми К.К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө коломсок жебе сактоочу куту катары чечмеленет [104, Б.398]. Казактарда болсо, кылшан деп аталат [131, Б.54-б.] Жебе сактоочу жоокердик буюм “колчан” орус сөздүгүндө куту деген мааниге ээ. Жогорудагы белгиленгендей жебе сактоочу буюм ар кандай аталышта болгондугу менен анын мазмуну жебе сактоочу жарак экендигин айгинелеп турат. [233, Б.21-22] Жебе жана жаа орто кылымдардагы жоокердин маанилүү куралы катары эсептелсе, коломсоктор анын ажырагыс жабдыгы болгон.

IX-X кылымдарда кыргыз жоокерлери жааны тептиргесин чечип, атайын жаа салгыч кутуларга сакташкан. Жебелердин учун жогору каратып, саадактарга салып жүрүшкөн. Жаа салган куту менен саадактар кур менен бел кырчоого байланган. [200, Б.115-116]

Жакынкы аралыкта согушууга ылайыкташкан саюучу, каскактуу курал - найза болуп эсептелинет. Байыркы түрк жазма эстеликтеринде найза "сүңгү" формасында учурайт [135, Б.17] "Манас" эпосунда найзанын бир нече түрү эскерилет [21]. Кыргыздарда жана эпосто эскерилген эски найзанын түрү сүңгү деп аталат. Мындан сырткары башка аталыштагы найзалар да эпостордо баяндалат. [148, Б.112] Бетме-бет чыгып согушканда кыргыздар урма найза жана кыйгактуу каскак сунуп жоого кирген. [200, Б.115-116] Найза менен каскактын тыгы сүйрү, чарчы жана мүлүк баш

түспөлүндө жасалган. Аштоодон төмөн жөлөк же байрак байлашкан. [59, Б.360] (22-23-сүрөттөр)

Ошондой эле жакынкы аралыктагы чабышта колдонулуучу куралдардын бирин кылычтар тобу түзөт. Профессор Ю.С. Худяков кылычтарды кылдат изилдеп, кылычтардын төмөндөгүдөй түрлөрүн сунуштаган:

1. Бир миздүү ийри саптуу кылычтар.

2. Бир миздүү түз саптуу кылычтар

3. Эки миздүү кылыч – алар сабынан, кол калканычынан, чаап, кесүүчү түз эки тараптуу мизден турат [182, Б. 27-38] “Манас” эпосунда дагы эки миздүү кылычтарды түпкүч болуп ийилип, шилтегенде жалын чыгат деп мүнөздөгөн саптап кездешет [250].

Каралып жаткан мезгилде кылычташкан уруштарда ар түрдүү бир миздүү түз саптуу кылычтар жана бир миздүү ийри саптуу кылычтар колдонулган. Согуштук куралдардын дагы бир түрү согуштук балталар болгон. Согуштук балталар Ю.С. Худяковдун типтештирүүсү боюнча жакын аралыкка колдонулуучу темирден жасалган саптуу согуштук куралдардын түрүнө кирет. “Манас” эпосунда согуштук балталар - Айбалта деген ат менен белгилүү. Айбалта – жоокерлердин негизги куралдарынын бири. Ал – чулу көк темирден тапталып, мизине болот ширелген, уу ичирилген күчтүү курал. [229] Мизи кууш, уңгусу жапыс айбалталар кез-кезде гана колдонулган. Ошондой эле бетме-бет чабыштарда эки миздүү жана бир миздүү канжарлар менен согушка аттанышкан. [65, Б. 134]

Профессор Ю.С. Худяковдун эмгектеринде кыргыз жоокерлердин денесин коргонуучу жабдыктар тууралуу маалыматтарды кенен берген. Коргонуу үчүн жоокерлер ламеллярдуу (темир төңөлөктөрдү тигинен тогоологон) сооттorду колдонушкан. [65, Б.133-134] Мындан тышкары алар башына туулга кийишкен. Туулга жана ага бекитилүүчү шаймандар жоокердин башын, мойнун, ийинин коргоп турган. Туулгалар ар кандай формада жасалып келген. Негизинен булгарыдан, жыгачтан, чулу куюлган

металлдан жана темирден жасалган. [198, Б.130] Бул доордо оор куралданган жоокерлер жеке коргонуунун салттуу түрлөрүн колдонуп, кошумча калкандарды пайдаланышкан. Сулек жазмасындагы белгилүү сүрөттөгү соот кийинген, атчан кыргыз жоокеринин төшүндө тегерек калкан көрүнүп турат. [119, Б.117-123] Ю.С. Худяковдун пикири боюнча, Улуу Кыргыз дөөлөтү доорунда аскерлер кошумча калкандарды төшүн жана ийиндерин коргоо үчүн колдонушкан. Ал эми билекке, кырк муунунан чыканакка чейин карапчы кийип колдорун, таманынан тизесине чейин буткап кийип буттарын коргошкон. [181, Б.99]

Жоого минчү аттарга олпок үртүк тигишкен. Жоокер кыштымдар жаа, жебе, кылыч же канжар менен куралданган, туткалуу калкан менен коргонушкан. [127, Б.61]

Ю.С. Худяков “Улуу Кыргыз дөөлөтү” доорунун алгачкы жылдарында кыргыз мамлекетинде аскерий-бийлик системасы түзүлгөн деп божомолдойт.. Буга уйгурлар менен болгон көп жылдык тирешүүлөр жана согуштар себеп болгондугун жүйө кылат. Эл бир түмөн жана жарым түмөн кошуундарга бөлүнгөн. [182, Б.138-139] Кыргыз мамлекетинин жана аскер түзүмүнүн башында, “каган” же “хыргыз-хаган” титулун алып жүргөн башкаруучу турган. [11] Кытай булактарында IX к. кыргыздардын аскерлеринин саны тууралуу ар кандай маалыматтар келтирилген. Аларда кыргыздардын аскеринин саны 30 000, 70 000, 80 000, 100 000 деп көрсөтүлөт. [59, Б.60] Уйгур каганы Кутлукка арналган Ордо-Балыктагы эстеликтеги жазууда кыргыздардын аскеринин саны 200 000 жана 400 000 деп көрсөтүлгөн. [49, Б.487] Орто-Балыктын алдындагы салгылашта кыргыз аскеринин саны 100 000ге жеткен. Кытай тарыхый булактарында: “эгер аскерлерди чогултуп жиберсе, бардык эл жана баш ийген эл бардыгы согушка катышат” деп, айтылат. [127, Б.60] Жогорудагы тарыхый даректерге таянып, Ю.С. Худяков кыргыз аскерлеринин жалпы саны 30 000 деп эсептеген. Анын пикири боюнча Минусин ойдуңунда жашаган энесайлык кыргыздар Кыргыз кагандыгынын аскер курамында үч түмөн чогулта алмак.

Алар уйгурларга каршы жүрүштө оор куралданган, соот кийинген Кыргыз мамлекетинин туруктуу аскерин түзүшкөн. Калган аскерлерди кыргыздардын букаралары көк түрк жана кыштым урууларынан түзүлгөн жеңил жасактуу жети-сегиз түмөн түзгөн. [65, Б.134]

Профессор Ю.С. Худяков кыргыздардын согуш жүргүзүү тактикасына абдан маани берип, кыргыздардын аскер өнөрүн ачып берген. Анын изилдөөсү боюнча, кыргыз черүүсүнүн оор жана жеңил жасактуу болуп эки түргө бөлүнүшү, кыргыздардын согуш жүргүзүү тактикасын дагы чоң өзгөрүүгө учураткан. Уруш маалында жеңил жана оор жасактуу атчан аскерлер бири-бири менен дайыма байланышта болушкан. Эреже боюнча эң алгач жеңил жасактуу жоокерлер, душмандардын санын, ээлеген ордун жана душмандардын аскеринин түзүлүү мүнөзүн билүү үчүн, чалгындоо максатында кол салышкан. Жеңил куралданган атчан аскерлер душманга чачыранды түрүндө жаа аткылап чабуул жасаган. Жоо арасы бүлүнүп, дүрбөлөң түшкөндө же ат коюп качыра бергенде оор жасактуу атчандар кошууну душманды көздөй куушуруп кирген [31]. Мындай чабуулдар абдан катуу ылдамдыкта жүргүзүлүп, келип сайылган найзаларга, кыйгактуу каскактарга эч нерсе туруштук бере алган эмес. Эреже катары уруштун жыйынтыгы да ошого жараша чечилген. Эгер душман айбатынан жанбай, каршылык көрсөтө берсе, анда жоону кылычтап, айбалталап киришкен жана душмандын соккусун калкан менен майтарышкан. [181, Б.105-106]

Бир катар ушул тариздеги согуштук тактиканы колдонгон учурларда кыргыздар жеңиштерди камсыз кылышкан. Душман алдан тайып, айласы кетип, качууга баш койгондо артынан сая түшүп сүргүнгө алып, кыргын салган.

Кыргыздар чеп курганды үйрөнүшкөн, алар да коргонуунун жана басып алуунун ыкмаларын билген. [74, Б.132-140] Аскерлер айчылык алыс жактарга жортуулдап, жүрүшкө чыгып турган. Душмандын үшүн алып, тез багынтуу максатында жоокерлер жоого катуу жаалданып, ач айкырык, чоң

сүрөөн салып кирген. Кыргыз кошуундарында жоокерлик катаал тартип сакталган [59, Б.361].

«Улуу кыргыз мамлекетинин» тушундагы согуштарга чабуул коюу тарыйкасы мүнөздүү болгон. Кыргыз каганынын туусу астында калаймандуу казаттарга 70-100 миңге чейин жоокер катышкан [27]. Жортуулдардын аймагы Саян-Алтайдан тартып, Чыгыш Туркстанга жана Байкалдын аркы тараптарына чейин кеңейген. Кыргыздар бүткүл Борбордук Азияга үстөмдүк кылууга, Чыгыш Түркстандын дыйканчылыкка ыңгайлуу аймактарын кол алдында бекем кармап турууга умтулган. Бирок айчылык алыс жортуулдардан калк каржалып, ар кайсы аймактарга таруудай чачырап тарап, анын айынан акырындап кыргыз каганатынын аскердик күч-кубаты начарлай баштаган да, «улуу державалык доордун» аякташына алып келген.[192, Б.122]

Профессор Ю.С. Худяковдун кыргыздардын Улуу Кыргыз дөөлөтү доорундагы аскердик иши жана курал-жарактары жөнүндөгү изилдөөлөрү кыргыз таануу илиминде татыктуу орунду элейт деп айтууга толук негиз бар. Ал тарыхый булактардын негизинде, IX-X кк. кыргыздар Кыргыз каганаты деген күчтүү мамлекет түзгөндүгүн, кыргыздардын аскердик өнөрүнүн жана курал-жарактарынын жогорку деңгээлде болгондугун далилдеп берди. Ю.С. Худяков кыргыздардын аскер өнөрүн жана курал-жарактарын гана изилдебестен археологиялык табылгалардын негизинде кыргыз жоокеринин орто кылымдардагы сөлөкөттөрүн жашаган доорлоруна жараша реконструкциялаган. Бул тарых жана кыргыз таануу илимдери үчүн үчүн өтө маанилүү.

Андан кийинки тарыхый доорлордо, б. а., XI-XII кылымдарда Борбордук Азиянын талаалуу аймактары кидандардын ээлигине өтөт. Мына ушул окуялардын аркасында кыргыз этносу территориялык жактан бир-биринен окчун турган эки тайпага бөлүнүп, ажырап кеткен. Бир тайпасы Чыгыш Түркстанда калат. Экинчи жамааты Саян-Алтай аймагын тургундап

калат. Ушул жерде кыргыз маданияты кийин өзүнүн өнүгүү жолундагы жаңы доорду - «сууктэр» доорун басып өткөн. [181, Б.109-110]

Кыргыз жоокерлери «сууктэр» мезгилинде алеңгир жаа менен куралданып, үч кыйгактуу жебенин 4 түрүн, жалпак жебенин 9, томпок жебенин 3, кыйык жебенин 1, колок жебенин 6, сүйрү жебенин 1, камек жебенин 2 түрүн колдонушкан. Бул өз заманы үчүн согуштук жоо-жарактардын көп түрдүүлүгүн билдирген [22]. Мурдагы мезгилдерге салыштырмалуу алганда алардын составы да өзгөрүүгө учураган. Жөнөкөй саадак октордун арасында жалпак жебелер өзгөчө басымдуулук кылган, бул жаа жабылтуу тарыйкасына кыргыздардын көбүрөөк маани бере баштаганын ырастайт. Бадана жыртма октордун ичинен мулук баш жебелер көп болгон. Колокторду учун өйдө баштантып оозу ачык коломсокторго салып, киселүү курга арчындап, бел кырчоого тагып жүрүшкөн. [192, Б.122]

Жоо сайышка киргенде кыйгагы сүйрү келген найза, казык тырыктуу каскак менен качырып тийген. Чабышкан кезде бир миздүү коросон кыңырак, ийри кылыч жана селебе колдонушкан [199, Б. 69]. Мизи кууш, уңгусу жапыс айбалталарды сейрек пайдаланышкан. Бир миздүү тинтелер менен да чабышкан. Жоокерлер октон коргонуу максатында майда темир төңөлүктөрдөн тор сыяктуу токуп жасаган соот, баштарына тобосу шиш, тал кырчоолуу туулга кийишкен. Ошондой эле сырты эндүү темир каңылтыр менен кыталанып, ичине калың кебез капталган чарайналар да колдонула баштаган.

Кыштымдардын жоокерлери жаа, жебе, тинте жана канжар менен куралданган. [65, Б.135]

“Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн” кулашы менен кыргыздардын мамлекети майда административдик аймактарга бөлүнүп, бытырагандан кийин Энесай кыргыздарынын аскердик уюму чоң казаттарга аттануу актуалдуулугун жоготот. Бирок анын айрым жөрөлгөлөрү, атап айтканда кошуундарды түмөн-түркүмү боюнча бөлүү эрежеси сакталып калды. Ар бир административдик аймактын өзүнүн өз алдынча башкаруучулары болгон

жана алар “инал” деген титул алып жүрүшкөн. Инал деген титулду кыргыздардын ар бир мамлекет башкаруучусу алып жүргөн. Иди – деген уруулук наамга ушул аймакта кадыр-баркка ээ болгондор жана белгилүү адамдар татыктуу болушкан. [165, Б.222] Ошондой эле тарыхый булактарда ушул доордо каган бийлиги сакталып калгандыгы айтылат. Алар падышасына баш ийип, аны керектүү нерселери менен камсыздап турушкан. Падыша кырк жашка чыкканга чейин анын жанына эч ким баралган эмес [3, Б.104]. Иналдарга баги деп аталган майда аймактар баш ийген. Иналдар менен бектердин сардарлары, букара уруулардын - кыштымдардын кошуундары биригип бир административдик аймактын аскерин түзгөн. Себилдүү, жасактуу жоокер-сардарлар алардын уютку аскери деп эсептелген.

Жоо-жарактардын мүнөзү, аскерлердин сан жагынан өзгөргөндүгүнө жараша уруш талаасындагы аракеттердин тарыйкасы да өзгөргөн. Алыска атылчу жебелер азайып, жакын аралыкка жаа жабылтуу ыкмасы басымдуулук кыла баштады. Душман менен оро-пара туруп салгылашкан оңтойлуу болуп калды. Келеген найза, кыйгактуу каскак жоо сайыштынургаалдуулугун арттырды. Кылычтарды колдонуу бир жагынан чабышуунун мүнөзүн кур- чутса, экинчи жагынан татаалдаштырды. Жалпысынан ат коюп, аламан жапырыкка салуунун өтөлгөсү өсө баштады. Ошентип, бетме-бет келип салгылашуунун ролу жогорулап, мөөнөтү узарды. [192, Б.123]

Кыргыздар бул мезгилде баш калкалар чеп-коргондорду куруп, согуш коркунучу туулганда аларга келип жашынып турушкан [35].

Согуштардын мүнөзү да өзгөрүп, ал негизинен коргонуу тарыйкасына өттү. Калабалуу окуялардын алкагы Саян-Алтай тоолору жана ага улагалаш жаткан түндүк- батыш Монголиянын чөлкөмү менен гана чектелген. Согуштардын масштабы олуттуу кыскарган. Алар көбүнесе үстөмдүк талашкан административдик аймактардын ортосунда гана болуп турган. Сырткы жоонун кысымына каршылык көрсөтүү басаңдаган. [65, Б.136]

XIII кылымдын башында Чыңгыз хан башкарган бирдиктүү монгол мамлекетинин түзүлүшү Евразия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын

тарыхый тагдырына да терс таасирин тийгизген. Монгол чапкындары чөлкөмдү жердеген жергиликтүү элдер менен урууларын мурдатан калыптанган өз ара карым-катнашына доо кетирди, алардын этносаясий жана чарбалык-маданий өнүгүүсүнүн өңүтүн өзгөрттү. [153, Б.34] Монгол доорунда кыргыз хандыктары саясий өз алдынчалыгынан ажырап калды. XIII-XIV кк. кыргыздар Монгол букаралыгынын карамагына өтөт. Кыргыз жоокерлери монгол аскеринин бир бөлүгү болуп калат. Кыргыз кошуундары монголдордун борбору Каракорумду кайтарып турган. Кыргыздардын бир тобу аскерий көчкүндөр катары Маньчжурияга жана Түндүк Кытайга көчүрүлгөн. [200, Б.119]  Өз алдынчалыгынан ажыраган соң, алардын аскер иши өнүгүүсүз токтоп калат.

Профессор Ю.С. Худяков монгол доорундагы кыргыз жоокерлеринин аскер ишин жана курал-жарактарынын өнүгүшүнүн комплексин эмгектеринде ар тараптуу изилдеген.

Жаа жана жебе монгол доoорунда аскер ишинин бирден-бир маанилүү куралы катары кала берген. Профессор Ю.С Худяковдун изилдөөлөрүнө таянсак, аталган доордо кыргыз жоокерлери татаал түзүлүштөгү жаалар менен куралданган.  Жебелердин үч кыйгактуу, жалпак, ромб сымал, төрт кыйгактуу жебенин түрлөрү кезигет. Жебелер жеңил куралданган жана соот менен коргонгон жоону талкалоо үчүн жасалган.  Бетме-бет чабыштарда кыргыз жоокерлери найза жана кылычтарды колдонушкан [25].

Жеңил жасактуу жоокерлер жаа жана жебе менен куралданышкан. Алардын миздүү куралдары жана калкандары болуусу мүмкүн. Ю.С. Худяковдун божомолу боюнча, кыргыздардын атчан кошуундары, негизинен, жеңил жасактуу жоого каршы салгылашкан болуусу керек. Себеби алардын чарайна-соот кийинген аскерге жаа атууга мүмкүндүгү азайган болчу. [65, Б.136].

Жакын туруп  чабышкан уруштарда кыргыздар бир миздүү ийри саптуу кылычтарды жана бир миздүү түз саптуу кылычтарды колдонгон. Курал-жарактардын  калган башка түрлөрү монгол дooруна таандык кыргыз

маданиятынын эстеликтеринен байкалган эмес. Коргонуу куралдарынан энсиз каңылтырды кынаптап кадаган бадана менен эндүү каңылтырды сыртынан кыталап, ичинен кебез тешеп бекиткен чарайналар чыккан. Жоокерлер денесин коргоо үчүн - Чарайна кийишкен. Чарайнанын негизги 3 түрү бар. Биринчиси, кийимдин сыртынан кийиле турган, денеге кынаптап катуу металлдан, териден же булгарыдан жасалган соот кийим болуп эсептелинет. Экинчиси, жоокерлердин төшүнө тартына турган атайын темирлер. Үчүнчүсү, ороо же жабуу түрүндө капталуучу тери, булгары. [139, Б. 331] Чарайна тууралуу "Манас" эпосунда абдан жакшы сүрөттөлөт. Эпосто чарайнаны көлүккө көк темирди ийип, андан соот кийим, чарайна, кыягы жасап кийип жоого тайманбай барган деп мыкты сыпатталган [152, Б.175]. Андан сырткары коргонуу үчүн кыргыз жоокерлери баштарына туулгаларды кийишип, калкандар менен куралданышы дагы мүмкүн. [190, Б.131]

Ошондой эле туулга табылган. Жоокер-кыштымдар жаа, жебе, кыңырак жана канжар менен куралданган. [192, Б.124]

Профессор Ю.С. Худяковдун монгол доорундагы кыргыз жоокеринин курал жарактары тууралуу жазган маалыматтарга таянып, монгол баскынчылыгына карабастан, бул доордо энесайлык кыргыздар жоо-жарак жасоо өнөрүн сактап калышканын байкасак болот.

Профессор Ю.С. Худяков кыргыздардын аскердик уюмдашуу түзүлүшүнө абдан көңүл бурган. XIII кылымда Жучи хандын кол башчылыгы менен, монгол аскерлери Саян-Алтайдагы кыргыз хандыктарын караткандан кийин монголдор жергиликтүү хандыктарды жана кыргыз аскерлеринин жана элинин он миңдик системага бөлүнүшүн сактап калган. Буга чейин түрк, кыргыз каганаттарынын тушунда эле кошуундар менен элдерди азиялык түмөн санагы боюнча бөлүштүргөн. Тарыхый булактарда он миң аскерден турган кошуунду – түмөн деп аташкан. [200, Б.,119-120] Минусин аймагынын жалпы калкы биригип, бир түмөн кошуунду түзгөн. Өз кезегинде Монгол дөөлөтүнүн курамындагы кыргыз түмөнү, миңдиктер, жүздүктөр

жана ондуктар болуп бөлүнгөн болуу керек. Кийинчерээк Саян-Алтай чөлкөмү бир нече аймактарга бөлүнгөн. Бийликтин башында монгол төбөлдөрү турган. Кыргыздар негизги этникалык топ катары мурдагы абалын сактап калышкан. Бирок Чыңгызхандын тукумдарынын ич ара так талашкан чыр-чатактарына катышып, Монгол империясынын ар кайсы аймактарына көчүрүлүп жүрүп, кыргыздардын саны азайды.

Профессор Ю.С. Худяков археологиялык табылгалардын жана жазма булактардагы маалыматтардын негизинде кыргыздардын аскер өнөрүн абдан жакшы сүрөттөгөн. Ал курал-жарактардын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө карап, монгол доорундагы кыргыз кошуундары негизинен чабендес жаачылардан куралгандыгын божомолдойт. Анын пикиринде, кыргыздар үчүн алыстан туруп жеңил жасактуу жоону көздөй жаа жабылтуу кененирээк тараган. Алар бетме-бет чабыштарда алардын урушуу мүмкүнчүлүгү төмөндөгөн. [200, Б.120-б]

Профессор Ю.С.Худяковдун эмгектеринде монгол доорунда кыргыздар душмандын колу жете алгыс жерлерге курулган кыргыздардын чеп-коргондору дал ушул монгол мезгилине таандык. Бул мезгилде кыргыздардын мамлекети жоюлуп калган болчу, ошондуктан алар өз алдынча согуштук операцияларды жүргүзө алган эмес, болгону монгол аскердик составында жортуулдарга катышып, чыңоолдо турушкант [65, Б.137].

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кыргыз аскерлердик кошуундары монгол кошуундарына чоң согуштук талааларда каршы турууга чамасы жеткен эмес. Себеби кыргыз жоокерин курал-жарагы жетиштүү деңгээлде күчтүү эмес болчу. Ошол эле учурда алар монголдордун майда аскердик бөлүктөрүнө ийгиликтүү чабуулдарды уюштуруп турушкан. Мисалга алсак, XIII кылымдын аягында энесайлык кыргыздар Түштүк Сибирдин башка түрк тилдүү уруулары менен бирге монгол бийлигине каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Алар Саян-Алтайдагы Чынгызхандын урпактарынын ээликтерин

башкарган, монголдорго кызмат кылган, кытайлык чиновник Лю Хао-линин аскердик кошуунун талкалашкан.

Монгол доорунда кыргыздар мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, монгол аскерлеринин курамында согуштарга катышып, кароол кызматын өтөп турушкан. Ошентсе дагы көз карандылыкта туруп, калкынын саны азайса дагы алар Минусин өрөөнүн өздөрүнүн негизги байыр кылган жери катары сактап калышкан.

Профессор Ю.С. Худяков соңку орто кылымдар доорунда жана жаңы доордун алгачкы мезгилинде Түштүк Сибирдин аскер тарыхындагы окуяларда Энесай кыргыздары олуттуу роль ойногондугун белгилейт. Алар түзгөн княздыктар монголдордун Алтын-хан мамлекетине жана Жунгарияга аскердик-саясий жактан көз каранды болгонуна карабастан, Орусиянын казак аскер бөлүктөрүнүн жана аскер кызматчыларынын Түштүк Сибирге жылышына активдүү каршы тура алышкан.

Түштүк Сибирь аймагында Минусинск ойдуңунда жайгашкан Энесай кыргыздарынын төрт княздыгынын биригишинен чоң аскердик активдүүлүктү байкоого болот. Алардын ичине Алтасар, Исар, Алтыр жана Туба улустары же княздыктары кирген. Ар бир улустун башында ак сөөк үй-бүлөдөн чыккан кыргыз төрөлөрү башчылык кылышкан.

Ошол эле учурда Алтысар улусунун башкаруучусу башка кыргыз княздарынын «улук князы» деп саналган [65, Б. 156-157]. Тышкы душмандарга каршы күрөш жүргүзүүдө кыргыз княздыктары, эреже катары, биригип аракеттенүүгө аргасыз болгон. Ошол эле учурда өзүнчө аскердик жортуулдарда айрым княздыктардын башкаруучулары өз алдынча жана башка княздардан бөлүнүп жортуул уюштура алышкан. Энесайлык кыргыздар бул мезгилде өзгөчө жоокерчилиги жана аскердик ишмердүүлүгү менен айырмаланган. Бул окуяга байланыштуу XVII кылымдагы орус тарыхый документтери, миң адам жашаган кыргыздардан ар дайым коркунучтуу, алар гана алда канча күчтүү деп сүрөттөшкөн [161, Б.15].

Кыргыз княздарына вассалдык көз карандылыкта кыштымдардын абалында тайга мергенчилери кет жана самодий уруулары турган. Алардын өздөрүнүн башкаруучулары болгон. Кыштымдардын ичинде түрк тилдүү уруулар жана уруктар да болгон, алар узак убакыт бою Энесайлык кыргыздардын маданий таасирине дуушар болгон. Кыштымдар кыргыз төрөлөрүнө салык төлөп турууга жана согуш болуп калса, кыргыз аскерлерине өздөрүнүн аскер бөлүктөрүн берүүгө милдеттүү болушкан. XVII кылымдагы энесайлык кыргыздар менен орус казактарынын ортосундагы аскердик кагылыштардын себептеринин бири кыштымдарга үстөмдүгүн сактап калуу үчүн болгон аракет болгон [144, Б. 55].

Профессор Ю.С.Худяков илимий эмгектеринде соңку орто кылымдарда жана жаңы доордун башталышында энесайлык кыргыздарынын курал-жарактарына орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектерине таянып, мүнөздөмө берген. Энесайлык кыргыздар алыскы салгылашууларда негизинен жаа жана жебелер менен куралданган [161, Б. 20]. Орус булактарында жаа жана жебелер энесайлык кыргыз жоокерлеринин негизги куралы катары каралат. Ал эми орус документтери, XVII кылымдагы энесайлык кыргыздардын жаа атууларын аскердик ишинин өзгөчөлүгү катары мүнөздөйт [161, Б. 18].

Энесайлык кыргыздардын соңку орто кылымдардагы жана жаңы доордогу эстеликтеринде жаа жасалган сөөк же жыгач бөлүктөр табылган эмес. Муну Ю.С. Худяков кыргыздарда сөөк өрттөө ырымы сакталып калгандыгына байланыштырат. Бул учурда жаанын бөлүктөрү толугу менен күйүп кетиши мүмкүн. Хакас фольклорунда камтылган маалыматтарга караганда, Энесай кыргыздарынын жоокерлеринин согуштук жаалары үч бөлүктөн турган. Жаа жасоо үчүн тоо текенин мүйүздөрү колдонулган. Жаанын жиптери уйдун же койдун ичеги-карынынан ийилген кайыштардан жасалган [64].

Кыргыз кыштымдарынын соңку орто кылымдардагы эстеликтериндеги жаа деталдарынын табылгаларына караганда, жаа жааларына жыгач тетиктер жана мүйүз каптамалар кирген [170]. Кыргыз жоокерлеринин колундагы жаа

жетишерлик эффективдүү, ыңгайлуу курал болгон. Анын жардамы менен алыскы аралыкка багытталган атууларды жүргүзүүгө мүмкүн болгон.

Энесайлык кыргыз жаачылары жүрүшкө баратканда жааларын «саадак» деп аталган атайын кутуларга салып жүрүшкөн. Саадактар булгаарыдан жасалган жана жарым сүйрү формага ээ болгон. Хакастардын фольклорунда «саадактар» «ай сымал» деп аталат. Жааны нымдан сактоо үчүн каршкулактын терисинен тигилген жабуу – “чааза” кошумча жабылган [64].

Бул сүрөттөөлөргө караганда, кыргыз жоокерлеринин жаа салгычтары соңку орто кылымдардагы Борбордук Азиядагы башка түрк жана монгол көчмөндөрүнүн булгаары «саадактарына» окшош болгон. Мындай жаа салган кутуларда жебелердин бир учу ичине салынып, экинчи учу сырттында калган. Жаа менен жиптин үстүнкү жарымы ным болуп калбашы үчүн, керек учурларда кошумча жабуу – «чааза» менен жаап коюшкан. Зарыл болсо, жааны жаа салгычтан тез эле алып салууга мүмкүн, атуу үчүн толугу менен даяр. Жоокерлер курларына жаа салган кутуларды байлап жүрүшкөн.

Профессор Ю.С. Худяков теңир-тоолук кыргыздардын соңку орто кылымдагы жана жаңы доордогу аскер иши тууралуу маалыматтарды эмгектеринде чагылдырган.

Орто кылымдын аягында жана жаңы доордун башталышында Теңир-Тоону мекендеген кыргыздардын аскердик иши көптөгөн кыргыз жана орус изилдөөчүлөрүнүн көңүлүн буруп келет. Алардын көбү кыргыздардын “Манас” баатырдык эпосунун маалыматтарын талдап, кыргыздардын курал-жарактарын жана аскердик өнөрүн изилдешкен [9, Б. 167-180], [150, Б. 159-161], [52, Б. 125-137]

XIX кылымда орус саякатчылары жана окумуштуулары сүрөттөрүндө кыргыз жоокерлеринин курал-жарактарынын айрым түрлөрү чагылдырылган [10, Б. С. 159,161-162], [71, Б. 331].

Акыркы жылдарда бул маалыматтарды Кыргызстандын жана Орусиянын музейлериндеги жана жеке курал-жарак коллекцияларынан

табылган кыргыз куралдарынын табылгаларын изилдөө менен толуктоого мүмкүн болду [181, Б. 151].

Кыргыз жоокерлери алыскы аралыктан согушууда жаа жана жебелерди колдонушкан. Кыргыздын жаа-жебелери жөнүндө маалыматтар фольклордук булактарда кенен эскерилет. Ошондой эле алар сүрөттөрдө чагылдырылып, Кыргызстандын музейлеринде коюлган. Ч.Ч.Валиханов Ысык-Көлгө жасаган саякатынын учурунда, Түп дарыясынын өрөөнүндөгү кыргыз көрүстөнүндөгү мүрзө тосмолорунун үстүнө шыргый жана туу менен бирге илинген кыргыз жаасынын сүрөтүн тартып алган [71, Б. 331].

Жаа менен жебеден тышкары, жаңы доордо кыргыз жоокерлери орто азиялык, негизинен кокондуктар жасаган мылтыктар менен куралданышкан [181, Б. 151-152]. П.П.Семенов-Тянь-Шаньскийдин Ысык-Көлдөгү экспедициясынын мүчөлөрүнүн бири И.Бардашевдин айтымында, кыргыз жоокерлери түтөтмө мылтык менен куралданышкан [181, Б. 135-136]. Мындай мылтыктар кыргыздын баатырдык “Манас” эпосунда да айтылат. Эпикалык уламыштагы салгылашуулардын бирин сүрөттөөдө кыргыз аскерлеринин курамындагы ок атуучу куралдар менен куралданган жоокерлер мылтыктарын октошуп, балкытмаларды өрттөшкөн деп чагылдырат [134, Б. 385].

Душманды катуу аткылоо маалында мылтыктан учкан ок, ышкырып учкандыгы сүрөттөлөт [134, Б. 390]. Бирок ок атуучу куралдар кыргыздардан сырткары, алардын көчмөн чөйрөдөгү каршылаштары – жунгарлар, ойроттор же калмактарда дагы болгон. Кыргыздар менен болгон салгылашуулардын биринде ойрот баатыры Тагылык жоокерлеринен мылтык атууну талап кылган. Атышуу ушунчалык катуу болгондуктан, бул кагылышта асмандан түтүн тарабайт, мылтыктын күркүрөгөнү тынбайт деп айтылат [134, Б. 421-422].

Кыргыз эпосунун башкы каарманы жана аскер башчысы Манастын өзүнүн мылтыгы болгон. Эпосто Манастын “исфахан” мылтыгы болгондугу айтылат. Ал Ирандын Исфахан провинциясынын курал дүкөнүндө жасалган.

Бул мылтыктын өзүнүн Аккелте деген аты болгон. Эпосто Ак келте менен алыс-жакынды таамай аттууга болгон деп мүнөздөлөт [134, Б. 494]. Ю.С. Худяков кыргыздар мылтыктарды жана аларга ок-дарыларды Ирандан эле эмес, Орто Азиянын кээ бир шаарларындагы курал-жарак цехтеринен да алган болушу ыктымал деген божомолдогон [181, Б. 152-53].

Кыргыздын “Манас” баатырдык эпосунда кыргыз аскеринин курамындагы «аткычтар» өзүнчө аскер отрядын түзүп, саны отуз миң жоокерден турганы, б.а. жетимиш миң кыргыз аскеринин дээрлик жарымын түзгөндүгү айтылат [134, Б. 411].

Кыргыздардын эпикалык уламыштарына караганда, кыргыз жоокерлеринин карамагында мылтыктардан тышкары мылтык гана эмес, талаа артиллериясы да болгон. Ю.С. Худяков кыргыздардын эпикалык уламыштарында кыргыз жоокерлери душманды аткылоо жана талкалоо үчүн колунда бар замбиректерди колдонгон бир нече салгылашуулардын сүрөттөлүшүн мисал келтирген. [181, Б. 152-53]. Кыргыздар замбирек колдонушкан, алардын негизги душмандары болгон «калмактар» менен болгон бул салгылашуулардын биринин сүрөттөлүшүнө караганда замбиректин октору дүңгүрөткөн [134, Б. 390].

Кыргыз элинин «Манас» эпосунда камтылган бул маанилүү тарыхый далилдер Теңир-Тоо кыргыздары жаңы доордо согуштук жүрүштөрдө ок атуучу куралдар ийгиликтүү өздөштүрүлүп эң эффективдүү, пайдаланылган деп ырастоого мүмкүндүк берет.

Соңку орто кылымдагы кыргыз жоокеринин толук курал-жарагынын кийинки кадамдарын көчмөнчүлүк куралдарынын өнүгүшү түзөт. Кээ бир курал-жарактардын түрлөрү буга чейинки доорлордогудан айырмаланып өркүндөтүлгөн. Мисалы, кылыч, коргонгучтар, калкандар ж.б. [34].

Чыгыш Түркстандагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын өнүккөн орто кылым доорундагы аскерий тарыхы жайындагы маалыматтар жазма даректерде үзүл-кесил жолугат, көбүнесе эпостордо айтылат.

Соңку орто кылым доорундагы кыргыздардын аскер ишин толук мүнөздөө үчүн даректүү маалыматтар жетишсиз болуп келүүдө. Соңку орто кылымдардагы кыргыз курал-жарактарын иликтөөдө, оозеки жана жазуу булактарын пайдаланууну талап кылат. Тилекке каршы кыргыздардын бул доорго таандык археологиялык эстеликтери азырынча толук кандуу изилдене элек. Бирок бул мезгилге тийешелүү кыргыздарга таандык курал-жарактар Орусиянын шаарларындагы музейлерде сакталып калган. Колдо бар материалдарды жалпылоо соңку орто кылымдардагы кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн ыдыраган мезгилиндеги кыргыз жоокеринин курал-жарагынын комплекстүү түрдө калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

# КОРУТУНДУ

Сибирдеги кыргыз археологиясынын көйгөйлөрүн иликтөөдө Кыргызстандын азыркы илимий институттарында иштеген бүтүндөй илимпоздорго салыштырмалуу алда канча кубаттуу салым кошо алган археолог, кыргыз таануучу, курал-жарак таануучу, профессор Юлий Сергеевичтин жекече салымы абдан чоң. Албетте, кыргызстандык археолог үчүн эгемен Орусияда жергиликтүү илимий мекемелердин уруксатысыз өз алдынча археологиялык изилдөөлөр жүргүзүү мүмкүн эместиги, Кыргызстандын өзүндө расмий каржылоонун өп-чаптыгы сыяктуу объективдүү жагдайлар да бар.

Ошого карабастан, “Ала куштун атынан чакырып”, профессор Ю.С.Худяковго кыргызстандык илимпоз кесиптештери мыйзам ченемдүү түрдө ыраазычылыгын билдирип келишет.

Бул диссертациялык иште тарых илимдеринин доктору, профессор, кыргыз таануучу, археолог Юлий Сергеевич Худяковдун илимий өмүр жолун, анын илимий чыгармачылыгын изилдөө алгачкы ирет атайын диссертациялык эмгек катары жүзөгө ашырылды.

Ю.С. Худяков Улуу Кыргыз каганатынын тарыхын орто кылымдардагы кыргыздардын тарыхындагы “жылдызга кол сермеген сааты” (“звездный час”) катары баалоосу Кыргыз каганатынын тарыхын эң жогорку баалоо болуп эсептелинет. Тарыхта белгилүү болгондой согуштардагы ийгиликтер курал-жарактардын өнүгүшүнө жана ар түрдүүлүгүнө байланыштуу. “Улуу Кыргыз дөөлөтү” доорунда кыргыз жоокеринин жоо-жарагы мурдагы доорлорго салыштырмалуу бир кыйла өнүккөндүгүн Ю.С. Худяковдун эмгектеринен байкасак болот.

Кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы, Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздардын жалпылыгы, “кыргыз” этноними жана Түштүк Сибир, Ички жана Борбордук Азия кыргыздарынын жана башка көчмөндөрдүн курал-жарактары жана согуштук өнөрү боюнча ж.б.

илимий маселелер кыргыз таануучу Ю.С. Худяковдун эмгектери, илимпоздун аталган маселелер боюнча көз караштары, тыянактары аркылуу талданды; профессор Ю.С.Худяковдун "Кыргыз" этноними боюнча тарыхый-этнографиялык жана лингвистикалык жактан изилдөөлөрү, москвалык профессор Л.Р.Кызласовду бурмалоо далаалаттары үчүн калыс сынга алышы атайын талдоого алынды; энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этностук жана этномаданий, тарыхый жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү жаатындагы Ю.С.Худяковдун тыянактары изилденди; кыргыздардын жана башка көчмөндөрдүн аскер ишинин өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү профессор Ю.С.Худяковдун табылгаларына сереп салынды.

Ю.С. Худяковдун Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук жана аскердик тарыхы боюнча илимий эмгектери XX кылымдын 70-жылдарынан бери илимий чөйрөгө жана коомчулукка жаңы желаргы тартуулап келди. Профессор Ю.С.Худяков илимий изилдөөлөрүндө борбордук азиялык жана Түштүк Сибир кыргыздарынын тарыхын гана иликтебестен, Түштүк Сибирдин (Саян-Алтай) түрк-монгол тилдүү элдеринин, корей элинин жана башка элдердин аскер иши жана курал-жарактарына арналган эмгектери жарыяланган. Ю.С. Худяков бул эмгектеринде кыргыздардын аталган элдердин айрымдарынын этностук жана маданий тарыхына тийгизген таасирин, кыргыздардын бул элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын археологиялык табылгалардын, тарыхый булактардын негизинде изилдеген. Ал археологиялык табылгаларды кылдат изилдөө менен кыргыздардын аскер иши боюнча маселелерге туура жооп бере алган. Профессор Ю. С. Худяков Россия, Кыргызстан, Монголия, Казакстан, Кытай жана башка мамлекеттерде эл аралык илимий экспедициялардын катышуучусу жана уюштуруучусу катары таанымал.

Тарых илимдеринин доктору, профессор Ю.С. Худяков Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия кыргыздарын этностук тарыхын, кыргыздардын аскер ишин жана курал-жарактарын, археологиясын, тарыхый фольклорун,

чарбасын, маданиятын, дипломатиялык алакаларын, философиялык-диний түшүнүктөрүн ж.б. изилдеген дүйнөгө таанымал ири окумуштуу, кыргыз таануучу. Окумуштуу Түштүк Сибир кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий жалпылыгын белгилеп, бул көз карашты жактаган. Кыргыз таануу багытында Россияда жана Кыргызстанда өзүнүн илимий мектебин калыптандырып, кыргыз таануучуларды өстүрүп чыгарды;

Профессор Ю.С. Худяков "кыргыз" этнониминин жөнүндөгү талкуунун жигердүү катышуучусу. Ал Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхындагы "кыргыз" этнониминин колдонулушунун айланасындагы мындай талаш маселелерге анализ жүргүзгөн. Ал бул тууралуу айтылган бардык пикирлерди эске алып, далилдүүлүгүн карап чыккан.

Натыйжасында "бардык белгилүү тарыхый булактар боюнча орто кылымдарда Түштүк Сибирде түрк тилдүү калк жашаган, алар өздөрүн "кыргыздар" деп аташкан жана башка элдерге дагы ушул эле ат менен таанылышкан" деген тыянак чыгарган. Ал эми айрым окумуштуулар колдонуп жүргөн "байыркы хакастар" терминин Юлий Сергеевич "тарыхый жаңылыштыктын жыйынтыгы" деп адилеттүү баалаган [19].

Ошондуктан орто кылымдарга тийешелүү материалдарды баяндап жазууда же талдап көрсөтүүдө кыргыздар түзгөн мамлекетти – Кыргыз каганатын өзүнчө так ажыратып, кыргыздардын кол астында жүргөн "кыштымдар" менен чаташтырбоо керек. Себеби кыргыздарга баш ийип турган, тили жана этностук теги жагынан ар башка топторго кирген уруулар "кыштымдар"деп аталган.

Кыргыз таануунун эң бир проблемалуу бөлүгү болуп Енисей жана Теңир-Тоолук кыргыздарынын этностук жана этномаданий жалпылыктары тууралуу маселе эсептелет. Ю.С. Худяков Енисей кыргыздары менен Теңир-Тоолук кыргыздардын этногенетикалык, этномаданий жалпылыктары бир деген көз карашын илимий негизде далилдеп келген окумуштуулардын бири. Бул маселе боюнча окумуштуу бир катар эмгектерин жарыкка чыгарган. Бул

көз караштын айрым өңүттөрү мурда белгилүү окумуштуулар В. Радлов, В.В. Бартольд тарабынан айтылган. Аны А.Н. Бернштам дагы колдоого алган. Ал эми илимпоз Ө. Караев бул көз караштын жигердүү жактоочусу болгон. Биздин пикирибизче, Ю.С. Худяков ушул багыттагы эмгектеринде баса көрсөтүлгөндөй, кыргыздардын Енисейден Теңир-Тоого келиши эки этапта жүргөн деген божомолдун чындыкка жакындыгы бар. Атап айтканда кыргыздардын бир тобу Енисейден IX-X кк. Чыгыш Түркстанга жана Моңгол Алтайына көчүп келип, б.з.II миң жылдыгынын башталышында Енесейлик жана Чыгыш Түркстандык болуп ажырайт. Андан соң XV к. Чыгыш Түркстан кыргыздары Ички Теңир-Тоого жер оодарып келишет.

Белгилеп кетчү жагдай энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этногенетикалык байланыштары жөнүндөгү бул пикир жазуу булактарынын маалыматтарында далилге ээ болуп жатат.

Профессор Ю.С. Худяков илимий изденүүлөрүнүн басымдуу бөлүгү илимде байыркы доордон жаңы доорго чейинки кыргыздардын жана башка көчмөн элдердин аскер ишине, аскерлердин түзүлүшүнө, согуш жүргүзүү тактикасына, курал-жарактарынын жасалышы, түрлөрү жана согуш талаасында колдонулушу тууралуу ж.б. маселелерге арналган. Илимпоз кыргыздардын аскердик тарыхын тактоодо байыркы жана орто кылымдардагы жазма булактар, археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарын, тарых жана тил илимине байланыштуу илимий монографиялар менен катар калктын тарыхый эс-тутумунда сакталган фольклордук маалыматтарды кылдат пайдаланып, изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Тактап айтканда, кыргыз элинин аскер ишин жана курал-жарактарын изилдөөдө “Манас” эпосундагы маалыматтар менен шайкештигин салыштырат. Ю.С. Худяков кыргыздардын аскер өнөрүн жана курал-жарактарын гана изилдебестен археологиялык табылгалардын негизинде кыргыз жоокеринин орто кылымдардагы сөлөкөттөрүн жашаган доорлоруна жараша реконструкциялаган. Бул тарых жана кыргыз таануу илимдери үчүн үчүн өтө маанилүү.

Изилдөөнү жыйынтыктап жатып, төмөнкү тыянактар чыгарылды:

• Улам тереңдеген дүйнөлөшүү кырдаалында кыргыз таануу илимий тармактарынын азыркы жана келечекки өнүгүшү сөзсүз түрдө анын жалпы планеталык тарых жана гуманитардык илимдердин, жалпы чыгыш таануучулук, жалпы түркологиялык илимий көйгөйлөрдүн органикалык бир бөлүгү катары карала беришин шарттайт.

• Залкар илимпоз, археолог жана кыргыз таануучу Юлий Сергеевич Худяковдун ата-тегинин тарыхый жагдайларын иликтөө анын кулк-мүнөзү, башынан кечирген турмуштук сыноолор, айлана-чөйрөгө мамилеси, коомдогу макамына карата мамилеси, умтулуулары сыяктуу маселелерди ачып берүүгө өбөлгө түзөт.

• Ю.С.Худяков советтик археолог жана түркологдордун мыкты мектебин өздөштүрүп, постсоветтик доордо өз алдынча илимий мектеп курууга жетишкен ири окумуштуу катары иштиктүү эмгектенгендиги, анын эмгектерине карата оң сын пикирлер камтылган ири адабият аркылуу айгинеленет.

• Азыркы мезгилде байыркы жана орто кылымдарда кыргыздардын маданияты тараган аймактарды тактоо жана кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого жер которуу жолундагы кыргыз эстеликтерин табуу ишин улантуу зарыл. Бул үчүн археологиялык табылгалардан сырткары, этнографиялык, лингвистикалык, фольклордук булактарды да салыштырып изилдөө зарыл. Кыргыз таануу жаатындагы ургаалдуу маселелерди изилдөө кыргызстандык окумуштуулардын жана кыргыз тарыхы жана маданияты боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн башка өлкөлөрдүн илимий борборлорунун кызматташтыгы менен ишке ашырылуусу шарт.

• 1988-жылы сентябрда Кыргызстандын борборунда Бүткүл союздук V түркологиялык конференцияда Ю.С.Худяков сунуштаган Кыргыз таануу боюнча эл аралык комплекстүү программанын негизги идеялары дагы эле күчүн жогото элек, ошондуктан ал программаны жаңы шартка ылайыктап

жүзөгө ашыруу, эл аралык түркологиялык программанын иш-чараларынын бөлүгү катары ырааттуу колдоого алуу зарыл.

• Илимде белгилүү болгон бардык тарыхый даректерге ылайык, байыркы доордо жана орто кылымдарда Теңир-Тоодо, Алтайда жана Сибирдин түштүгүндө өздөрүн «кыргыз» деп атап, калган башка элдерге дал ушул ат менен гана таанылып, белгилүү болгон түрк тилдүү эл жашаган, деген Ю.С.Худяковдун бүтүмү башка кесиптештеринин колдоосуна ээ.

• Кыргыз элинин этногенезин изилдөөдө Ю.С.Худяков окумуштуулардын түрдүү пикирлерине анализ жүргүзүп, көөнө жана орто кылымдардагы кытай жылнаамаларынын, орто кылымдардагы мусулман булактарынын, кыргыздар менен түрктөрдүн руна сымал алфавиттеги жазма эстеликтеринин, соңку орто кылымдардагы жергиликтүү борбордк азиялык булактардын маалыматтарынын изилденүү деңгээлине көп көңүл бурган. Ю.С.Худяковдун кыргыз этногенезин иликтөөдө баалуу тыянактарды чыгарышына ар түрдүү булактардга калыс таянуусу негиз болгон.

• Кыргыз таануунун эң бир көйгөйлүү бөлүгү болуп Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук жана этномаданий жалпылыктары тууралуу маселе эсептелет. Ю.С.Худяков Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздардынын этногенетикалык, этномаданий жалпылыктары бир деген көз карашын илимий негизде далилдей алган илимпоз.

• Профессор Ю.С.Худяков кыргыздардын аскердик тарыхын тактоодо байыркы жана орто кылымдардагы жазма булактардын, археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарын, тарых жана тил илимине байланыштуу илимий монографиялар менен катар калктын тарыхый эс-тутумунда сакталган фольклордук маалыматтарды кылдат пайдаланып, изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

• Профессор Ю.С.Худяков кыргыз элинин аскер ишин жана курал-жарактарын изилдөөдө “Манас” эпосундагы маалыматтар менен археологиялык табылгаларды таасын салыштырып колдонгон. Ю.С.Худяков кыргыздардын аскер өнөрүн жана курал-жарактарын гана изилдебестен,

археологиялык табылгалардын негизинде кыргыз жоокеринин орто кылымдардагы сөлөкөттөрүн жашаган доорлоруна жараша реконструкциялаган. Бул ыкма – тарых жана кыргыз таануу илимдери үчүн өтө маанилүү.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Худяков таануу илимий тармакчасын кыргыз таануунун бир бөлүгү катары мындан ары тереңдетүү максатында Ю.С.Худяковдун илимий иликтөөлөрүнүн орчун натыйжаларын заманбап окуу китептеринде жана энциклопедиялык жыйнактарда ырааттуу чагылдыруу;

Ю.С.Худяковдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу даректүү видео тасмаларды даярдап, интернетте ачык жарыялоо;

Кыргызстан менен Орусиянын илимий чөйрөлөрү үчүн данакер болуп келген Ю.С.Худяковдун чыгармачыл өнөрканасын изилдөө боюнча орусиялык жана кыргызстандык көп жылдык биргелешкен илимий долбоорлорду сунуштоо жана жүзөгө ашыруу;

Сибирдеги кыргыз археологиясынын жетишкендиктерин Кыргызстанда кеңири маалымдоо үчүн орусиялык сибир таануучу археологдор менен ырааттуу биргелешкен семинарларды, шеринелерди Кыргызстандын университеттеринде, музейлеринде жана китепканаларында маал-маалы менен уюштуруп туруу;

Ю.С.Худяков 1988-жылдан тартып сунуш кылып келген комплекстүү кыргыз таануу программасынын долбоорлорун заманбап талаптарга ылайык жакшыртырп, тоуктап, өзгөртүп жүзөгө ашыруу сунушу менен “Мурас” фондуна жана Кыргызстандын Президентине караштуу Тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссияга кайрылуу;

Профессор Ю.С.Худяковдун ишмердигине байланыштуу атайын стенддерди уюштуруу сунушун Кыргызстандагы тарых жана чөлкөм таануу жаатындагы музейлерге жолдоо;

Профессор Ю.С.Худяковдун чыгармаларынын көп томдугун кыргыз тилинде жарыялоону каржылоо өтүнүчү менен Кыргызстандын Мамлекеттик тил комиссиясына кайрылуу; ж.б.

Ю.С.Худяковдун кыргыз тарыхы жаатындагы окуу куралдарын кыргыз тилинде жарыялоо; ж.у.с.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ

## I. Архивдик булактар


1. Материалы к Указу (распоряжению) Президента Кыргызской Республики от 06.05.2002 г. №106. Архив Президента Кыргызской Республики ф.1, оп. 1, д. 22-2, л. 1-35.
2. Материалы к Указу Президента Кыргызской Республики от 31 декабря 2016 г. №318. Архив Президента Кыргызской Республики ф.1, оп. 1, д. 309-318, л. 65-146.


## II. Негизги адабияттар


3. Абд Ар-Рашид ал-Бакуви. Китаб талхис ал-асар ва Аджа иб-малик ал каххар. М., 1971.
4. Абдиева Ж. Залкар кыргыз таануучу Ю. С. Худяковдун маарекесинде. // Көрүнүктүү кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак / Редколлегия: К.С.Молдокасымов (төрага); жооптуу ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: “Турар” басмасы, 2017. – 188 бет, сүрөт. – “Мурас” фонду. – “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБсы. – “Тарых жана мурас түрмөгү. – 15-18 б.
5. Абдыкалыков А. Енисейские киргизы в XVII веке. – Фрунзе, 1968.
6. Абдуманапов Р.А. Кипчакский компонент в этногенезе киргизов: АКД. – Томск, 2007.
7. Абрамзон С.М. Вопросы этногенеза киргизов по данным этнографии // Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. – Фрунзе, 1959. – Т.III. – 31 – 48-б.
8. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.- Л., 1971.
9. Абрамзон С.М. Черты военной организации и техники у киргизов (по историко-этнографическим данным и материалам эпоса «Манас») //

Труды Института языка, литературы и истории Киргизского филиала АН СССР. Фрунзе, 1944. Вып. 1. С. 167-180.

10. Абрамзон С.М. Этнографический альбом художника П.М. Кошарова (1857 г.) // Сборник музея антропологии и этнографии. 1953. Т. XIV. С. 147-167.
11. Абытов Б.К. Великодержавие кыргызов – «звездный час» их государственности. // Известия вузов, № 4, 2012. С. -212-216.
12. Ажыматов З. Кыргыз каганатынын тарыхы жана Юлий Худяков. // Көрүнүктүү кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак / Редколлегия: К.С.Молдокасымов (төрага); жооптуу ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: “Турар” басмасы, 2017. – 188 бет, сүрөт. – “Мурас” фонду. – “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБсы. – “Тарых жана мурас түрмөгү. – 18-21 б.
13. Айдаркул Каана Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Б.: 2002, - 352 с.
14. Акеров Т. Кыргызы: этногенез и история. – Бишкек, 2014/
15. Акунов А.А. Саясий тарыхтагы заманбап методологиялар жана жаңыча ыкмалар // Түрк Евразиясындагы жалпылык жана өзгөчөлүк: Түрктөрдүн заманбап жалпы жана чөлкөмдүк тарыхынын методологиясынын көйгөйлөрү: Эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындын материалдары жана башка макалалар / Жооптуу редактор Т.К.Чоротегин. – Бишкек: MaxPrint басмасы, 2015. – 310 бет, сүрөт. - “Мурас” фонду. - “Тарых жана мурас” түрмөгү. - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институту. - “Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси. — ISBN -978-9967-12-525-5. — 10–14-беттер.
16. Алексеев В.П. Хакасы, енисейские киргизы, киргизы // Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. / М., 1956. – Т.1. – 114 – 115-б.

17. Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в российской историографии второй половины XVIII- начало XXвв. – Б.: - 288 с.
18. Алымкожоев Ө.Ж. “Манас” эпосунда “кыргыз” этнониминин чагылдырылышы // Жусуп Мамай: Заманыбыздын залкар манасчысы: Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын чыгармачылыгына арналган илимий баяндамалардын жана макалалардын топтому. - Бишкек, “Maxprint” 2014. ISBN 978-9967-12-394-6. - 124-126-беттер.
19. Алымкожоев Ө.Ж. История кыргызов Саян-Алтая и Центральной Азии в исследованиях Ю.С.Худякова // Инновации в науке / Сб.ст. по материалам XLIX международ. науч.-практ. конфер. №9 (46). Новосибирск: Изд. АНС «СибАК», 2015. 162 с. ISSN 2308-6009. – С.43-48.
20. Алымкожоев Ө.Ж. Кыргыз тарыхына барандуу салым кошкон илимпоздор: Б.Я. Бутанаев жана Ю.С. Худяков // Энесайлык данакер этнограф: Хакас элинин чыгаан этнографы, тарых илимдеринин доктору, профессор Виктор Яковлевич (Астайбек) Бутанаевдин 70 жылдык маарекесине арналган жыйнак. - Бишкек, “Maxprint” 2016. – 374 б. ISBN 978-9967-12-553-7. - 44-48-беттер.
21. Алымкожоев Ө.Ж. Кыргыздардын курал-жарактарынын “Манас” эпосунда жана Ю. С. Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы // «Манас» жана кыргыз салты эл аралык илимий талкуу жыйындын жыйнагы. Үрүмчү, 24-октябрь 2015-ж., Шинжаң “Манас” изилдөө борборунун басылмалары-21, Ички материал-2. – 493-500-беттер.
22. Алымкожоев Ө.Ж. Орто кылымдардагы кыргыздардын аскер ишинин Ю.С.Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы // Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Кутту билим жана мамлекет: Карахандар доорунун залкар ойчулу жана акыны Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий тажрыйбалык жыйындагы

баяндамалардын жыйнагы: 2015-жылдын 18-19-сентябры, Бишкек ш.. – Бишкек: “Maxprint” басмаканасы, 2015. – 368 б. ISBN 978-9967-12-507-0. – 249-252-беттер.

23. Алымкожоев Ө.Ж. Изучение вооружения кыргызов и других кочевников южной сибири и центральной азии в средневековый период в трудах Ю.С. Худякова. // Материалы первого международного Алтаистического форума “Тюрко-монгольский мир большлго Алтая: историко-культурное наследие и современность”. Барнаул –Горно-Алтайск, 12-14 сентября 2019 г. – Барнаул: Изд-во Алт ун-та, 2019. – 396. – С. 73-75.
24. Алымкожоев Ө.Ж. Белгилүү кыргызтаануучу Ю.С. Худяковдун ишмердүүлүгүн жана анын эмгектерин чагылдырган булактар. // Тарыхчы жана публицист Тынчтыкбек Чоротегиндин (Чороевдин) 60 жылдык маарекесине арналган “Кыргыз таануу маселелери: Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин” аттуу эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындын материалдары. – 552 б. Б.:Турар, 2019. – 37-41-б.
25. Алымкожоев Ө.Ж. Монгол дорундагы кыргыздардын аскер ишинин Ю.С. Худяковдун эмгектеринде изилдениши. // Актуальные научные исследования в современном мире // Журнал - Переяслав, 2020. - Вып. 1(57), ч. 3 – 130 с. – С. 78-82.
26. Алымкожоев Ө.Ж. Вклад профессора Ю.С.Худякова в изучение кыргызоведения. // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. №1 (21). 2020. – с. 5-8..
27. Алымкожоев Ө.Ж. Улуу кыргыз дөөлөтү дорундагы кыргыздардын аскер ишинин жана курал-жарактарынын Ю. С. Худяковдун эмгектеринде изилдениши. // Актуальные научные исследования в современном мире // Журнал - Переяслав, 2020. - Вып. 1(57), ч. 3 – 130 с. – С. 71-78.
28. Алымкожоев Ө.Ж., Чороев (Чоротегин) Т.К.Юлий Геккер: Жизнь мыслителя и педагога, оборванная в годы сталинских чисток. //

*Universum Humanitarium*. 2021; (1):116-132. https://doi.org/10.25205/2499-9997-2021-1-116-132

29. Алымкожоев Ө.Ж. Ю. С. Худяковдун кыргыз айдыңдары менен кызматташтыгы жана Кыргызстанга кадр даярдоодогу көмөгү // Арноо. Көрүнүктүү кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак. – Бишкек: “Турар”, 2017. – 188 б. ISBN 978-9967-15-703-3. - 26-32-беттер.
30. Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С. Худяковдун Кыргызстан жаш тарыхчылар жамааты менен чыгармачылык байланыштары // “Кыргызстан” Демократиялык Кыймылы: Эгемендик менен демократия үчүн күрөштүн башаты: Кыргызстандагы демократиялык кыймылдын карлыгачтары – КДКнын 25 жылдыгына арналган макалалар жыйнагы. Бишкек, “Maxprint” 2015. – 166. ISBN 978-9967-12-487-5. - 25-27-беттер.
31. Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С. Худяковдун эмгектеринде атчан аскерлердин чагылдырылышы // Жусуп Мамай жана кыргыз элинин манасчылык салты: Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын (1918-2014) элесине арналган Үчүнчү эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйын. Жалал-Абат мамлекеттик университети. 22-24.05.2016. Баяндамалар жана макалалар жыйнагы. - Бишкек, “Maxprint” 2016. – 396 б. ISBN 978-9967-12-567-4. 260-264-беттер.
32. Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С. Худяковдун эмгектеринде кыргыздардын этностук тарыхынын изилдениши. “Кызласовдук жоромолду” четке кагуу. // Материалы VI международной научно-практической конференции по истории и культуре Кыргызского и Тюркских каганатов на тему: «Наука, нравственность и вера наших отцов». Конференция посвящается 940-летию словаря «Дивану лугати т-турк» Махмуда Кашкари Барскани, великого мыслителя, тюрколога и этнографа эпохи Караханидов. - Научно-педагогический журнал «Билим жана тарбия» Восточного университета им. Махмуда Кашгари-Барскани. 3[24], 2017. ISSN 1694-5468 – Бишкек, 2017. - 139-141-беттер.

33. Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С.Худяков: О происхождении кыргызов // Актуальные научные исследования в современном мире: материалы Международной научно-практической интернет-конференции, 13-14 июня 2015г.,Переяслав-Хмельницский.//Сб. науч.тр. – Переяслав-Хмельницкий, 2015 - Вып. 1, ч.1. – 175 с. – С. 3-6.
34. Алымкожоев Ө.Ж. Кыргыз жоокеринин соңку орто кылымдардагы курал-жарагы // Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору. Кыргыз Республикасынын Баатыры, манасчы Жусуп Мамайдын чыгармачыл мурасына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйын. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек ш., 14.04.2017. Баяндамалар жана макалалар жыйнагы - Б., “Maxprint” 2017. -470 б. ISBN 978-9967-32-227-1. - 102-105-беттер.
35. Алымкожоев Ө.Ж. Кыргыздардын аскер ишинин Ю.С. Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы (IX-X кк.) // Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Көөнөрбөс издер: III эл аралык илимий тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы: 2014-жылдын 18-21-сентябры, Ысык-Көл. – Бишкек: “Maxprint” басмаканасы, 2014. ISBN 978-9967-12-423-3. – 286-289-беттер.
36. Алымкожоев Ө.Ж. Ю. С. Худяковдун бала чагы жана студент кезинде илимий көз карашынын калыптанышы // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы 2013. Выпуск 4. - Бишкек: Ж. Баласагын атындагы КУУ “Университет”, 2013. – 338бет. ISBN 9967-21533X. 65-68-беттер.
37. Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С. Худяковдун эмгектеринде Улуу Кыргыз дөөлөтү доорунун чагылдырылышы // Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында: Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II эл аралык илимий жыйындагы баяндамалардын жыйнагы: 2013-жылдын 15-16-ноябры, Бишкек ш.. – Бишкек: “Maxprint” басмаканасы, 2014. ISBN 978-9967-12-424-0. – 228-230-беттер.

38. Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С. Худяковдун эмгектерине Өмүркул Караевдин көз карашы // Кыргыздын туңгуч чыгыш таануучусу, профессор Өмүркул Караевге (1930-2002) 85 жыл: (Макалалар топтому). – Бишкек: “Maxprint” басмаканасы, 2015. – 186 б. ISBN 978-9967-12-514-8. – 11-14-беттер.
39. Арзыматов А. Из истории политических отношений енисейских киргизов с Россией в XVIII в. – первой половине XIX в. – Фрунзе, 1966.
40. Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности // Живая старина. -1896. – Вып. III-IV.
41. Аристов Н.А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен / Ответственный редактор-составитель и автор предисловия - академик В.М. Плоских. В подготовке книги к изданию принимали участие акад., д.филос.н., проф. А.Ч.Какеев, чл.-корр., д.и.н., проф. Д.Д.Джунушалиев, к.и.н., доцент КРСУ В.А.Воропаева и научный сотрудник НАН КР В.Я.Галицкий.. - Бишкек: Илим, 2003. - 460 с. - ISBN-5-8355-1297-X.
42. Арноо. Arnoo. ارنوو :Көрүнүктүү кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак / Редколлегия: К.С.Молдокасымов (төрага); жооптуу ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: «Турар» басмасы, 2017. – 188 бет, сүрөт. – «Мурас» фонду. – «Кыргыз Тарых Коому» ЭКБсы. – «Тарых жана мурас» түрмөгү. [Rus: Посвящение (Арноо): Научный сборник, посвященный 70-летнему юбилею видного кыргызоведа, профессора Юлия Сергеевича Худякова / Редколлегия: К.С.Молдокасымов (председатель), и др.; отв. ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: Изд-во «Турар», 2017. – 188 с., илл. – Общ. Фонд “Мурас” при Аппарате Президента Кыргызской Республики. – МОО «Кыргыз Тарых Коому». – Серия “История и наследие”.]
43. Асанканов А. Энесай кыргыздарынын аскер куралдары жана тарыхы: (профессор Ю.С. Худяков жөнүндө). // Көрүнүктүү кыргыз таануучу,

профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак / Редколлегия: К.С.Молдокасымов (төрага); жооптуу ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: “Турар” басмасы, 2017. – 188 бет, сүрөт. – “Мурас” фонду. – “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБсы. – “Тарых жана мурас түрмөгү. – 21-24 б.

44. Афанасьева Е.В., Ельцова С.Л. Скобелев С.Г. Поздние археологические памятники Енисея. // Древние памятники Северной Азии и их охранные раскопки. – Новосибирск, 1988. –С. 138-139.
45. Бактыгулов Ж.С. Историография дореволюционного Киргизстана. Учебно-методическое пособие. Фрунзе, 1988.
46. Бактыгулов Дж. Формирование кыргызского народа // Кыргызы. Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. – Бишкек: Кыргызстан, 1996. – С. 164 – 179.
47. Барт М.А. Категории и методы исторической науки. – М., 1984.
48. Бартольд В.В. Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии. // Сочинения. –М., 1969. – Т.5.
49. Бартольд В.В. Киргизы. Исторический очерк // Сочинения. –М.: Вост. Лит-ра, 1963. Т.II. – Ч.I. – С. 471-543.
50. Бартольд В.В. Киргизы: Исторический очерк. - Фрунзе,1927.
51. Бахрушин С.В. Енисейские киргизы в 17 в. // Научные труды. – М., 1955. – Т.3. – Ч.2. – С.176-224.
